
Скырг
А50

Разия Алимова

# САКТАЛГАН УЯ



Токтогул
Сатылганов.
атындагы китепк...
менден белек
Автор: Разия А.
озуу-80-

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач ________

13.11.25. №246

25000

Формуляр книги

487784
...нова Р.
...ня

аб.

Скырг
А 50

Разия Алимова

# САКТАЛГАН УЯ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487784

Бишкек – 2024

УДК 821.512.154–3
ББК 84 (5Кир)–44
А 50

**Алимова, Разия**

А 50 Сакталган уя: аңгемелер. – Б.: «Кырсекон», 2024. – 138 б.

ISBN 978–9967–9528–4–3

Бул китептеги аңгемелеринде автор турмуштан алынган ар түрдүү сабак болорлук окуяларды баяндайт. Жалпы окурмандарга арналат.

УДК 821. 512.154–3
ББК 84 (5Кир)–44

ISBN 978–9967–9528–4–3
© Алимова Р., 2024

## БАШ СӨЗ

"Көздүү мончок жерде калбайт" деген сыңары, талант да эч качан дат басып жата бербейт. Ал мезгилин күтөт. Бирде болбосо бирде, бир жерден ачылат. Өз белгисин билдирет, өз дараметин көрсөтпөй койбойт. Бирок аны таптоо керек. Талантты күлүк атка салыштырсак, аны алып жүрүүчү ээси — саяпкери. Саяпкердин аракетине жараша күлүктүн таскагы чыгат. Талант ээси да өзүнүн шык-жөндөмүнө канчалык кам көрүп, билимин тереңдетип, талыкпай эмгектенип изденсе, анын таланты да ошончолук ачылат, жемишин берет.

Талантуу эжекебиз Разия Алимованын чыгармачылыгын буга чейин поэзия жанрында таанып келген болсок, бул ирээт өзүн прозада да сынап көрүүнү чечиптир. Тагыраагы этюд, аңгемелерин бир жыйнакка топтоп, окурмандарга сунуштап жаткан кези. Чыгарманын анык баасын албетте окурмандар чечери бышык, ал эми биз көзгө урунган, назарга илинген айрым жерлерин азыноолак болсо да кеп кыла кетели.

Автордун кайсыл гана чыгармасын алба аларда аймактык өзгөчөлүк жатат. Диалогдордо болобу, пейзаждык сүрөттөмөлөрдө болобу же, автордук баяндамалардабы, айтор, бардык тарабында чөлкөмдүн колорити сакталып турат. Бул албетте, чыгармадагы окуялар нагыз турмуштан алынгандыгы жана автордун да ал аймакты беш колундай билгендиги. Ошондуктан чыгармалар окурманды кадимкидей өзүнө тартат. Ашыкча сөзү, жадатма сүрөттөмөлөрү жок, окуялар пафостук сызыгынан чыкпай, өз ыраатын бузбастан улам кызыктырып жүрүп отурат.

Албетте, жогоруда белгилеп өткөндөй бул китеп автордун кара сөздөгү "тырмак алды" чыгармаларынан болуп жаткандан кийин сөзсүз түрдө баары эле сыдыргыга салгандай текши сонун жазылган дегенден алыспыз. Таланттын күчү өз ишин жасады. Жакшы тематикаларды таап чыкты. Аларды ачып берүүдөгү автордун далалаты өзүн актаган менен айрым аңгемелери окуя тизмегинен өтө алган эмес. Аларга "Жалгыз кептер", "Энесай элестери" сыяктуу чыгармаларды киргизсек болот. Ал эми "Талкаланган тагдыр", "Сакталган уя" жана "Өмүр күрөшү" аңгемелери кыйла чыйрак жазылып окурмандарды өз жетегинен чыгарбай, ойго салбай койбойт. "Ай нуруна тигилген көздөр" менен "Суугa агылган сүйүү" турмуштун трагедиялуу жактарын чагылдырып, окурман журтчулугун кейипкерлер менен кошо кадимкидей кайгылуу абалда кармайт. Дегеним, жыйнакка кирген башка аңгемелер да, жалпы окурмандарды кайдыгер калтырбай, кызыктуу курч окуялар менен коштолгон.

Азыркы учурда жазмакерлердин саны арбын. Чыккан китептер андан көп. Айрыкча "Поэзия" жанрында, жаза алганы деле, жаза албай эки сөздүн аягына уйкаштык курап алып эле, тар чөйрөдө акын-жазмакер атанып кеткендерден баш адашат. Илгери Кетмен-Төбөдө кайсыл бир аш-тойдо жамыраган көп акындарды карап отурган бирөө "Саламчы акын толуптур, Самандан арзан болуптур. Тилемчи акын толуптур, Текейден арзан болуптур" деген тура. Анын сыңары бүгүнкү күндө да ошол төрт сап ыр өз баасын жогото элек, кайра күчөгөн. Ушундай учурда жакшы китеп жазып, окурмандардын назарына илинип, топтон суурулуп чыгуу кыйын. Анүчүн чыгармачылыктын ары машакаттуу, ары ырахаттуу дүйнөсүнө сүңгүп, талыкпастан издене

билген инсандар гана эмгек үзүрүн элге сыймыктуу көрсөтө алат. Андан соң эл өз баасын татыктуу ыйгарат. Учурдагы жазмакерликти аркалагандардын көбүнүн тагдыры эки күндүк уу-дуу менен бүтөт. Китеп окурмандарынын табияты бузулган ушундай оор учурда алардын табитин таба билген чыгарма жаратуу чыныгы талант ээсинин гана колунан келчү иш. Разия Алимова эжеке да, ошондой тоскоолдуктарга карабастан калем учунан жаралган өз чыгармаларын көпчүлүктүн сынына койду. Мен да, бул чыгармаларды окуп чыккан соң, пикиримди төмөндөгүчө жалпылоо жолу менен жыйынтыктоону эп көрдүм. Колуңуздардагы бул жыйнак адабий багыттагы окумал китептердин катарын толуктай алат деген ишенимдемин. Тыянак сөзүмдө бул китеп автордун шыгына-шык, демине-дем кошуп эмки жаралуучу чыгармаларынын башаты гана болсун деген изги ниетимди билдиргим келет.

*АЛМАЗБЕК КОЗУБАЕВ*

## АК ЖОЛ САГА – РАЗИЯ!

Алимова Разияны жакындан билем деп айта алам. Жакындан таанышканыбызга беш жылдай болсо деле экөөбүздү чыгармачылык сырдаш, калемдеш катары өтө жакын болуп кеттик. Анткени, экөөбүздү чыгармачылык жакындатып, турмуштун оң-солун бирдей түшүнгөн, мезгилдин агымында ыр жазуунун түйшүгүн чогуу сезип, бири-бирибиздин оюбузду, сөзүбүздү айттырбай түшүнгөн тилектеш, жүрөктөш курбуга айландырды.

Разия бала кезинен ыр жазып жүргөндүктөнбү, анын ыр жазуудагы аракети кыйла өйдөлөп калганы байкалат. Ыр саптарындагы айтайын деген ойлору, ыргактары куюлушуп, уйкашып, түрмөктөлүп, окуган адамдын жүрөк кылын дирилдетип, ырахатка бөлөйт. Разия ыр жазып гана чектелбестен, акыркы жылдары кара сөз, проза жанрына да аралашууга бел байлаган кези. Прозадагы дарамети да ыр жазуудагы ой-чабыттарына шайкеш келип, кандайдыр жүрөккө жагымдуу сезимди берет. Аңгемелерин окуп жатып бирде кубанычка бөлөнсөң, бирде кайгыртып, каармандар менен аралашып жүргөндөй, турмуш түйшүгүн бирге тарткандай болосуң. “Сакталган уя”, “Талкаланган тагдыр”, Өчпөгөн сезим” сыяктуу көлөмдүү аңгемелери жана “Атамдын портрети”, “Жолугушуу” аттуу кыска чыгармасын окуган сайын кызыгына батырып, окуяга аралашып жүргөндөй окурмандарды кайдигер калтырбайт деген ойдомун. Чыгармалары турмуштун бирде таттуу, бирде ушунчалык ачуу даамын сездирип, кара сөздү кынаптап жазган жазмакердин чеберчилиги агийнелеп турат. Эч кандай жасалмалуулугу жок, турмуш чындыгын сүрөттөй алган. Проза жанрында, же болбосо адабият майданында өз ордун табуу үчүн ар бир жазмакер тынымсыз изденүүнүн

жолунда болуусу абзел. Андыктан да Разия өз ордун табуу үчүн дагы да ашуу ашып, тынымсыз окуп, өзүн-өзү өнүктүрөт деген ойдомун. Көркөм адабиятта сөздөгү чеберчиликти, сөз байланышы же сөз айкашынын тууралыгы, сүрөттөөдөгү, ой-жүгүртүүдөгү тыкандыкты талап кылат. Кара сөз жазуу үчүн ар бир жазмакер сүрөтчү, кыялкеч, ырчы, керек болсо артист да болуусу зарыл.

Разия Алимова биздин “Илегилек назымдары бирикмесине кошулганына беш жылдын жүзү болду. Ал өзүнүн аракетчилдигин, боорукерлигин, калыстыгын көрсөтө алды. Анын чечкиндүүлүгү баарыбызга жагат. Колунан келсе топтогу жаштарга жардам берип, акыл-насаат сөздөрүн айтып турат. Жакында эле “Өмүр күзү” аттуу ырлар жыйнагы жарыкка чыгып, өзү да, биз, топтогулар да кубанычка бөлөндүк. Разиянын тили жөнөкөй, сөздү көркүнө чыгара билүүгө аракет кылганы байкалып турат. Жаңыдан гана кара сөзгө кадам таштаган айымыбызга ак тилектерди каалап кетем. Жогоруда айтылгандай “Аракет кылсаң берекет” дегендей, аракет кылса дагы да мазмундуу, элге жугумдуу чыгармаларды жаратат деген ишенимдебиз.

Азырынча Разияга ак жол каалоо менен, чыгармачылык ийгилик демекчибиз! АК ЖОЛ САГА – РАЗИЯ!

***Садыкова Айсулуу Саатовна***

*“Илегилек назымдары” адабий бирикмесинин жетекчиси. Улуттук жазуучулар бирикмесинин мүчөсү.*

## САКТАЛГАН УЯ

Зымыраган чоң жолдор. Мындан 8-9 жыл мурда ушул жолдор таштак эле. Азыр болсо асфальтталып, тасмадай тегиз жолдорго айланды. Мурда каттамдар аз, жол начар болгондуктан көп кыйынчылыктарды жаратчу. Эми жол оңдолгону каттамдар көбөйүп, тынбай машиналар өтүп турат.

Катыраң-Исфана багытындагы кичи автобусту күтүп, Тогуз-булак айылынан чыккан элек. Эл көп, баары эле бүтпөгөн тиричиликтин убарасы менен кайдадыр жөнөшкөндөр. Учу-кыйырына көз жетпеген тегиз жолдо баратып, эмне деген ойлорго кармаласың. Жол жээгинде коён томук, шыбактарды карап, бул чөптөрдүн ден соолукка пайдасы бар экенин ата-бабалардан укканымды эстеп баратам. Андан ары арпа, буудай, беде эгилген кең талаа жайкалып жатат. Тээ алыстан Алтын-Бешик тоосу көзгө урунат. Карап турсам өзгөчө сулуулук, өзгөчө коздук делебемди козгоп, өзүмчө толкунданам. Алтын-Бешик тоосунун чокусу ак элечек кийген апалардай, ак карды чулганып, көзгө сүйкүм. Ылдый жагында жашыл арчалар, карагайлар бойлорун керип, өзүнчө керемет.

Кагылайын Ата Журтум, киндик каным тамган жер! Ушул керемет жерде туулуп-өскөнүмө сыймыктанам, мактанам, жаратканга миң мертебе шүгүр кылам. Туулган жерге канча мактоо айтсам да аздык кылар.

### АТА ЖУРТУМ СЫЙМЫГЫМСЫҢ

Ата Журтум ыйык, ысык кут толгон,
Кубанамын көөдөн толо суктана.

Сыймыгымсың эч нерсеге теңегис,
Кылымдаган тарыхың бар куп гана.

Айтып бүткүс ыйыгым, тоо, белесиң,
Сага эркелеп, чыгат менин кылыгым.
Даңгазалайм, ата Журтум, мекеним,
Балтыр бешик кезден бери тыңыдым.

Мелмилдеген Айкөл тунук көлүңдүн,
Айтып бүткүс сулуулугу керемет.
Көз чагылтып, түнкүсун да суктанып,
Чалкып жатат ай нуруна мемиреп – деп жазылган ырымды ичимен кайталап бараттым. Чубалжыган ойлор менен алектенип, ар кандай кыялдарга жетеленип, мелжиген талаадан көз албайм. Ошентип тез эле Кара-Булак айылына жетип келдик. Аялдамадан арык, кара тору бир жигит автобуска чыкты да, бош орунга отурду. Көрүнүшүнөн өтө жөнөкөй, жупуну, адамгерчиликтүү экени байкалып турду. Отурар замат эле амандашып, анан элди бир сыйра кыдырата карап алды. Автобуста ары-бери термелип, ошол жигиттин сөзүнө кулак түрүп бараттым. Башынан өткөн күндөрүн айтып жатты. Анын айткандарын кулагым менен угуп, көкүрөгүмө сактап алып жаттым. Анда эмесе сөз башынан болсун.

Мен кичине кезимден эле жупуну турмушта жашадым, атам мал менен тиричилик кылчу, мен да атама кошулуп, көп нерселерди үйрөндүм. Айтор малды кантип багат. Кантип карайт, баарын билип алдым. Короо жайыбыз Таш-Кыянын берки бетинде эле. Ал жерди "Күнгөй" деп коёр эле. Мурда атам барында кышкысын Күнгөйдө болуп, жазда Төө-Жайлоого көчүп чыкчубуз. Балалыгым ат үстүндө өттү десем да болот. Ата-энем айылга ат менен кыдырып

келүшчү. Алар кеткенде, мен малды жалгыз эле өзүм жайгара берер элем. Мал көп болгондуктан эт, май, айран, сүт, каймак, курут, кыскасы баары өзүбүздөн чыгат. Ашыкчасын энем айылга барып, сатып келчү. Мен болсо такыр шаарга барган эмесмин. Жада калса эгиндерди да өзүбүз эгип, ат менен майдалап, тазалап алар элек. Тазаланган буудайды атам экөөбүз тегирменге тартып ун чыгарабыз. Менин жумушум малды кайтаруу, кечинде айдап келип, атам менен энеме жардам берүү. Менин үлүшүмө тиешелүү минген атым бар. Анын сырын мен өтө жакшы билем. Убагында жемин берип, сугарып, тарап, тазалап караймын. Ат менен жүрүп мектепти да аяктагам. Бирок сабакты калтырган күндөрүм абдан көп болгон. Менден улуу эки агам өз турмуштары менен алектенип, алыскы Орусияга кетишкен. Эжекем да өз турмушу менен убара.

Энем өтө иш билги, колунан баары келген эмгекчил, акылдуу аял. Ошондуктан атам да, мен да энемдин айтканын жасачубуз. Атам мага окшоп өтө эле жөнөкөй, жоош болчу. Үйдө энем эмне десе ошол аткарылыш керек болчу.

Бир күнү чай ичип отуруп, энем сөз баштап калды. Энемдин айткан сөзүнө атам күрс-күрс жөтөлүп, ынанып калды.

– Балам сен чоң жигит болуп калдың, үйлөнүп, өзүңчө бүлө күтүп, түтүн булатсаң дейбиз. Мен да, атаң да минтип карып да калдык, – деди энем. Ичимден али турмушка даяр эместигимди айткым келип турсам да, энемдин сөзүнө каршы чыга албай, унчукпай калдым. Мен унчукпай калгандыктан энем:

– Мен башка айылдан бир кызды көрдүм. Өңдүү-түстүү жакшы, жөнөкөй үй-бүлөдө чоңойгон кыз экен. Ошол кызга

жолугуп. Бир сүйлөшүп көр, анан мен ата-энесине барайын, – деди.

Өмүрү кыздарга сүйлөбөгөн жаным ичимен "Кантем" деп, айлам куруй түштү. Бирок баш тартканга, көнбөскө аргам жок. Арадан бир аз күн өтпөй энем: "Балам баягы кызга жолукпайсыңбы?" – деп калды. Көпкө ойлонуп, акыры атымды токуп, энемдин айтуусу боюнча айтылган дарекке жөнөдүм. Алардын үйү суунун боюнда болгондуктан, анын сууга чыгышын күттүм. Мен келгенге чейин энем да кыздын ата-энеси менен таанышып кеткен экен. Бир убакта эки чакасын көтөрүп, баякы энем айткан кыз чыкты. Кыз дарыядан суу алып кайтарда шашкалактап, "Бермет" деп жибергенимди билбей калдым. Кыз таң кала чакасын коюп, мени карап калды. Мен аттан түшүп, атымды отко койдум да анын жанына басып келдим.

– Бермет, таанышып албайлыбы? – деп колумду сундум. Андан ары эмне дээримди билбей делдиреп турдум. Кыз уялыңкы колун сунду. Мен өз атымды буйдалып жатып араң айттым. Сөзүм оозуман түшүп, бир нече мүнөт сүйлөбөй туруп калдым. Экөөбүз дарыянын боюнда бир аз отурдук. Өзүм жөнүндө кыскача араңдан зорго калтырап атып айтып бердим. Бермет тыпылдаган шайыр кыз экенин сүйлөгөнүнөн байкадым. Ал улам таш алып дарыяга ыргытып коёт. Жарытылуу сүйлөшө да албадым. Унчукпай турганыман тажадыбы, Бермет чакаларын көтөрүп, кетүүгө камынды. Мен атымды жетелеп бир аз бастым да:

– Макул Бермет, дагы жолугабыз, – демиш болдум. Бермет жылмайып коюп, үйүн көздөй басып кетти. Атыма миндим да, үйгө келдим. Келерим менен эле энем астыман утурлап чыкты.

– Эмне болду балам, жолуктуңбу, кыз жактыбы? Чыйрак, өзүнө тың кыз деген эле – деп энем менден жооп күттү. Мен унчукпадым. Энем кайра сурады.

– Эне жолуктум, сиз эмне десеңиз ошол болот да, – деп ары басып кеттим.

– Ырас болбодубу, анда мен камданайын. Тиги Салия кошуна менен да сүйлөшөйүн – деп кубанып жатты. Салия эже биздин кошунабыз эле. Ал энемдин ишенген жакын адамы болчу. Эмне жумуш кылса, экөө биригип алып, кеңешип жасай турган. Арадан бир жума өтпөй Күнгөйдөн Салия эжени чакыртып, Тойдун камы жөнүндө бир топко пикир алышты. Алар Берметтин ата-энесине барып сүйлөшүп, келинди той жок эле, эртерээк киргизип алууга да көндүрүштү. Ошентип менин үйлөнө турган күнүмө карата даярдыктар жүрө баштады. Келинди алып келерде машина сүйлөшүшүп, даярдалган себеттерди салып, бириң эки туугандарды чакыртып жөнөп калышты. Энем мени да көп иштерге жумшап, жанымды тындырган жок. Мен бул даярдыктардан улам, “Бермет макул болгон экен го” деп ойлоп калдым. Ошентип менин тагдырымды энем чечип койду. Мына ушинтип. Ойлобогон жерден үйлөнүп, турмуштун түйшүгүн мойнума илдим. Бирок мен “Бермет биздин ушундай жөнөкөй жашообузга кантип көнөр экен” деген ойлорду ойлой берчү болдум. Өзүм да ага акырындык менен көп нерсени үйрөтө баштадым. Кичинекей бир жоош атыбыз болор эле. Ошого Берметти отургузуп, Күнгөйгө уй сааганга алып барам күн сайын. Уй саганды да үйрөтө баштадым. Кечинде үйгө кайтабыз. Негизи төрт-беш уйдун сүтүн тартып, каймагын алып, аны май кылабыз. Айранын сүзмө кылып, курут жаябыз. Алынган майларды энем экөө карынга салышат. Жерден ороо казып, ошол жерге карынды, каймакты сактачубуз. Күнгөй менен Кара-Булакка

жеткенче эгин талаанын ортосундагы чыйыр жол менен каттайбыз. Кээде экөөбүз аттан түшүп, эгин аралап, кубалашып ойноп да кетебиз. Кантсе да жаштык тура. Байкуш Бермет биздин баардык түйшүгүбүзгө көндү. Ал аябай эле жөнөкөй, жароокер жан экен. Ошентип жашообуз өз нугунда өтүп жаткан. Бир күнү эле энем мени чакырып:

– Ээ балам, ушу аялыңдын кылган иштери такыр мага жакпай калды. Тамакты да жакшы жасай албайт, – дебеспи. Жашоого эми эле көнүп бара жатпайбы, акырындап баарын үйрөнөт да деп ичимен кайталадым. Бирок, мен энеме эч нерсе дей албадым. Кызык, энем өзү жактырып алып берип, эми неге жактырбай жатат? Эмне болуп кетти? Эч нерсеге түшүнө албай жүрдүм. Келинчегиме эч нерсе айткан жокмун. Күндөгүдөй эле жумушту эртерээк бүтүрүп келели деп шашат. Энем айтканынан кайтпаган адам экенин жакшы билем, эми эмне болор экен деген таризде өзүмчө ойго батам. Бермет билсе эмне дээр экен деп, билдирбеске аракет кылам, аны карап туруп аяп кетем. Анткени бул да бирөөнүн жакшы көргөн баласы.

Ошентип жүргөн мезгилде атам катуу ооруп, капыстан көз жумду. Мен атама кудайга ишенгендей ишенчүмүн, мага бул жоготуу абдан катуу таасир берди. Мен үчүн оор жоготуу болгонун өзүмдөн башка ким сезмек эле. Күн сайын конок тосуу менен болуп, уйларды кошуналарга табыштап койдук. Атамдан айрылып көпкө чейин жан дүйнөм эңшерилип, өтө кыйналдым. Атамдын кайгысы бир жактан, анан эле энемдин келинчегимди жамандаганы жаныма батып жүрдү. Бермет жумушту жай жасаса да орду менен жасайт. Аны мен энеме айта албайм. Энем баары бир өзүнүкүн бербеген аял. Туугандарыма айтсам, "Кандай болсо да, энеңдин тилин тап" демиш болушуп кетип калышты. Берметтин такыр сөз кайтарганын уга элекмин,

унчукпай жумушун жасайт. Аны аяп, эмне кылаарымды билбей айлам куруду. “Кантип энемди ийге келтирем, экөөнүн ынтымагын кантип чыңдайм, эмне кылам?” деген суроолор мээмди жейт. Келинчегиме: “ Энемдин сөзүн эки кылбай ойдогудай аткаруу керек” – деп, өзүм кошо жумушун жасашам. Мындай жашоого балким башка кыз болгондо чыдайт беле, жок беле?. Же, астымда минген машинем болбосо, же байлыгым болбосо, элдикиндей заңгыраган үйүм болбосо. Жөнөкөй жупуну жашоодо өмүр сүрүп келебиз. Канчалык аракет кылган сайын энем кайра күчөп, келинине ачык эле киришкенин баштады. Үйүбүздүн тынчтыгы бузула берди.

– Балам, бул келинди кетирбесең болбойт. Деги бир жумуштарга жетише албайт. Алып бар да ата-энесине тапшыр.

– Эне, биз Күнгөйгө эле кетели, ошол жерде жумуштарды жасай берели, – дедим.

– Мунуңду кетир, бул сени эч качан байытпайт. Кыймылы жай, жумуштар бүтпөй калып жатпайбы! – деп энем кыйкырды. Баарын Бермет угуп туруптур. Эшиктен кирсем түйүнчөктөрүн түйүп, Бермет жыйналып жатыптыр. Мен эч нерсе дей албадым. Унчукпай Берметтин буюмдарын атка жүктөдүм да: ,

– Макул эне, ата-энесине жеткирип келем, – деп Берметти учкаштырып жөнөп кеттим. Энем өзүнчө сүйүнгөн боюнча кала берди. Өз ичимен бир амалды ойлоп бараттым. Бермет менден мындайды күткөн эмеспи, байкуш көз жашын кылгыртып, унчукпай келе жатты. Биз эгин талааны аралап Күнгөй тарапка жөнөдүк. Муну байкаган Бермет:

– Мени кайда алып бара жатасың? Мени ата-энеме тапшырып кел! – деп тултуңдады. Башымды түркүн ойлор

жеп баратты. Муну кетирип, дагы биреөнүн кызын алам. Эгер ал да энеме жакпай калса эмне кылам? Жок, мен Берметти кетирбейм. Уямды сактап калышым керек. Бирок кантип? Ушул суроолор менен алектенип, Күнгөйгө кантип жетип келгенибизди сезбей калдык. Бермет да өз ою менен алпурушуп жатты. Унчукпай аттан түштүк. Уйларды сааганга киришип кеттик. Жумуштун баары бүткөнчө унчукпай иштердин баарын жасап журдук. Баарын жайгарган соң Берметти чакырып:

– Бермет – дедим үнүмдү бийик чыгарып.

– Эмне? –деп чочуп кетти Бермет.

– Бүгүн ушул жерде түнөйбүз, – дедим.

– Энем урушат, билип калса. Мени кетти деп, сенин үйгө келишиңди күтөт да. Энеме не деп жооп бересиң? – деп мени карай жалооруду.

– Жок, сени эч кайда кетирбейм. Жумуштарды бүтүрүп алып, анан Таш-Кыяга барабыз.

– Неге? Ал жакта эмне кылабыз? Мен ошондо Берметтин ушунчалык жөнөкөй, куулугу жок экенине дагы бир жолу ынандым. “Анан айтам” деген бойдон унчуккан жокмун. Ал күнү уйларды эртерээк саап, жумуштарды бүтүрүп, малды да жайгаштырдык. Экөөбүз Таш-Кыяны көздөй жол алдык. Жолдо келе жатып эң бийик таштын үстүнө келип отурдук. Ал жерде каш карайганга чейин сүйлөштүк. Ал жакта үч-төрт үй өз тиричиликтери менен убара. Түндүн керемети кандай сонун! Тээ алыстан айыл да көрүнүп турат, чырактары жылтылдап. Экөөбүз таш түбүнөн чыгып жаткан булактан суу ичип, бири-бирибизге чачып ойноп да кеттик. Канчалык ойноп, Берметти аяп, анын көңүлүн алганым менен энеме не дээримди ойлоп, айлам куруйт. Таш-кыяда биздин да чатырыбыз боло турган. Биз ошол чатырыбызга келдик. Экөөбүз көпкө чейин өз

ойлорубуз менен алпурушуп, уктай албай ойдолоктойбуз. Чатырдагы бүлбүлдөп жанган шам чыракты карап:

– Ушул чырактын жарыгы жалп этип өчкөндөй, биздин жашообуз да өчүп калбаса экен, – деген ойлорго чөмүлдүм. Бир убакка чейин уктабай жатып, чыракты өчүрдүм. Сырттан буркураган чөптүн жыты келип турду. "Бермет экөөбүздүн акыркы түнүбүз болуп жүрбөсүн", деп кайра бул оюмдан чоочуп кеттим. Бермет эмнелерди ойлоду, мага белгисиз. Ал да мага эч нерсе айтпайт. Эртең Берметти апасына жеткирип, анан апам менен жакшылап сүйлөшсөмбү деп ойлоном. Өзүмчө эрдемсинип да алдым.

– Бермет, сен убактынча үйүңөргө барып тур, мен энем менен сүйлөшүп, анан сени кайра алып келем. Мен сени менен ажырашпайм, – дедим. Бермет ойлоно түштү да:

– Билбейм, энең баары бир кайталай берет. Мени жактырбай калды. Көзүнөн салаалаган жаш агып кетти.

– Убакыт өтө келип, энем да акыры түшүнөр.

Акыры Бермет да менин сөзүмө көндү.

– Сени сөзсүз алып кетем, али көрөсүң, биздин бактылуу жашообуз уланат. Бирок ичим туз куйгандай ачышып жатты. Акыры Берметти үйүнө жеткирдим. Карааны көрүнбөй калганча карап турдум. Ал көрүнбөй калганда, аттын башын бурдум да, үйгө жөнөдүм. Үйгө келээрим менен энем астыман шашкалактап чыга калды.

– Атты байла! Каякта жүрдүң? Түнү бою сага кыжаалат болдум го. Эмне кылдың, таштап келдиңби?..

– Ооба жеткирдим. Өзүм жалгыз эч нерсеге жетише алганым жок. Айлам куруп короодон качып кеттим, – дедим. Өмүрүмдө жалган айтпаган жаным бүгүн айттым.

– Эч нерсе эмес, кеткени ырас болду, мага такыр жакпай койду.

Мен эч нерсе деген жокмун, ичимден кыйналып жаттым. Неге энеме жакпай калды? Канчалык энем урушса да, бир да жолу сөз кайтарчу эмес эле го? Энем экөөбүз унчукпай отуруп, көпкө чай ичтик.

– Мен сени жаман болсун дебейм балам. Тарс-тарс кыймылдаган, кыймылы тез башка кызды алып берем, азыр кыз деген көп, – деди энем камырабай.

Мен Күнгөйгө карай келдим. Уйларды эми өзүм саашым керек. Ошол учурда Берметти ойлодум. Анын барында экөөбүз жумуштарды шаңдуу баштачу эмес белек. Бүгүнчү? Мемиреген тынчтык. Жалгыз өзүм ары-бери кыбырап, жумуштардын баарын жасадым. Чатырыбыздын кээ бир жерлери шамалга делбиреп, жыртылып калганын да бүгүн байкадым. Бүгүнкү күн мен үчүн өтө көңүлсүз өтүп жатты. Эч ким менен сүйлөшкүм да келбеди. Оюм эле энем менен келиндин ортосундагы маселени кантип чечүү болду.

Же, энем тараптын боло албай, же, Бермет тараптык боло албай, ортодо мен чайналып кеттим. Эркек башым менен качанга чейин ушул жумуштарды аткарып жүрө берем? Кунарсыз күндөр биринин артынан бири өтүп жатты. Ал арада өзүмө карабай, аябай жүдөп кеттим. Бир күнү энем мага башка бир кызды тапканын айтты.

– Жок эне, мен эч кимге үйлөнбөйм, баарына өзүм жетишем, сизди да карайм, – дедим көгөрүп.

– Ой балам, бир жолу барып көр, балким жагып калар, өзүбүздүн айылдан экен, – деди энем.

– Жок эне, мен барбаймын. Мага убакыт бериңиз, мен ойлонушум керек, – дедим.

Баары бир эне деген эне да. Менин жүдөгөн көңүлсүз кебетемди аядыбы, айтор негедир катуу айтпады.  Андан ары сөздү улантпай, унчукпаган бойдон тим болду. Ким билет, энем да өзүнүкүн туура көрүп жаткандыр. Бир туруп

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНБ № 487784

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

энемди да аяп кетем. Мүмкүн энем да кайненесинин запкысын көргөнбү, же өзү чапчаң кыймылдаганы үчүнбү? Кыскасы келинин жактырбай койбодубу... Күн сайын баардык жумуштарды жасап жүрө бердим. Өзүмчө Берметти ойлоп, түрдүү кыялдарга жетеленем. Бермет да мени күтүп жүргөн чыгар. Бир күн болбосо бир күнү энем да түшүнөр деген үмүт менен жүрөм. Ошондо алып келип, баякыдай жашообузду жаңыдан баштайм. Бир күнү энем да ооруп калды. Колуман келишинче карап жатам. Кантсе да эркек эмесминби, эптеп тамак бышырам. Жумуштарга чуркайм. Эч нерсеге жетише албай калдым. Энем болсо төшөк тартып, жатып да калды. Эки оюм энемдин ден соолугун тилейм, Берметти ойлойм. Энем мени чакырып:

– Балам ушинтип жүрө бересиңби? Мен минтип ооруп калдым. Унчукпасам, сен да унчукпайсың. Тиги мен айткан кызга жолукпайсыңбы? Өзү билээр, ойлонор десем унчукпай жүрөсүң. Минтип арадан жыл өттү. Сага кошулуп, сенин түрүңдү көрүп мен да кыйналып кеттим балам! – деди онтоп.

– Эне мен ал кызга үйлөнгүм келбейт. Берметтен башка мага эч ким жакпайт, – деп байкоостон ыйлап жибердим. Кайра энемден коркуп да кеттим. Ордуман тура калып сыртка чыктым да, атымды минип, Күнгөйгө кетип калдым. Эгин талааны жээктеп, атты катуу чаап бара жаттым. Бара жатып, Бермет экөөбүздүн өткөн жайда жакшы күндөрдү өткөргөнүбүз эске түштү. Эгиндин да бышар маалы жакындап калыптыр. Айланага суктана карап коём. Берметтин “Карасаң!” деп кыйкырганын эстедим. Байкуш Берметим, жыл ичинде мени күтүп, сен да канчалык кыйналганыңды сезип турам. Ошол кездеги бир окуя эске түштү. Экөөбүз ошентип айланага көз чаптырып турганда, жол жээгинде чоң тикендин астынан “пырр” деп торгой учуп

чыкты. Негедир ошол айланада айланчыктап, чый-пыйы чыгып чырылдап жатты. Мен байкап карасам бир кара чаар жылан уяга карап, соймоңдоп баратыптыр. Бермет көрсө, ошондо жыланды байкап кыйкырган экен. Жылан тикенекке оролуп алып акырын жылып келе жатат. Мен колумдагы камчым менен жыланды чаап-чаап жибердим. Жылан жерге тоголоктонуп түштү. Мен да карап турбай, жыланды ары карай илип ыргыттым. Бермет аттан түшө калып, уядагы балапандарды көрүп:

– Ии байкуштарым, карачы буларды. Кандай сонун болду, биз буларды сактап калдык. Эми муну "Сакталган уя" деп жүрөлү деген эле күлүңдөп. Бермет өзүнчө аябай кубанган эле.

– Эми балапандарына канат чыгып, эртең темир канат болгондо, асманга көкөлөп учушат ээ? – деп кубанганын эстедим. Мына ушуларды ойлоп, чатырга жеттим. Ошол торгойдун уясы бузулбагандай, сакталгандай, биздин да уябыз бузулбашы керек. Мен да уямды эне торгойдой сакташым керек дедим өз оюм менен алпурушуп. Жумуштарды бүтүрүп, бир паска жата кеттим. Көзүм уйкуга илинип кетиптир. Түшүмдө энем менен айтышып жатам. Эми энем эмне дээр экен деп, сарсанаа болуп жатыптырмын. Ойгонсом түшүм экен. Күндүн табы кайтып, уйлар келээр маал болуп калыптыр. Малды жайгарып коюп, кайра энемди кароого бастырып жөнөдүм. Үйгө шашып кирдим. Энем төшөгүндө туруп отуруптур. Мени көрө сала:

– Келдиңби балам? – деп бир нерсе айтчудай жылмайып койду.

– Барып Салия эжеңди чакырып келе койчу, – деди. Мен дароо санаага бата түштүм. "Дагы эмне балээни баштаганы турат" деп. "Же тиги кызга мени дагы бар дейби, жок мен

барбайм" – деген ойлор менен жүрөгүм катуу согуп, Салия эженин үйүн көздөй бастым. Чакырып келдим.

– Кел кошуна, жакшы отурасыңарбы? – деп ал-жай сурашты.

– Алыскы туугандан, жакынкы кошуна жакшы дейт эмеспи. Менин сени чакырганымдын себебин айтайын. Канча жылдан бери жакшы кошуна болуп келдик. Бир жылдан бери баламдын келинчеги кетип, жалгыз жүрөт. Балам да жалгыз кыйналып кетти. Берметти өзүм жактырып, келин кылдым эле. Кайра өзүмө жакпай калды. Ал да бир бечара кишилердин кызы эле. Жай кыймылдайт деп жактырбадым. Келиним кеткенден бери балам жүдөп кетти. Байкап карасам, балам Берметтен башканы кабылдабайт сыягы. Экөө бири-бирин жактырат окшойт. Көп ойлонуп, кайра экөөнү жараштырып койсомбу дейм. Байкуш балам арыктап, чүнчүп да кетти.

Салия унчукпай угуп отурду.

– Бир чети туура кыласыз. Экөө бир-бирин жакшы көрсө, жараштырганыңыз оң. Жай кыймылдаса да келиниңиз тириликти орду менен эле кылат болчу. Азыр мындай тириликке чыдаган келин табыш да кыйын. Анын үстүнө кеткенден кийин деле кудаларыңар бир жаман сөз айтып, кайрылбай тек отурушту.

Мунун баарын угуп, уккан кулагыма ишенбей, кубанычтан башым айланып турду.

– Менин эки келиним бар, билесиз го. Аларга бир сөз ашыкча айтсаң болду, ата-энесин чакырып, же чуркап барып ушак айтып, чырдашып жатып калабыз. Неберелерим үчүн "Койчу" деп чыдап жүрөм. Берметтей келиним болсо төбөмө көтөрүп жүрөт элем, – деп Салия эже бир топ сүйлөдү. Энем унчукпай аны угуп ойлуу отуруп калды.

– Балам чай кой, туура айтасың, мен да ойлоноюн анда – деди энем. Энемдин көңүлү да ачыла түшкөнү байкалып турду.

Эртеси энем мени жанына чакырып:

– Балам, уйларды саталы, сага бир жеңил машине алалы.

– Ой эне, мен айдай албайм, правам да жок да, – дедим тайсалдай.

– Сен уйларды сата бер, анан шаарга барып, ошо окуусуна окуйсуң, дакиментин аласың да. Машинеге жетпегенин өзүм кошом, – деп энем өктөм сүйлөдү.

Бир чети ичимен кубансам, бир чети уйларыма ичим ачышып да кетти. Бирок энемдин сөзү мен үчүн закон, аргасыз макул болдум. Энем айткандай уйларды базарга айдап жүрүп, акыры саттым. Анан энем экөөбүз тандап жүрүп, машинени да алдык. Машине айдаган досторумдун жардамы менен айдаганды эптеп жүрүп үйрөндүм. Бирок шаарда айдагандан корком. Айдоочулук күбөлүккө энем өзү барып, арыз жаздырып келиптир.

Бир күнү энем Салия эже менен баягы ишти бүтүрүү үчүн кайрадан сүйлөштү.

– Уйларды сатып, балама машине алдык. Эми сен кошулуп бар да, Берметти алып келгиле, – деди энем. Бул жаңылыкты укканда, кубанычым койнума батпай кетти. Мен үчүн бүгүнкү күн өзгөчө кубанычтуу эле. Энем мага карап: “Жакында пенсия алдым эле. Ме жолдон базарлык кыла баргыла, кур кол кирбей” – деп мага акча сунду.

– Акылыңдан айланайын энекем, берекем, – деп энемди кучактап өөп койдум. Ичимен энеме миң жолу ыраазы болуп турдум. Акча бербесе деле мейли, Берметке жөнөткөнү мен үчүн зор бакыт болчу. Ошентип биз Салия эже менен жолго чыктык. Сыртыман билгизбегеним менен,

ичимден абдан бактылуу болуп бараттым. Мына дарыяга да жеттик, Козу-Баглан туптунук болуп, шаркырап агып жатыптыр. Жээгине келип, машинени жууп алуу үчүн токтодум. Айланага бир сыйра көз жүгүртүп алдым. Кандай сонун сулуулук, өзүнчө керемет табият, көңүлүмдү суктандырып турду. Жээктен суу алып жатып, чычырканакта илинген куркулдайдын уясына көзүм түштү. Ушунчалык чеберчилик менен жасаптыр. Ушул куштун устачылыгына таң калып жаттым. Ошол замат баягы "Сакталган уя" деген Берметтин сөзү эсиме түшүп кетти. Ушул куркулдайдын уясы да кылымдарга бузулбай сакталса экен деп ойлоно түштүм. Машинемди жууп-тазалап, Берметтердин үйүнө да жетип келдик. Салия эже экөөбүз даярдаган чоң дасторкондогу белек-бечкектерди машинеден түшүрдүк. Биз барганда кайын атам менен кайын энем малдарын жайгарып жүрүшүптүр. Биздин келгенибизди көрө сала бери басышты. Мен алдыга озунуп барып, алар менен амандаштым. Салия эже да амандашып, анан үйдү көздөй бастык. Алар бизди конок үйгө баштап кирип баратып, кайын энем Берметке кайрылды:

– Бермет, төшөк алып кел, коноктор келди, – деди. Бермет бизди көрө сала бир аз апкаарый түшүп, араң саламдашты да, төшөктөрдү күйпөлөктөп салып жиберди. Мен да "Кандайсың" деп акырын учураштым. Бермет баякыдан караганда кыйла арыктап, жүдөп калгандай көрүндү көзүмө. Мен жакты жалт карады да, унчукпай чыгып кетти. Отургандан кийин шашпай ал-жай сураштык. Энемдин ооруп калганын, ошон үчүн келе албаганын сурабаса да айта салдым. Чай ичилип жатканда Салия эже Берметти алып кетүүгө келген себебин түшүндүрдү.

– Эми куда-кудагый бул турмушта ар кандай боло берет экен да. Түшүнбөстүк болуп кетиптир. Ошон үчүн кудагыйыңарды да кечирип койгула. Бермет менен бул

балабыз бири-бирин жакшы көрүшөт экен. Экөөнүн ортосунда чырк эткен чыр да чыкпаптыр. Уялары бузулбасын, – деп Салия эже бир топко сүйлөдү.

– Эми биз деле түшүнөбүз. Келсеңер кош келипсиңер! Турмуш болгондон кийин андай-мындай боло берет тура. Кызым келгенде эле: Сабыр кыл кызым. "Сабырдын түбү сары алтын дегендей" - сабыр кылсаң баары кайрадан жакшы болот чыгар, – дегемин. Турмуштун туткасын алып кетүү да оңой эмес экен. Ордолуу уяны бузуп коюш бир паста, аны түптөп кетиш кыйын да. Ошон үчүн биз да сабыр кылып отурдук – деди кайнатам, акырын салабаттуу сүйлөп. Чай да ичилип бүттү, тим болбой бир улагын союп салган экен, анын сорпосун ичип, анан жолго камындык.

– Бермет кызым, эми мына күйөөң өзү келиптир, буюм-тайымдарыңды жыйна, жөнө кызым. Эми кайнененди сыйлап, жакшы келин бол! Ылайым уяңар бузулбай бала-бакыралуу болгула! – деп кайнатам, кайненем, баары батаасын беришти.

– Машине алдыңбы балам? – деди бир убакта кайнатам. Кут болсун, узагына кызматын көргүлө, оомиин! – деп батасын берди.

Ошентип жолго чыктык. Улам артта отурган Берметти алдыңкы күзгүдөн карап коём. Салия эже болсо:

– Мына балам, баары жакшы болду. Кудалар түшүнүктүү жөнөкөй адамдар экен. Абдан ыраазы болдум. Башкалар болсо, канчалаган жаман сөздөр да айтылмак. Эми энеңерге эч нерсе айтпагыла, эне деген эне да, болор болбос сөздөргө капа болот. Аркы-беркини сүйлөшүп отуруп, бат эле жетип келдик. Биз үйдүн жанына токтоор замат үйдөн энем чуркап чыкты. Колундагы чыныда суу бар экен. Аны Берметтин башынан тегеретип, бирдемелерди кобурап, түкүртүп, артка төктү. Анан барып Берметти

кучагына кысып учурашты. Жалынып-жалбарып, сөз арасында кечирим да сурап алды.

– Айланайындарым, мендей акылсыз энеңерди кечиргиле! Эми экөөң бактылуу болсоңор болду. Мага башканын кереги жок, – деп энем көзүнө жаш алды. Энемден мындай сөздөр чыгат деп эч качан күткөн эмес элем. Энем тургай менин көзүмө да жаш тегерене түштү. Энем болбой эле кошуналарды чакыртты. Алар келгенче Бермет дасторконду жая салды. Бар тапканын дасторконго коюп, кошуналарды күтүп алды. Кошуналар да Берметтин келгенине кубанып, куттуктап, жакшы сөздөрүн айтып жатышты. Берметтин жүзү бир заматта албырып, кубанычы кадимкидей байкалып турду. Энем экөөбүздүн бир жыл бою кыйналган күндөрүбүз баары артта калгандай болду. Баарын бүгүнкү кубанычыбыз жууп кеткендей. Баякы кабагын бүркөгөн энемдин мүнөзүнөн эч нерсе калбагандай. Кошуналар менен жадырап-жайнап күлүп отурду. Салия эже кудалардын адамгерчилигин, түшүнүктүүлүгүн айтып мактап отурду. Бермет “Кайнененe алып бар” деп берген улактын бышкан бир сан этин да дасторконго койду. Мен ичимден алтын уямды сактап калганыма миң мертебе ыраазы болуп отурдум. Ошол күндөн баштап биздин бактылуу жашообуз ойдогудай башталды. Мен шаарга барып, айдоочулукка окуп, акыры праваны да алып алдым.

Бул окуяны угуп келген адамдар, жигитке да, келинчегине, энесине бакыт тилеп, батааларын беришти. Мен да жетчү жериме келип, унаадан түштүм. Бульварды аралап бара жатып, секирип ойноп жүргөн тыйын чычканды көрүп, бир аз суктана карап турдум.

Жашоонун керемети тирүүлүктө тура... ”Ар бир пенденин да, жан-жаныбар, канаттуулардын да уялары бузулбасын”, - деп, андан ары жолума түштүм.

# ТАЛКАЛАНГАН ТАГДЫР

## (Аңгеме)

Узун сай дегенди бала кезимден уккамын. Кандай сай болду экен деп, таң калаар элем. Тагдыр буйруп Исфана тараптагы ошол Узун сайга келип калдым. Чынында эле өйдө карай созулган узун сай экен. Сай менен кеткен жолдун жээгинде дарактар, коён томуктар, коко тикендер жыш өскөн. Ошол Узун сайдын тээ өйдөңкү тарабында оорукана боло турган. Мен барган мезгил 1980-жыл эле.

Оорукана... дары жыттанган палаталар. Биринчи палатада эки аял, үчүнчүсү мен болуп, чогуу жатып калдык. Кийинки палатада тери оорулар жатышат. Менин жанымда арыкчырай келген, колунда жаңыдан там-туң баскан кызы бар, сулуу жаш келин. Эмнегедир кызына жакшы көңүл бура бербейт. Кызын катуу-катуу кыйкырып урушуп, жаман көзү менен карайт. Келиндин аты Бүүрайма экен.

Бүүрайманын кызына жасаган мамилесинен улам, кандайдыр бир жүрөгүн өйүгөн түйшүгү катылып жаткансыды. Ар дайым кабагы бүркөө, бир нерсеге капалуудай, эч ким менен да сүйлөшпөйт. Мен анын кыймылына көңүл буруп, кандайдыр кыйнаган бир сыры бар экенин муңдуу көздөрүнөн сездим. Бир чети таң калып да жаттым. Жарытылуу тамак да ичпейт. Мен анын сырын билүүгө кызыга баштадым.

Жадыраган жаз келип, айлана жашыл түскө боёлуп, куштар сайрап, күн жылуу болуп турган убагы. Бир күнү оорукананын сыртында, бактын түбүндө Бүүрайма жалгыз отуруптур. Акырын жанына бардым да, абайлап суроо узаттым. Бүүрайма оор улутунуп алды да, бир аз ойго бата түшүп, сөзүн баштады.

– Мен жакында эле Оштон мугалимдик кесипке ээ болуп келгем. Мындан беш жыл мурда ата-энемдин колунда бактылуу жаштыгымды өткөрүп жүргөн убагым эле. Окуп мугалим болсом дегенде ак эткенден так этип, көп кыялга батып жүргөн чагым. Акыры ойлогонумдай Ошко келип, өзүм эңсеген окуу жайга тапшырдым. Окууга өткөндөн кийин жанталашып, оюмда окуудан башка эч нерсе болбоду. Алгач жаңыдан айыл жеринен шаар жерине барганда көнө албай бир топ кыйналдым. Чогуу окуган курбуларым киного баралы дешсе да, сабактарымды даярдашым керек деп, такыр барчу эмесмин. Бир жагынан ата-энемди эстеп, аларды көп сагынар элем. Алар өтө жөнөкөй кишилер болчу. Ошондуктан да ата-энемдин эмгегин актоо үчүн, сабагымды жакшы окууга тырышчумун. Мен өзүм менен чогуу окуган Гүлү деген кыз менен ынак болдум. Ал кыз Оштон болчу. Биздин кураторубуз Бурмакан деген эжей. Көбүнчө Гүлү шаардык болгондуктан, мени шаар менен тааныштыра турган.

Ошентип студенттик күндөрүм өтүп жатты. Көз ачып жумганча биринчи курсту аяктап, каникулда айылга бардым. Айылда ата-энеме жардам берип жүрдүм. Бат эле билинбей жаз өтүп, күз да жакындап калды. Окуу башталгандыктан мен Ошко келдим. Гүлү жана бирге окуган эки кыз болуп жашап калдык. Улам жаңы сабактар кошулуп, окуу бир аз татаалдаша баштады. Ошондуктан Бурмакан эжей бизге: “Китепканаларга баргыла, ошол жактан кошумча китептерди таап окугула”, – деп катуу талап коё турган. Бир күнү китепканага барып, өзүмө керектүү китептерди текчеден издеп жаткам. Анан бир китепти текчеден эми сууруп аларда, капыстан бир жигит да ошол китепти кармабаспы…Жигит китепти коё берген жок. Менин жиним келе түштү. Китепти жигитти көздөй катуу түртүп: “Окуй

берчи”– деп орой сүйлөп жибердим да, жигитти жаман көзүм менен карадым. Жигит мага жылмайып карап туруптур. Мен артыма карабай китепканадан чыктым да, жатакананы көздөй кетип бараттым. Тиги жигиттин жылмайган көздөрү улам көз алдыма тартыла берди. Эмнегедир жүрөгүм башкача согуп, оюмду ээлеп алгансыды. Анын жылмайган элеси жүрөгүмдү өрттөгөнсүп кетти. Өз оюм менен алпурушуп, жатаканага кандай жеткенимди сезбей калдым. Кечинде керебетиме жатсам да, жигиттин элеси келе берди. Бир убакка чейин уктай албай түйшөлүп чыктым. Канчалык ойлобоюн десем да, оюман кетпей туруп алды. Эртеси сабакка бардым. Кайра эле баягы ойлор. Эмнегедир китепканага кайра баргым келди. Кудум эле жигитти кайра жолуктурчудай сезимде элем. Бир канча жолу бардым, бирок аны жолуктура албадым. Ошондо катуу сүйлөбөй койсом эмне?.. Анан өзүмдү-өзүм ичимен жемелеп кирдим. “Кызык, мен аны эмнеге издеп жатам”,– деп.

Күндөр зыпылдап өтүп жатты, бирок мен дале баягы жигитти ойлой берчү болдум. Башка эч нерсеге кызыгуум болбой бараттым.

Өзүмчө жеке калганда: “Бул кандай сезим, мени жетелеп алган. Күн сайын ошол жигитти жолуктуруу үчүн барам, тообо!”– деп өзүмдү жемелеп да калам. Андан бери бир ай өтүп кетиптир. Бир күнү шашылып китепканага барып, текчеден көпкө китеп издей баштадым. Оюмда тиги жигит. Ошол учурда сырттан үч жигит кирип келе жатыптыр. Арасында баякы жигит. Ал мени байкай коюп, жаныма басып келип:”Кандай чоң кыз”– деп саламдашты да, жылмайган бойдон мени карап турду. Жүрөгүм опкоолжуп, оозуман сөзүм түшүп, карбаластай түштүм. Жигит мени өзү отурган столго чакырды. Оңтойсузданып туруп калдым. Акырын колуман жетелеп келди:

– Кел, бул жерге отур. Каршы болбосоң таанышып алалы. Кайсы окуу жайда окуйсуң? – деп суроо узатып жатты.

– Мен Лейлек тараптан, Исфанадан болом, – деп окуган жеримди түшүндүрдүм. Тиги жигит таңдана карап турду да:

– Экөөбүз жакын айылдан турбайбызбы. Мен деле пединиститутта окуймун. Төртүнчү курста. Эки жылдан бери бири-бирибизди жердеш болуп, тааныбай жүрүптүрбүз го, – деп жигит жылмайды. Ошентип экөөбүз тааанышып алып, китепканадан чыккандан кийин көчөдө чогуу басып бараттык. Бүткүл боюмду калтырак басып, өзүмдү кызыктай сезип жаттым. Ал мени жатаканама чейин узатып койду. Анын жатаканасы бизден бир аз узагыраак экен. Жатаканага келсем Гүлү жалгыз отуруптур.

– Бүүрайма мени карачы, бүгүн негедир башкачасың го, акыркы күндөрү аябай чүнчүп кеткен элең, – деди Гүлүм жадырай карап.

– Неге? – дедим билдирбей.

– Айтор жүзүң албырып, көздөрүң жанып турат. Бир сыр бар окшойт сенде, негедир бүгүн бактылуу адамдай көрүнүп жатасың – деп Гүлүм каткырып күлдү.

– Койчу, окуумдан кыйналып жүргөм да, – деп койдум жай гана.

– Жоок Бүүрайма, сени сезип жүрөм. Менден жашырган бир сырың бар. Эки жылдан бери чогуу окуп, чогуу жашап, сырдашып эле жүрөбүз го. Айтчы мага ичиңдеги сырыңды жашырбай.

Гүлүм айтпасыма койбойт болчу. Аргасыз болгонду толук айтууга мажбур болдум.

– Ай, Бүүрайма. Ал деген сүйүү болот, ошону билбейсиңби? Андан көрө ошол жигитти мага тааныштырчы.

Сага тең бекен байкап көрөйүн. Сен деген сулуусуң. Деги аты ким экен, айтсаң? – деп Гүлүм жаныма жакын отурду.

– Аты Муса экен. Биз тараптык жигит, жердешим экен да, – дедим сыр бербей.

Ошентип бир айдан бери сезимиме бүлүк салган жигитти, Мусаны бүгүн таптым. Дагы эле болсо ошону ойлогонум ойлогон. Канчалык сабактарыма алаксыйын деген менен, баары бир көз алдыман кетпей койду. Керек болсо саат сайын эмес, мүнөт сайын эстей турган болдум. Кандай сезимге кабылганыма өзүм да түшүнбөйм. Кыялымда алыска сабалап учкан кушка окшоп, өзүмчө өз ааламымда каалгыйым. Мусанын сунушу менен ар күнү китепканада жолукчу болдук. Анын жай баракат шашпай сүйлөгөн сөзү, жайнаган көзү, жарашыктуу жылмайган жүзү күндөн күнгө мени арбап баратты. Бир күнү экөөбүз эрчишип киного бардык. Кино залда бизге окшогон жаштар жык-жыйма. Кинодо отуруп, Муса улам мени карай берди. Көзүм көзүнө чагылыша түшсө, жерди карай салам. Экөөбүз кинодон чыгып, бир аз паркта аралап жүрдүк да, анан мени жатаканага узатып койду. Эч сөз айталбай:

– Кино жактыбы? – дедим акырын.

– Кино да жакты, жанымдагы бир сулуу да жакты, – деп мага карап күлүп койду. Муса менен коштошуп, жатаканага кирип кеттим. Бөлмөмө баратып, өзүмчө ичимен бушайман болдум.

“Азыр кыздар неге кечиккенимди, кайда жүргөнүмдү сураса не деймин деп” – ичимен ойлонуп, бөлмөгө келдим. Кыздар ичинен илип алышыптыр. Мен кайра-кайра черткилеп, араң дегенде Гүлү ойгонуп, эшикти ачты.

– Каякта жүрөсүң жарым түндө? Сени күтүп жатып уктап калыптырмын. Мени деле жүрү дебейт белең, мен да бармакмын, – деп Гүлү бир аз таарынгансып, ордуна жатты.

Бүүрайма көпкө чейин тиги жигитти ойлоп, таңга жуук гана көзү уйкуга илинди. Эрте менен кыздар уйкудан ойгонор менен мага суроо жаадыра башташты.

– Акыркы мезгилде өзгөрүп калдың го, кайда жүрдүң кечке? – деп үчөө үч жагыман чыгышты. Мен айтканча болбой эле Гүлү Муса жөнүндө айтып салды. Аны уккан кыздар Мусаны көрүүгө аябай кызыга башташты. Көп өтпөй эле Муса жатакананын жанына келип калды. Мен курбуларым менен аны тааныштырдым. Ошентип төртөөбүз студенттик кызыктуу күндөрдү чогуу өткөрүп, экзамендерге чогуу даярданып жүрдүк. Муса да кыздар менен таанышкандан кийин, тартынбай эле жатаканага келе турган болду. Азыр ошол күндөрүм эң бактылуу күндөрүм болгон экен, – деп Бүүрайманын көздөрүнөн аккан жаш бетинен ылдый куюлуп кетти.

Төртөөбүз бир жакка бара турган болсок, дайыма Мусаны да кошо ээрчитип алабыз. Ошентип жүрүп жаз, жай кантип өткөнүн да сезбей калыптырмын. Күздүн качан кирип келгенин да байкабапмын. Жалбырактар алда качан саргайып, бириндеп түшө баштаптыр. Бир күнү Муса экөөбүз паркка барып, саргайган жалбырактарды жүрөкчөдөй кылып тизип алып, көпкө сүйлөштүк. Экөөбүз келечегибиз жөнүндө көп сүйлөшөр элек. Жаныбыздан өтүп жаткан адамдарга да көңүл бурбай каткырып күлүп, сары жалбырактарды бири-бирибизге чачып ойнор элек. Эх чиркин, ошол күндөр, мен үчүн эң кымбат күндөр экен, эми ойлосом. Ошол жылы Мусанын акыркы курсу болчу. Бат эле кышкы сессия да билинбей башталып калды. Муса экөөбүз бири-бирибизге жардамдашып жүрүп, экзамен, зачетторду да ийгиликтүү тапшырдык. Ошол кышта Бурмакан эжей декандын орун басары болуп, жумушунан көтөрүлүп калды. Эжейим Муса менен жолугуп жүргөнүмдү байкап калыптыр.

Негедир сабактарымды жакшы окуп жүрсөм деле, кабагын бүркөп чыртыйып, мага кирише турган болду.

– Алдагы жигит ким?- деп сурап калды бир күнү.

– Айылдаш байкелерден болот, – дей салдым.

– Айылдашың болгон үчүн эле артыңдан калбай жүрөбү? – деп эже кекеткенсип сүйлөдү. Мен унчуккан жокмун.

– Жигитке алаксыбай сабактарыңды жакшылап окугун, – деп мени акшыя карап чыгып кетти Бурмакан эже, сабак бүткөндө. Мен эч нерсеге түшүнбөй калдым. Ичимен:"Кызык, эже неге эле Мусаны жактырбагансып, мага тигилип калды. Же бир туугандары болбосом"– деген ойго бата түштүм. Бирок эже жаман көрсө деле Муса менен кез-кезде жолугуп жүрө бердим. Эже тилдегенден кийин таптакыр башка жактан жолугууну сүйлөшүп алчубуз. Экөөбүздүн жолугушууларыбыз да бекер өткөн эмес болчу. Көбүнчө мен түшүнбөгөн сабактарымды талкууга алып, колунан келсе жардам берип, билбей баратса китепканадан кошумча китептерди алып, даярданар элек. Бир күнү жазга маал убагы болчу. Муса келип калды. Мурдагыдай жадырабай, бир аз ойлуу болчу. Мен тез эле бир мандем болгонун сездим. Негедир жүрөгүм өзүнөн өзү дүрсүлдөп, колдорум да калтырап кетти.

– Эмне маанайың пас, бирдеме болдубу? – деп араң сурадым.

– Бүүрайма, мына жаз да келди. Жакында мага госпрактика, анан мамлекеттик экзамен башталат. Кудай буюрса июндун акырында диплом алам. Бирок, мага жакында эле аскерге чакыруу келген. Ошондуктан диплом аларым менен күздө армияга кете турган болуп жатам. Эгер макул болсоң ата-энелерибизге айтып, сени кудалатып коюп кетсемби? – деп менин колдорумду кармалады. Кантсе да

эки жылдан бери чогуу бирге жүрүп көнүп калган жаным, муну укканда ичим туз куйгандай ачышып кетти. “Эки жыл кантип Мусасыз чыдайм” деген ойлор башыман чуурулуп өттү. Айла канча, менин колуман эмне келмек. Унчукпай баш ийкеп туруп калдым. Ал күнү мен жатаканага сумсайып, капалуу келдим. Менин түрүмдү көргөн Гүлү эмне болгонун сурады. Мен Мусанын окууну бүтөр замат аскерге кетери жөнүндө айтып бердим.

– Койчу, ошого ошончо түнөрөсүңбү? Анын эмнеси бар экен. Аскерден келгенче сен окууну бүтөсүң. Анан экөөң баш кошуп бактылуу өмүр баштайсыңар, – деп Гүлүм мени сооротту. Муса көп өтпөй мамлекеттик практикасына да барып келди. Практикада жүргөндө көпкө жолукпай, сагынышып калган күндөрүбүз болду. Андан соң экзамендери башталды. Муса мага да көп келбей жатты. Мен да туура түшүнүп, экзаменин жакшы тапшырып алсын дегендей унчукпай жүрдүм. Ал арада биздин да жайкы сессиябыз башталган мезгил. Жаз өтүп жай да келди. Мен сессияны жакшы аяктадым. Муса да экзамендерин жакшы тапшырып, дипломун колго алды. Анткени, анын колунда аскерге баруу кагазы болгондуктан, алгачкы эмгек өтөөсү үчүн башка райондорго жолдонмо берген жок. Айылга жөнөр мезгилде экөөбүз жолугуп, кечке паркта жүрдүк, анан киного кирдик. Кечинде диплом жууш үчүн бир группалашынын үйүнө жөнөдүк. Көрсө ал бала Кара-Сууда экен. Өзүнүн группалаштарына мени тааныштырды. Таң атканча аябай бийледик, ырдадык. Ошондо түнкү саат бирлер чамасында Муса мени жетелеп,  сыртка алып чыкты. Түнкү тынчтык өкүм сүрүп турган кез. Асмандагы сан миң жылдыздар, жаркырап турган ай бизге суктана карагандай. Анда санда арыраакта трассадан өткөн машиненин үнү эле болбосо түн тынч. Экөөбүз үйдөн чыгып, көчө менен өйдө көздөй бастык.

Бир чакырымдай өйдө жакта чакан бак бар экен. Жолдун четинде ашкана бардай. Ошол ашкананын бет маңдайында отургучту көрүп, экөөбүз отуруп калдык. Муса мени кучагына кысып бир аз убакыт саамайымдан жыттап турду да:

– Бүүрайма, карачы тиги ай менен жылдыздар сага суктанып карап турушат. Алар да сенин сулуулугуңа тойбой жатышат. Мен кызганып кеттим, келчи жүзүңдү катып алайын, – деп менин башымды көкүрөгүнө кысты. Мен кыткылыктап күлүп жаттым.

– Бүүрайма, мен аскерден келгенче күтөсүңбү? – деди кокустан суроо салып.

– Ооба, кантип күтпөйүн, күтөм. Кызматың аяктаганда мени көздөй сызчы, – деп эркелеп Мусанын жаагын сылап койдум.

– Мен аскерден кайтарда сага телеграмма жөнөтөм, сен мени Оштон күтүп аласың. Анан сени биротоло кошо алып кетем, – деди Муса.

– Ошондой да болчу беле, шашпай тойго даярданабыз да, – дедим күлүп.

– Мен сага айттым го, ата-энелерибизге айтабыз деп. Менин келишиме тойго даярданышат. Сенин да себиң даяр болот, – дегенде экөөбүз каткырып күлүп алдык.

– Мен абдан бактылуумун, сага жолуктурган тагдырыма миң рахмат айтам. Экөөбүз бактылуу жашап, көп балалуу болобуз ээ, – деп мени кучагына кысып койду.

– Сен аскерге барганда тынбай мага кат жазып турасыңбы? – дедим эмне дээримди билбей.

– Албетте, күн сайын көгүчкөндүн канатына кат жазып учуруп турам, – деп күлүп калды. Мен да кыткылыктадым. Муса менин көздөрүмө тигиле карап туруп, өзүнө тартты да, кучагына кысып туруп эринимен өптү. Мен да каршылык көрсөткөн жокмун. Анын эрини мени өрттөп жибергендей

болду. Мен да анын кучагынан чыккым келбей улам ага ыктала бердим. Ошентип экөөбүз бир сааттай отуруп, кайра баягы үйгө келдик. Бизди туура түшүнүштүбү, эч ким эч нерсе деп сүйлөгөн жок. Кээси уктап да калышыптыр. Кээ бирөөлөрү гана жөн эле сүйлөшүп отурушкан экен. Муса экөөбүз да тиги жаткандардын бир катарына жуурканды жамынып, шыбырашып жаттык. Муса улам мени маңдайымдан өөп коюп жатты. Эртеси Ошко кайра келдик. Айылга чогуу кеттик. Исфанага келгенде Мусадан ажырагым келбей, аргасыздан араң эки тарапка бет алып жөнөдүк. Жай мезгили бат эле өтүп, күз да келип калды. Аскерге барар күндү телеграмма аркылуу мага билдирди. Анда менин окуум башталып, Ошто болчум. Алар алгач Ошко келишип, анан бөлүнөрүн айтты. Ошко келишкенде жөнөр күнү араң коштошууга уруксат сураптыр. Мен келгенде военкоматтын алдында эл көп экен. Оркестрден музыка ойнолуп жатыптыр. Мени көрөр замат чуркап келди. Экөөбүз эки-үч мүнөт араң коштошууга үлгүрдүк. Экөөбүз бири-бирибизди өпкүлөп, эриндерибиз чапталышып, бир аз мүнөткө ажырабай турдук. Карап турган адамдарга да көңүл бурган жокмун. Муса мага Германияга бөлүнгөнүн айта салды. Бир убакта команда болуп, аскерге жөнөгөндөр катарга тизилип калышты. Баякыдай сүйкүмдүү жылмайып турду. Команда менен аларды автобуска отургузуп, акырын жөнөй беришти. Мен жүрөгүм өрттөнүп, бакырып ыйлагым келип турду. Баары бир көзүмдөн жашым кантип куюлуп жатканын да сезбей калыптырмын. Эч кайда кайрылбай жатаканага келдим. Кроватыма чечинбей куладым да, өңгүрөп ыйлап алдым. Кыздар эчак сабакка кетишкен экен. Ыйлап жатып, уктап да калыптырмын. Кыздар сабактан келгенде ойгонуп кеттим. Кыздар ар кандай сөздөр менен

мени жооткотушуп жатышты. Аларга да бир аз ыйлап бердим.

Муса кеткенден кийин бир айча аябай көңүлсүз болуп жүрдүм. Бир күнү сабактан келип, күндөгүдөй вахтанын жанында жаткан каттарды карай баштадым. Кат келиптир. Катты колума аларым менен жүрөгүм кабынан ыргып чыкчудай дүрсүлдөп чыкты. Катты боорума кыскан боюнча бөлмөгө шашылдым. Муса бир айча кат жазганга кагаз, калем сап алганга бошобой, араң кат жазганын, кызматы жакшы өтүп жатканын жазыптыр. Аягында эки куплет сүйүү жөнүндө ыр да жазып коюптур. Ошол күнү көңүлүм көтөрүлүп, башкача бир ааламда жүргөндөй сездим өзүмдү. Катты кайра-кайра кайталап окудум. Жатарда боорума кыскан боюнча уктадым. Андан кийин катты биринин артынан бирин бат-бат эле жазып турду. Сүрөтүн да салды. Мен да жооп кылып, окууларым, жаңылыктар жөнүндө эринбей жазам. Сүрөттөргө жалгыз да, досторум менен да түшүп салып коём. Гүлү да мени менен отуруп, кошо кат жазышат. Ал биздин тойго сөзсүз барып катышарын миң кайталап айтып жүрдү. Кат жазышып жүрүп, кат менен көңүлүм алаксып, кандай жай келип калганын да сезбей калдым. Үчүнчү курсту да ийгиликтүү аяктап, каникулга айылга жөнөдүм. Менин келгениме ата-энем абдан кубанышты. Аларга кол кабыш кылам. Менден кичүү бир сиңдим, иним бар эле. Үйдүн эң чоңу болгонум үчүнбү, же студент дешеби, айтор тапкандарын менин алдыма төгүп турушар эле. Каникулду да ата-энем менен бирге болуп, эң сонун күндөрдү өткөрдүм. Окуу башталар мезгил да билинбей келип калды. Мен кетүүгө камындым. Ата-энем болгон насааттарын айтып, тапкан-ташыганын мага салып беришти. Жолго чыгар мезгилде энем мага ойлуу карап:

– Кызым бүтөрүңө аз калды. Жакшы жүргүн. Жамандардан алыс бол! Окууңду жакшы аяктап, аман-эсен кайтып кел. Дагы качып кетип, мени сыздатпагын, – деп божурады. Мен энемди кучагыма кысып туруп: "Апа мени кандай кыйналып окуттуңар. Силердин эмгегиңерди сөзсүз актайм. Мен өзүбүз тарапка эле турмушка чыгам, алыска кетпейм. Сизди уят кылбайм" – деп энемдин бетинен өптүм. Ошентип апам экөөбүз коштошуп, жолго чыгып кеттим. Мен Ошко кечинде жеттим. Жатаканага келсем Гүлү келип калыптыр. Эртеси тиги эки курбуларым да келишти. Биз аябай сагынышып калыптырбыз. Уктабай түн бир оокумуна чейин сүйлөштүк. Алар Муса жөнүндө да кызыгып сурап жатышты.

Эки күндөн кийин окуу башталды. Бурмакан эже сабак мезгилинде менин ар бир кыймылыма тигилип карай турган болду. Ар бир сабакта мага суроолорду берип, билбей калсам эле бир топ сөздөрдү сүйлөп, мага кадалганын койбоду. Мен аны этибар да алган жокмун. Кайра эженин сабагын күчтөнүп окуп жүрдүм. Мусадан болсо мурункудай эле бат-баттан кат келип турат. Бүгүн да кат менен сүрөтүн салыптыр. Сүрөттө баякыдай сүйкүмдүү жылмаюсу. "Ушул турпатын сүйдүм эле го" – деп ичимен ойлоп коём. Ушундай жылмайган бир сүрөтүн дайыма жанымда алып жүрчүмүн. Өзүмчө жалгыз отуруп, сүрөт менен сүйлөшө берем.

Бурмакан эже акыркы күндөрү ар кандай шылтоо менен кабинетине мени чакыра турган болду. Болбогон бир иштерди жасатып, кайра кетирет. Бир жолу сабактан чыгып бара жатсам кайра чакырды. Ичимен тилденип алдым да, араң бөлмөсүнө баш бактым.

– Кел Бүүрайма, окууларың кандай болуп жатат?

– Жакшы эле окуп жатам, – деп жооп бердим.

– Менин чакырганымдын себеби, көптөн бери бир сөз айтайын деп жүргөн элем. – деди.

– Кандай сөз? – деп мен бейкапар сурап койдум.

– Быйыл окууңду да аяктаганы турасың, туурабы? Менин байкашымча аракетчил, түз жүргөн жакшы кыз көрүнөсүң. Мен кантсе да силердин окутуучуңармын, байкап жүрөм. Анын үстүнө тарбиялуу, ары акылдуу кызсың, – деп жылмайды. Мен өзүмчө эжейге таң кала карадым. Бул сөздөрдү неге айтып жатканын түшүнө бербей.

– Мени билесиң, Алайдын кызы экенимди. Менин бир жалгыз иним бар. Ошол иниме сени ылайыктуу көрдүм. Макул болсоң келин кылып алсамбы дегем. Шаарда менин үйүмдө жашай бересиң. Окууңду да улантып окуй бересиң. Өзүм эле жардам берем, – деди мага тигиле карап. Мен бул сөздөрдү укканда кулагым дүңгүрөп, дүйнө тегеренип кеткендей бир паска дем тарта албай туруп калдым. Өзүмө келе түшүп, ордуман атып турдум да:

– Жок, эжей, сиз эмне деп жатасыз? Менин жигитим бар, – дедим.

– Билем жигитиң бар экенин. Эртеңден калбай жооп бергин, окууңду уланткың келсе макул болосуң да, – деди да, эшикти жаап чыгып кетти. Мен кабинеттен атып чыккан бойдон чуркап, жатаканага кандай жеткенимди билбей калдым. Жинди болгон немедей бөлмөгө кирип, сумкамды кучактап, жерге отуруп калдым. Ошол учурда Гүлү келип, менин түрүмдү көрүп, чочуп кетти. Араң өзүмө келип, Бурмакан эже менен болгон сөздү айтып, ыйлап жаттым. Башка кыздар да келишип, бул жөнүндө угушуп, эч бир чечимин таппай шалдырап отурдук. Окуумду таштап кете берүүнү да ойлоп жаттым. Бирок, Мусага эмне деп жооп берерimди билбей турдум. Таң атканча уктай албай түйшөлүп чыктым. Кыздар менен араң сабакка бардым.

Бурмакан эже сабакка кирди. Акырын мага жылмаңдап карап коёт. Ал караган сайын заманам куурулуп, жиним келет. Сабагына да көңүл бурган жокмун. Өз оюм менен алпурушуп жаттым. Өз ичимен: "Эч качан Мусаны таштабайм, окууну таштайм. Эжейге да ушу жоопту айтам" – деп ойлонуп отурдум. Бирок окууну таштоо жөнүндө ойлонгондо ичим туз куйгандай ачышып турду. Сабактан чыккандан кийин бар күчүмдү жыйнап, Бурмакан эжейдин бөлмөсүнө бардым. Эжей бирдеме жазып отуруптур. Мени карап:

– Келе гой, Бүүрайма, менин суроомо жооп таптыңбы? – деди. Мен сүйлөгөнчө болбой эле китеп, дептерлерин жыйнап: "Жүрү тиги эс алуучу жайдан сүйлөшөлү" – деп ээрчитип жөнөдү. Көчөнүн аркы бетине эми өтө берерде жаныбызга бир машине келип токтоду. Ичинен эки жигит түшө калып, мени колу-буттан машинеге сүйрөштү. Мен: "Эже-е, эже" – деп кыйкырып, жулунуп жаттым. Экөө мени машиненин артына салары менен зуулдатып айдап жөнөштү.

– Каяка алып барасыңар, силер кимсиңер? Коё бергиле! – деп тепкиленип ыйлап бараттым. Бири эки колумду артка кайрып, бирөөсү буттарымды буттары менен ныгыра басып алышты. Кыймылдоого алым калбады. Ошентип машине бир короого кирип токтоду. Тиги эки жигит мени көтөрүп эле үйгө алып киришти.

– Бул эмне кылганыңар? Мени коё бергиле, менин жигитим бар! – деп жулкунуп ыйлап жаттым. Сырттан беш-алты аял кирип эле көшөгө тартып киришти. Менин ыйлаганымды да, сүйлөгөнүмдү да уккан киши жок. Арасынан болугуураак бир аял жоолукту алып келип: "Ыйлаба кагылайын, баарыбыз эле ушинтип келин болгонбуз. Садагаң кетейин, жаман жерге келгениң жок, –

деп башыма жоолукту сала баштады. Мен болсо жоолукту алып ыргытып: "Мен бул жерге кала албайм, менин убадалашкан жигитим бар" – деп жулунуп, сыртка карай жөнөдүм. Босогого бир кемпир туурасынан эшикти тосуп жата калды.

– Эгер мени аттап кетсең өмүр бою бактысыз болосуң, каргышка каласың. Мына жанымда боорсок да турат. Боорсокту кантип аттайсың? – деп безилдеп жатты. Мен боорсокту карап, бир убакта өйдө карасам, маңдайымда Бурмакан эжей туруптур.

– Бүүрайма, сен акылдуу кызсың, баары жакшы болот, – деди да, келиндерге "үйгө киргизгиле" деп ишарат берди. Аялдар кайра мени үйгө сүйрөп киргизишти. Менин кыйкырганыма, жалдырап ыйлаганыма да карашкан жок.

– "Таш түшкөн жерде оор" дегендей, болду босогону аттадың. Эми чыгып кетсең уят болосуң. Жаман жерге келгениң жок. Көп ыйлай бербе! Тийсең ушунчалык жигитке тиерсиң, – деп Бурмакан эже мага өктөм сүйлөп, башыма кайра жоолукту салдырды. Мен айлам түгөнүп, шалдырап отуруп калдым. Көрсө, мунун баарын Бурмакан эже өзү уюштурган экен.

Менин канчалык жалдырап, ыйлап, сурангыныман эч кандай майнап чыккан жок. Аялдар ары-бери көшөгөнү тартып салышты. Эки келинди менин жаныма отургузуп коюшту. Мен өлгүм келип жатты. Ичим туз куйгандай ачышып, өзөгүм өрттөнгөнсүп күйүп кеттим. Өзүмчө качып чыгуунун амалын издейм. Түн бир оокум болгондо, сырттан аялдар менен молдо кирди. Аны көргөндө мен өзүмдү жоготуп коюптурмун. Бетиме суу чачышып, мени өйдө отургузушту. Молдону кайра чакырып киришти. Эки жагымда отурган эки келин колумду кармап алышкан. Бир нерселерди кулагыма шыбырап жатышты. Шайым ооп, эмне

дегендери кулагыма кирген да жок. Бир убакта мага күйөө боло турган жигит сөрөй кирди. Аны көргөндө кайрадан өзүмдү жоготуп койдум. Бир убакта эсиме келип, көзүмдү ачсам, сапсары болгон неме маңдайымда отуруптур. Менин канчалык ыйлап, кыйналганыма карабай нике кыйып салышты. Молдо кеткенден кийин капаска камалган кушка окшоп, делбе немедей отурам.

– Бүүрайма, сен бактылуу болосуң, окууңдан түк ойлонбо. Мен баарын өзүм бүтүрөм. Мына эми Алайга келин болдуң, баары жакшы болот, – деди да Бурмакан эжей акырын жылмайып чыгып кетти. Заманам куурулуп, дүйнөм тарып, алсыраган бир жансыз немедей боло түштүм.

Ошентип эч качан көрбөгөн бир балага бактым байланып, зордук менен келин болуп отуруп калдым. Мусаны ойлогондо жүрөгүм мыкчылып, ичимен кан өтүп жүрдү. Тиги күйөө сөрөйдүн аты Мажит экенин билдим. Мындай тагдырга туш болорум үч уктасам да түшкө кирген эмес болчу. Тиги Мажит ар нерсени сүйлөп, мени сөзгө тартат. Мен сүйлөбөйм. Дудук немедей жүрөм. Ушулардын зөөкүрлүк менен тагдырымды талкалап салгандарына ичимден миң наалат айтам.

– Мен сени менен жашабайм, баары бир кетем, – деп ыйлап алам. Бурмакан эжени ичимен каргап-шиледим. Баарын тилдеп жаттым. Бирок колуман эч нерсе келбеди. Эч кимди көргүм келбейт, жада калса баарын, баарын...

Жашоом бүттү, баары бүттү...

Кечээки эле жадыраган жазым кышка айланды, жайнап турган өңүмдү карайып туман каптады. Кыткылыктаган күлкүм жоголду. Күнүм түнгө айланды. Бактылуу күндөрүмдүн убактысы бүтүп, бактысыз жашоо башталды. Алар менин ата-энеме барып, таанышып келишти. Аларга менин макулдугум боюнча болду дегендей айтышыптыр.

Байкуш ата-энем мага бакыт тилеп кала беришкен тура. Эми Мусага не деймин, берген убадаларымчы? Мына, баары бүттү…

Арадан он күндөй убакыт зыпылдап өтүп кетти. Эч нерсеге табитим да жок. Жарытып тамак да ичпейм. Гүлүнү күттүм. Бирок ал келбеди. Кыязы, Бурмакан эжей бир нерсе деген окшойт. Кечинде Бурмакан эже келип: "Кандайсыңар, эмне дагы ыйладыңбы? Неге ыйлай бересиң. Мындан артык кандай жер керек сага?!. Болду, токтот ыйыңды! – деп кыйкырынат. Мажитке карап:

– Кандай иним, жашооңор жакшы өтүп жатабы? – деп камырабай сурап коёт. Анысы да кыйраткансып, ыржайып,"жакшы" деп жооп берет.

– Экөөңөргө бир бөлмөлүү үй сүйлөшүп койдум. Эртең силерди обочо көчүрүп коём. Өзүнчө жашоо уланткыла, Бүүрайма сен да окууңа бара бересиң, – деди эжей. Ошентип эртеси бир аз төшөнчү жууркан, бирин-серин эмеректерди таштады. Мен Мажитти түк көргүм жок. Такыр сүйлөбөйм, өзүмчө отура берем. Сүйлөсө эле туруп кетем. Мажиттин ата-энеси жаш кезинде каза болуп, Бурмакан эже багып, чоңойткон экен. Эртеси сабакка барууну чечтим. Кабагыма кар жаап, көңүлүм ачылбай, суз жүрөм.

Эрте турдум да, илең-салаң сабакка жөнөдүм. Айлана-чөйрө да мага түнөрүп, суз көрүндү. Оюмда жалгыз гана Муса. Мына ага да экинчи жыл болуп баратат, кызматына кеткенине. Байкуш менден кабары жок, өзүнчө бактылуу кыялдарга берилип жүрсө керек. Сабакка кирерим менен Гүлү менен эки курбум чуркап келишип, мени кучактап калышты. Мен өзүмдү баса албай солуктап ыйлап кирдим. Курбуларым да ыйлап жатышты. Мени менен чогуу окугандар да "лам" деп ооз ачышпай, менин аянычтуу түрүмө боор ачыгансып, түнөрүп, карап отурушту. Арасында

кээ бирлери жылмайып, өздөрүнчө шыбырашып жатышты. Аларга менин кыжырым келе түштү. Алар менин ичимдеги күйүтүмдү кайдан түшүнмөк…

Мени менен чогуу жашаган Марипа көзүнүн жашын сүртүп:

– Сага баралы дегенбиз, бирок Бурмакан эжей бизге уруксат берген жок.

– Ооба, башка бирөөлөр болгондо, балким, ошол күнү барып, чуу салып, балким сени куткарып алат белек, эми Мусага эмне деп айтабыз, – деди Гүлү ыйламсырап.

– Баары бүттү, тагдырымдын быт-чыты чыкты. Муса мени эч качан кечирбейт болуш керек. Ага менин эми керегим деле жок, – деп кайра ыйладым. Аңгыча сабак да башталып калды. Аргасыз унчукпай отуруп калдык. Ошол күнү үйгө барган жокмун. Жатаканага кыздардын жанына кетип калдым. Кечинде Мажит издеп келди. Бирок мен, үйгө барбай, ушул жерде каларымды айттым да, кирип кеттим. Мажит сүйрөлгөн бойдон башын ийкемиш болуп, басып кетти. Кантейин, айла жок эртеси сабактан кийин үйгө бардым. Таң эрте балкондо, сыртка көз жүгүртүп көпкө турам. Жетелешкен кыз-жигиттерди көрүп, ичим эңшерилип, Мусаны эстейм. Көздөрүмөн мончоктогон жаш жүзүмдү кайрадан жууйт. Мажит карегим менен тең айланып, бир нерселерди сүйлөп, мени өзүнө тартуунун аракетин жасайт. Ал анткен сайын, менин ага болгон жек көрүүм күчөгөнсүйт. Көпкө ыйладым, карегимдин жашы кургап баратты.

– Сен дагы эле ыйлап отурасыңбы? Сага эмне жетишпейт, үйүң бар, тамак-ашың белен, айтканың менен болуп жатам го! Сенин ыйлаганыңдан тажап кеттим э, – деди да, сыртка жумушуна кетип калды. Үйдө жалгыз калдым. Мусанын сүрөтүн сумкамдан алып чыгып,

көкүрөгүмө кысып алып, үнүмдүн барынча кыйкырып, солуктап ыйлап кирдим.

– Эми кантем? Эмне кылам? Не кылам? – деген суроолорго жооп таба албай шалдырайм. Кыскасы, жашоом өтө супсак, көңүлсүз өтүп жатты. Жүзүмдөн такыр күлкү жоголду. Тирүү өлүктөй сүйрөлүп жашай бердим. Кээ күндөрү жатаканага түнөп калчу болдум. Ошондой күндөрдө боюма да бүтүп калыптыр. Аны Мажитке айткан да жокмун. Курсагымдагы бала туула электе жаман көрө баштадым. Жаман көргөн адамдан балалуу болгонду каалаган эмес элем. Айласыз гана жашап жатам. Муса баягыдай эле катты үзбөй жазып жүрдү. Мен анын каттарына жооп да жазган жокмун. Эмнени жазам? Тагдырымдын талкаланганынбы? Же убадага туралбай калганымдыбы? Айтор кээде катка Гүлү жооп жазып коюп жүрүптүр. Аны да кийинчерээк билбедимби…Бир гана эптеп, дипломду алуу максаты менен унчукпай жашоого туура келди. Антпеске аргам жок. Бурмакан деген желмогуздан оңой менен кутулбасымды билип турам.  Көңүлсүз күндөрүм айга алмашып, кыш да өттү, жадыраган жаз да келип калды. Жай жакындаган сайын жүрөгүм сыздайт. Ата-энеме ичимдеги арманымды айткан жокмун. Алардын да жүрөгүн ооруткум келбей, “баары жакшы” деген гана сөздү айтам. Алар келгенде өзүмдү өзүм зордоп, бактылуу жашаган кишидей, күлүп-жайнап, жек көргөн Мажитке күлө карап, сүйлөп узатпадымбы. Ата-энем кеткенден кийин дагы баягы калыбыма түштүм. Ичим акырындык менен билине баштады. Мажит баары бир билди. Бурмакан эжесине сүйүнчүлөгөн го, кечинде көтөрүнүп, үйгө келип калды.

– Мына Бүүрайма, баары жакшы болот. Кудай буюрса диплом да аласың, төрөп да аласың, – деп жагалдана мага алып келген кенен көйнөктү ой-боюма койбой кийгизди.

Ичимен болушунча жек көрүп, иниси экөөнү тилдеп турдум. Бурмакан мени сабакка көп жибербес болду. Барсам да, кетирип ийчү болгон. Убакыт да бир секунд токтобой, экзамен тапшыра турган убагым келди. Улам ичим чоңоюп, басыгым оорлоп калгам. Төрөр мезгил жакындагандан жакындай берди. Мажит: "Бала төрөлсө Алайдагы үйүбүзгө кетебиз"– деген ою менен убара. Күндөр өтүп, бардык экзамендеримди жакшы тапшырдым. Ата-энеме өзүм жөнүндө эч нерсе айтпайм. Байкуштарым, алар мени бактылуу жашап жатат деген ойдо жүрүштү. Телеграфтан бат-бат сүйлөшөбүз. Дипломду алганда ата-энеме чалдым.

– Ии жаным кызым, бактылуу болсоң болду. Куттуктайбыз! Окууңду аяктап алганыңа абдан кубанып калдык, – деп бир топ божурады энем байкуш. Аларга арманымды төгүп салгым келет, бирок аяп, эч нерсе айта албадым. Алардын үмүттөрүн актай албай калганыма азаптанам. Бир күнү негедир белим сыздап ооруй баштады. Мен эч кимге айтпастан төрөт үйүнө жалгыз келдим. Эч кимди көргүм келбей турган. Кыз төрөдүм, кубанган да жокмун. Наристенин өңүнө тигилдим. Мажитке окшоп, сары кыз көрүндү. Эмизгим келген жок. Бирок медайымдар урушуп жатып эмизүүгө мажбурлашты. Чыгар күнү Мажит менен Бурмакан келишти. Бурмакан үйгө алып келип, кызды колуна алып, өзүнчө кобуранат.

– Эч нерсе эмес. Мобу татынакай сары кыз силерди бири-бириңерге көндүрөт. Эмне керек болсо мага айткыла, мен алып берем. Кызды жакшылап карагын Бүүрайма! – деп мага карап койду. Мен түнөрүп, унчуккан жокмун. Бурмакан эже акыркы күндөрү биздин мамилени сезип жүргөн. Ошентсе да, бизге акылын айтып, инисине бирдемелерди жекече айтып кетет. Кызым бир айга чукулдап калганда, Мажит капыстан айылга барып келүү жөнүндө мага айтып

калды. Мен: "Барып келе бер" – демиш болдум. Мажит эртеси айылга жөнөп кетти. Мен өзүмчө түнү бою түзгөн планымды ишке ашыруунун амалын кылууга кириштим. Сумкага өзүмдүн кийимдеримди, кыздын кийимдеринен салып, акырын жолго чыктым. Кошуналар сезип калбасын деп, сыртка чыгарым менен таксиге отурдум. Келе жатып, Ак-Буура дарыянын жээгинен түшүп калдым. Көпүрөдөн дарыядан көзүмдү албай ойго батып кеттим. Муса экөөбүздүн бирге жүргөн бактылуу күндөрүбүз көз алдыма тартыла баштады.

– Эх, Ак-Буура! Сен бир кезде биздин сүйүүбүздүн күбөсү элең! Мына бүгүн сен көргөн бактылуу кыздын ордуна, тагдыры талкаланган бактысыз аял турат, – деп эчкирип ыйлап жибердим. Атаганат, ошондо сенин агымыңа көз тигип, күркүрөгөн добушуңа кулак түрүп, эчен сонун ойлорду ойлободук беле?.. Муса экөөбүз... Сен баякыдай эле эч өзгөргөн жоксуң, өз нугуңда агып жатасың. Менин ички күйүтүмдү сездиң бекен!!! Ошол учурда көпүрөнүн аркы башынан аскер кийимчен бир жигит келе жатыптыр. Аны көрө сала жүрөгүм "шуу" дей түштү. Колунда көтөргөн чемоданы бар болчу. Жакындаганда Муса экенин жазбай тааныдым. Эмне кыларымды билбей, таштай катып турдум. Ошол мүнөттө жашоо токтоп калгансыды. Ал мага таңыркай карап:

– Бүүрайма! Бул сенсиңби? Бул кандай? – деди наристени карап.

Мен аз жерден жыгыла жаздап барып, кызымды араң кармаганга үлгүрдүм. Тилим күрмөөгө келбей, тамагыма бир нерсе тыгылып калгансыды. Муса мени карап, колундагы чемоданын жерге коюп:

– Бүүрайма, сага эмне болгон, айтпайсыңбы, бала кимдики? – деп кыйкырып жиберди. Мен чочуп кетип:

– Ушундай болуп калды, кечир мени! - дегенге араң жарадым. Муса баш кийимин алып, бетин жаап, ыйлап жиберди. Ый аралаш:

– Мен ата-энеме барбай, биринчи сага келбедим беле! Биздин убадабыз кайда, күтөмүн деген сөзүң кайда?! Ким ал акмак! – деп кыйкырды. Биздин жаныбыздан өтүп жаткан адамдар, таңдана карап өтүп жатышты. Мен сүйлөй албай, үнсүз ыйлап турдум. Бар күчүмдү жыйнап, кыскача Бурмакан эжейдин уюштурганын араң айттым. Муса баш кийимин кийип, жүзүн бет аарчысы менен сүрттү да, чемоданын көтөрүп, тетир бурулуп, басып кетти. Мен ордуман козголорго дарманым жок, шалдырап карап турдум. Кетти, кайрылбай кетти! Мына, мен Мусаны түбөлүккө жоготтум. Ак-Буура, мага жардам берчи, мен эмне кылам! Менде эмне күнөө! Мен бир алсыз, колунан эч нерсе келбеген алсыз жан болдум го! Баякыдай жээгиңде сеңселип өскөн мажүрүм талдарды тигилтип, бирде жай, бирде күркүрөп агып жатасың. Менин арманымды угуп жатасыңбы?! Мени жалгыз өзүң гана угуп жатасың, арманымды сага гана төгүп жатам, ак сүйүүмдүн күбөсү Ак-Буура!

Аргасыз көз жашымды арчындым да автовокзалга келип, автобуска билет алдым. Көпүрөдө тура бергенимде аз жерден орун калбай калмак экен. Ошентип айылга жөнөп кеттим. Кеч болгондо кызымды көтөрүп, үйгө, ата-энемдин кашына кирип бардым. Менин келгенимди көргөн ата-энем бир азга таңдана карап калышты. Анан: “Бүүрайма кызым, тынчылыкпы? Сен өткөндө келем деп да айткан жок элең го? …Айтсаң тосуп албайт белек? – деп энем мени кучактап өптү да кызымды колуман алды. Атам менен да учураштым. Ини-сиңдилерим менин келгениме кубанып жатышты. Кызымды кызыга карап жатышты. Кызым атасындай сары болгону менен сүйкүмдүү кыз болуп бараткан. Мен чай ичип,

тамактанып алганча, атам да, энем да эч нерсе сурашкан жок. Тамактанып бүткөн соң иним менен сиңдиме “кызды карап тургула” деп, аркы үйгө жөнөттүм. Алар кирип кетери менен энемдин мойнуна асылып алып, бар күчүм менен солуктап ыйлап жаттым. Энем да эч нерседен кабары жок эле, мага кошулуп ыйлады. Бир убакта:

– Болду, мындай бир нерсени айтып ыйлачы кызым, деги эмне болду? – деди атам чыдабай кетип. Мен ый аралаш бүт баарын ата-энеме айтып жаттым. Мажитти жек көрөрүмдү, аны менен жашагым келбегенин, Бурмакандын жасаган иштерин, айтор, баарын төкпөй-чачпай айттым. Эч кимге билдирбей качып келе бергенимди билдирдим. Атам эмне дээрин билбей, дендароо болуп отуруп калды. Энем гана кошо ыйлап, бир эсе Бурмаканды тилдеп: “Мейли кызым, тагдырыңдагыны көрөрсүң. Кызың да чоңоёт. Баргың келбесе эмне демек элем. Болду, көп ыйлай бербе эми. Ансыз да арыктап, аябай эле жүдөп калыпсың, – деп энем мени сооротууга тырышып жатты. Атам менен энемди аяп, айласыз ыйымды токтоттум. Ошол түнү кызымды энем карап жатты. Мен түн бир оокумга чейин уктай албай, таңга маал араң уйкуга кирдим. Ата-энемдин Муса жөнүндө кабары жок болчу. Муса катка ата-энемди жуучуга жиберем деп жазганына, Гүлүм мага айтпай бир шылтоону айтып, жооп жазган экен. Ошон үчүн да Мусанын ата-энеси келген эмес болчу. Мусага бир чети жолукканыма ыраазы болдум. Анын билгени да туура деп ойлодум. Бир жагынан эми “колу-коңшулар эмне дейт” деген суроо жүрөгүмдү өйүп турду. “Кенженин кызы колуна кызын көтөрүп, күйөөдөн ажырашып келиптир” – деген айың сөз канчага чейин айылды дуу түшүрөт го. Байкуш ата-энем кандай абалда болушат?! Ушундай ойлор менен кыйналып жатып, он күндөй ооруп да калдым. Кызымды да карай албайм.

Байкуш энем түйшөлүп карап жатты. "Эне, таштап салыңызчы ары, карабай эле коюңуз, өлсө өлөр" - деп жинденем. Муну уккан энем: "Ой наристеде эмне күнөө, жинди болбо кызым. Бул деген бир periште жан, антип айтпа. Кээ бирөөлөр бир кызыл этке зар болуп жүрүшөт. Чоңойтобуз куда каалаcа," – деген энем, сиңдим экөөлөп карап жүрүштү.

— Ушундай эжеке, кызым да там-туң басып калды. Мажит менен Бурмакан канча жалынышса да барбай койдум. Ушинтип жүрүп ооруп калып, доктурга да түштүк. "Мусаны дале унута албай жүрөм" – деген Бүүрайма терең үшкүрүнүп сөзүн бүтүрдү. Анын тагдырын угуп отурган мен да оор улутунуп жибердим. Узун сайдагы ооруканада жатып, ушундай муңайымдуу тагдыр жөнүндө угуп, далайга эсимен кетпей, жазууга кирише албай көпкө жүрдүм. Ичимен Бүүрайманы аяп турдум. Кызын жакшы карабайт, – деп жаман көрүп жаткан сезимим да жоголуп кетти. Акырын Бүүрайманын колун кармап: "Мейли сиңдим, жалгыз сенин тагдырың ушундай бекен. Мындай тагдырлар учурда жүздөп саналат. Андан көрө кызыңды жакшылап кара. Ал сенин курсагыңда тогуз ай жатып, жарык дүйнөгө келди да. Наристеде эч кандай күнөө жок. Бул азыр ушунчалык аруу, таза, күнөөсүз периште. Кызды жек көрүүгө акың жок. Жек көрсөң да жакшылап мамиле кыл. Наристенин да көңүлү сынып, жер көз болуп өспөсүн" – деп насаатымды айтымыш болдум. Бүүрайма мага муңайым карап: "Рахмат эже, туура кеңеш бергениңизге" – деп кызын бетинен өөп койду. Менин ичим жылый түштү.

Алдыда дагы кандай тагдырдын тамашалары күтүп турганын анын өзү да, мен да билбейм. Кайран гана аруу сезимдер... Армандан ооруган жүрөктөр! Эч бир пенде

армандуу болуп, бул бир келчү жашоодо бактысыз болуп калбаса экен!

Ушундай ойлорго чөмүлүп кетип, Бүүрайманын жанымдан туруп кеткенин да сезбей калыптырмын. Мен да акырын ордуман туруп, бөлмөнү көздөй бастым.

## 2-БӨЛҮМ

“Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт” деген сөз бекеринен айтылбаптыр. Мен Бүүраймага 44 жылдан кийин тагдыр буйруп кайрадан борбор шаарыбызда жолугуп калдым. Баягы татынакай кара чачтуу, сулуу келин улгайып, чачын ак аралап, сулуу жүзүн бырыш басыптыр. Биринчи жолуккандан кийин Бүүрайманын мугалим болуп иштеп жүргөнүн, экинчи жолу кайра турмушка чыкканын уккан болчум. Мен айылдан шаарга келе жатып, кокустан Бүүрайманын таанышы менен чогуу жол тартып калганым себеп болду. Анын учурда Бишкекте ооруканада жатканын угуп, таанышынан телефон номерин, дарегин алып, жолугууга бел байладым. Шаарга келерим менен бир аз дем алып алган соң, ага телефон чалдым. Сүйлөшүп, өзүм жөнүндө, тээ качандыр бир мезгилде ооруканада жатканыбызды айттым. Ал сүйүнүп кетти. Эртеси майда-чүйдө алып, айтылган даректеги ооруканада жолуктук. Ал көк көйнөк кийип, тосуп чыгарын айтпаганда, мен аны таанымак эмесмин. Көк көйнөкчөн аялды көргөндө эле жылмайып, кол көтөрүп койдум. Астыман утурлай басып келди. Экөөбүз оорукананын сыртындагы чакан кафеде отуруп, көпкө сүйлөштүк. Бүүрайма кийинки турмушу жөнүндө айтып отурду. Кызуу сөзгө кирип, ары-бери зуулдап

өткөн машинелердин үнү да, кирип-чыккан адамдар да көңүлүбүздү бөлгөн жок.

Бул тагдырдын чийип койгон сызыгында эчен кыйынчылыкка, эчен оор сыноолорго туш келет тура адам баласы... жашоо-турмуш агымы баарына баш ийдирип, бирде өйдө, бирде ылдый болгонго көндүрөт тура, чиркин! Калаксыз калган кайыктай, толкун кайда айдаса ошол жакка жирелип калгандай, тагдырдын ташы кайда куласа, ошол жерде күн кечирип келет экенбиз. Убакыт да көзгө илешпей, мүнөт сайын эмес, секунд сайын өмүрүңдү кемитип жатканын сезбей да калабыз. Турмушта кээде бөксөрүп, көңүл чөгүп турганда, баарынан кечип, кайдадыр безип кеткиң келген күндөр туш болуп, кең дүйнөң тарып кетсе, кээде жыргалга батып, бактылуулуктун кучагында балкыйсың. Бүүрайманын кийинки турмушу деле ага бал каймак таттырбаганы, анын бырыш баскан жүзүнөн, муңайымдуу көзүнөн байкалып турган. Бүүрайманын кийинки тагдырын өз оозунан укканымды жазууга аракет кылдым.

* * *

– Эсиңиздеби, сиз менен биринчи жолуккан жыл, 1980-жыл эмес беле? Мен ошол жылы өзүбүздүн айылдагы мектепке мугалим болуп иштеп калдым. Өзүмдү иш менен алаксытууга аракет жасадым. Кызымды ата-энем карап жүрүштү. Мусанын менин оюмду укпай кетип калганы, жүрөгүмдү көпкө оорутту. Энем менин көзүм менен тең айланып, мага аяр мамиле жасайт. Кызым да акырын чоңоё берди. Кээде энем: “Кызым, убакыт баарын дарылайт. Кызыңа мээрим төгүп жакшы кара. Эртең чоңойсо колуңан ишиңди алган кыз болот. Бул күндөр өтүп, жакшы күндөр келет, үмүттү үзбө балам!” – дегени мага дем берди.

Кызымдын быдылдап сүйлөгөнү, кылыктары мени кыйла алаксыта баштады. Жумуштан кайтсам, кызым менен энекем экөө астыман тосуп чыгышат. Мен да бара-бара энем менен кызыма жумуштан үйгө шашып келем. Бук болгон күндөрү баары уктаганда, Мусанын сүрөтүнө тигилип, ичимдеги бүт таарынчымды, кусалыгымды айтып, сүрөт менен сүйлөшөм. Ошентип жүрүп арадан эки жыл өттү. Баякы эле жумушка бармай, энеме үй оокатына жардам берип, бошой калганда кызымды сыртта ойнотом. Балдардын ойногонун карап, көпкө отурам. Ошол аянтчанын жанынан кечке маал бир жигит өтүп калчу эле. Бирок мен ага көңүл деле бурбаптырмын. Жумуштан кайткан бирөө го деп койчумун. Арадан ошондой күндөр чуурушуп, эки ай өтүп кеткенин байкабай да калдым. Бир жолу кадимки адатым менен кызымды аянтчада ойнотуп отургам. Бир убакта бирөө жаныма келип саламдашып калды. Чочуп кетип карай салсам, баягы өтүп жүргөн жигит экен. Мен көңүлсүз баш ийкеп койдум. Тиги жигит мен отурган отургучка отура калды да:

– Кандайсың анан, чоң кыз? Кызыңды ойнотуп жүрөсүңбү? – деди.

– Сиз кимсиз, мен сизди таанымбайт экем, – дедим кайдигер гана карабай туруп.

– Мен ушул жерде иштейм, таанышып албайлыбы? Менин атым Кадыр, - деди тиги жигит мага карап колун сунуп.

– Бүүрайма, - дедим араң колумду сунуп. Негедир денемди майда калтырак басып кетти. Менин жанымда аркы-беркини сүйлөп, жарым сааттай отурду да, дагы жолугарын айтып, акырын туруп кетти.

Мен да макул дегенсип, башымды ийкеп койдум. Эртеси Кадыр дагы келди. Саламдашып, жаныма отурду.

– Мен өзүм Баткенден болом, бул жерде архитектурада иштейм. Убактынча иштеп жатам, анан Баткенге которулам го, – деди. Мен: "Ии жакшы" демиш болдум.

– Сени менен таанышканыма кубанычтамын, – деп мени карады. Мен да акырын башымды көтөрүп, жалт карадым. Кадыр менден көзүн ала качты. Ушул айылда мугалим болуп иштерим жөнүндө учкай айтып койдум. "Билем" – деди Кадыр жылмайып. Ал менден бир нерсени сурай албай жаткандай, бир аз мукактанып, "Бүүрайма" деген бойдон токтоп калды. Мен таң калып, аны карадым. Бирок эч нерсе айткан жок, мен да унчукпадым. Мен эки күндөй жумуштарым менен бошобой, аянтка чыккан жокмун. Жумуштан келсем энем тамак жасап коюптур. Кечке маал бош боло калганыман кызымды жетелеп, аянтка дагы келдим. Бир аз убакыт өтпөй Кадыр жумуштан келе жатыптыр. Мени көрө сала, энесин көргөн баладай жаныма шыпылдап келе калды. Кадимкидей саламдашып, жумуш боюнча бир аз сүйлөштүк. Кадыр бир аз унчукпай отуруп:

– Бүүрайма, үй-бүлөң жөнүндө айтсаң мага? – деп калды капыстан. Жүрөгүм "Тыз" эткендей сайып өттү. Бук болуп турган жаным:

– Үй-бүлөм жок, кызым бар. Ата-энем менен турам. Башка эч нерсе сурабаңыз, – дедим да терс бурулуп, ойго бата түштүм.

– Кечирип кой, мен жөн гана сурап койдум. Менин да үй-бүлөм жок, бирок бир уулум бар. Азыр апасынын колунда. Тагдыр экен, аялым менен отум күйүшпөй калды, – деди сумсайып. Мен акырын туруп, кызымды чакырдым да, кетүүгө камындым. Кадыр да коштошуп, унчукпай баса берди. Бир жолу колуна гүл көтөрүп мектепке келип калыптыр. Аябай ыңгайсыз абалда болдум. Киного да далай жолу чакырды, бирок барган жокмун, баргым да келчү эмес.

Кадыр ар бир сөзүн орду менен сүйлөгөн, баскан турганы тыкан, өз жумушун сүйгөн адам экени сүйлөгөн сөзүнөн байкалчу. Бир жолу жумуштан жаңы эле чыгып үйгө бараткам. Кадыр шашкалактап астымды торой калды.

– Бүүрайма, сени менен сүйлөшөйүн дедим эле, бир аз убактыңды бөлүп койчу, – деди шашыла сүйлөп. Анын жалдырай карап, шашкалактап сүйлөгөнүнө бир чети күлкүм келсе, бир чети аяп кеттим. Тымызын турган турпатына көз кыйыгымды салдым. Ал арык чырай, узун бойлуу, коюу кара кашы ак жүзүнө жарашкан өңдүү жигит эле.

– Анчалык эмне сөзүңүз бар эле? – дедим жылмайып. Экөөбүз мектептин каптал жагындагы отургучка барып отурдук. Кадыр негедир бир топко буйдалып, араң сөзүн баштады.

– Бүүрайма, экөөбүз тең жалгыз бой экенбиз. Сен мага абдан жагып калдың. Эгер макул болсоң турмуш куралы дегем. Кызыңды өз кызымдай аталык мээримимди төгүп чоңойтом, убада берем. Баарын өз мойнума аламын, – деп сүйлөп жатты. Мен бир саамга ойлонуп отуруп калдым.

– Кадыр, мени кечирип кой, мен турмушка чыккым келбейт, – деп өзүмдү кармай албай ыйлап жибердим.

– Кантип болбосун, сен али жашсың. Баары бир жаштыгыңды бекер өткөрбөй, кайра турмушту улантуу керек да. Экөөбүздүн тагдырыбыздай тагдырлар толтура го. Убада берем, сени өмүр бою сыйлап, ардактап жашаганга аракет кылам. Көз жашыңды агызбайм, – деп жалбарып жиберди.

– Бүүрайма, мен сени бир көргөндө эле сүйүп калгам. Кызың деле мага көнүп калды. Жакшылап ойлонуп көр. Жообуңду бергенче тажабай күтө берем, – деди мага тигиле карап. Мен бир топко томсоруп, үнсүз отурдум. Унчукпай “Кош” дегендей баш ийкемиш болуп, акырын үйдү көздөй

басып кеттим. Артыман "Жообуңду күтөм" деген бойдон жалдырап кала берди. Ошондон кийин аянтчага да чыкпай койдум. Бирок Кадыр келип, мени күткөнсүп, отургучта отуруп кетчү болду. Арадан күндөр өтө берди. Көпкө чейин түркүн ойдун кучагында чырмалып жүрө бердим. Кыйналып, өз оюма өзүм чайналдым. Кадыр баары бир бош боло калса, жумушумдан чыгарда жолумду тосуп чыкчу болду. Бул жолу да астымдан тосуп чыгып, Кадыр экөөбүз келе жатканбыз. Энем кызымды сыртта ойнотуп жүргөн экен. Кызым мени көрөр замат "Апа" деп мага чуркады. Эрчишип келе жаткан бизди энем байкады. Мен кызымды өпкүлөп, "Жакшы барыңыз" дедим да, үйгө шыпылдай басып кеттим. Кадыр да акырын артка бурулуп баса берди. Артыман кирген энем менин жүзүмө тигилип:

– Эмне болду кызым? Тиги жаныңдагы жигитти эки жолу көрдүм сени менен. Ал ким экен?

– Аа, ал мени менен чогуу иштейт, – дей салдым, энемди тик кароодон жалтанып. Эхх! Бешенеге эмнелер гана жазылбайт ээ?!. Энемдин мени аяп, ичинен эзилип турганын бүт жан дүйнөм менен сезип турдум. Эне байкуш кантсин! Балдары үчүн ысыкка күйүп, суугуна тоңот тура... Чыдабай кетип, энемди бек кучактап, үнүмдүн барынча ыйлап кирдим. Энем чачыман сылап, өзү кошо ыйлап, эмне деп соороторун билбей бир топко кыйналды. Ичимдеги бугумду ый менен айдап чыгып, бетимди жууп келдим. Чай коюп, чай үстүндө Кадыр жөнүндө айтып бердим.

– Эмне дейин балам, байкап көр. Дагы адашпай тургандай бол! Эгер көңүлүңө жакса мен эмне демек элем. Сенин да бактылуу болгонуңду каалайбыз, – Көзүмдөн аккан жашымды салаасы менен аарчып:

– Болду кызым, эми ыйлаба! Сага да бакыттын нуру жарк этер күн келет, – деди энем өктөм сүйлөп. Мен жашымды сүртүп, өзүмдү кармап, башымды көтөрдүм.

– Кызым! Сен али жашсың, келечегиң алдыда. Дагы турмуш курушуң керек. Балким бул турмушуң сен каалагандай болуп кетер. Жакшылыктан эч качан үмүт үзбөш керек, – деп энем маңдайымдан сүйүп койду. Кадыр баягыдай эле жолумду тороп, кызымды эркелетип, өзүнө биротоло көндүрүп алды. Кадырды көргөндө кызым да дикилдеп чуркап барчу болду. Ал арада мен миң ойлонуп, миң толгонуп, далай уйкусуз күндөрдү өткөрдүм. Кадыр да мени шаштырган жок. Канча болсо да күтөөрүн айтып тынбайт. Бир күнү ата-энесин да жөнөтөрүн билдирди. Айткандай эле жумуштан келсем, үйдө бир топ кишилер отурушуптур. Энемдин “Кызым өзү билет, макул десе макулбуз. Жообун кызым айтсын” – деген сөзүн угуп калдым. Алар да макул дешип, бирок кайра келишерин эскертишип, үйдөн чыга беришти. Алар кеткенден кийин энем экөөбүз көпкө сүйлөштүк. Ары-бери ойлонуп, акыры Кадырга макул болууну чечтим. Чындыгында жалгыздыктан деле адам баласы азап тартат тура. Дагы бир жолу турмуш жолумду улантып көрүүнү туура көрдүм. Балким энем айткандай, бактылуулук күтүп тургандыр деген ойго чөмүлдүм. Ал күнү көпкө уктай албай, таңга жуук көзүм илинди. Энем ойготпосо, жумуштан кеч калмак экемин. Шашыла кийинип, жумушка бара жаттым. Көчөдө мага окшоп жумушка шашкан адам толтура. Бүгүнкү тирүүлүктүн кыймылы башталып, чыгыштан күн да кылайып, жарыгын чачып келе жатты. Сырттагы таза аба көңүлүмдү сергитип жиберди.

Кызык! Бул өмүр дегениң суудай агылып өтө берет экен. Адам баласы жашоо үчүн күрөшүп, жаны тынбай иштеп,

алдындагы максатка жетүүгө умтула берет экенбиз. Тагдырдын балын да татып, уусун да татып, турмуштун далай мушуна чыдап, өмүр күрөшү менен алпурушуп жүрө беребиз. Эртеңки күнүбүз эмне болорун эч ким айта албайт! Жашоонун өзү оор-жеңили, ачуу-таттуусу менен кызык. Өз ойлорум менен убараланып бара жаткам. Бир убакта капыстан эле:

– Саламатсыңбы сулуу бийкеч? – дегенде чочуп, жан жагыма кылчайдым. Өзүнчө кабатырлангандай түр менен Кадыр турат.

– Саламатчылык, – дедим жылмайып.

– Макул деп койчу, мени кыйнабай, – деп колумду кысып турду. Мен баш ийкедим. Кадырдын өңү заматта жадырай түшүп, аз жерден мени кучактай кала жаздап, айланадагы адамдардан тартындыбы, айтор араң карманды.

– Анда эртең туугандар менен келип, сени алып кетебиз.

– Кайда? Самаркандеккеби?

– Ооба. Алар эртең келишет, – деди Кадыр. Мен унчукпай жылмайып койдум да, колумду булгап, жумушка шашыла кете бердим. Чынымды айтсам ошол күнү сабагым да бир кызыктай өттү окшойт. Улам ар кандай ойлорго чырмалыша берип.

Сабактан ал күнү кечигип чыктым. Дептерлеримди текшерип, үйгө атайын шашылганым жок. Кабинетимди иреттеп коюп, анан үйгө жөнөдүм. Дарбазадан кирерим менен энем астыман чуркап чыкты.

– Кызым, тигилер келиптир, сени бүгүн эле алып кетебиз деп жатышат, - деди энем тынчсыздангандай түр менен. Негедир билип турсам да, денемди майда калтырак басып, оор улутунуп жибердим. Айла канча, макул болуп койдум. Эки-үч аялдар отурушуптур. Алар мени менен учурашып, тамак жегенче аркы-беркини сүйлөшүштү. Ата-энем болбой

эле алда качан мал союп, тамак тартылды. Өзүмдүн бөлмөмдө канчалык кармансам да болбой көздөрүмдөн ысык жаштар куюлуп жатты. Кызымдын мени сумсая караган түрүн көрүп, боорум ачып кетти. Дароо көз жашымды сүртүп, кызыма күлө карап, бооруma кыстым. Бир убакта энем бөлмөгө баш бакты. Колунда тигилер алып келген кийимдерди көтөрүп кирип, мага сунду.

– Кызым. Тигилер күтүп калды. Жол алыс, эртерек чыгалы деп шаштырып жатышат. Батырак кийине сал, – деди. Мен энемди кучагыма кысып, коё бербей турдум. Жеңем колуман тартып, мени шаштырып кийинүүгө жардам берди.

– Кызым, кызың менде кала турсун, анан жеткирип берем, – деди энем. Ошентип жолго чыктык. Кадыр жумуштан кийин, колуна гүл кармап үйгө келип, мени алып чыккан болчу. Бизди алып бара жаткан машиненин суусу улам кайнап айдоочуга да, бизге да ыңгайсыздык жаратты. Жарытылуу эч нерсе сүйлөшкөн жокпуз. Тиги эки аял гана анда-санда бирдемелерди сүйлөгөнү болбосо. Мен сырттагы табигаттын сулуулугуна суктана карап, өз оюм менен алекмин. Ушундай жаратылышы сулуу жерде төрөлгөнүмө шүгүрчүлүк кылдым. Жолдо баратып, шаркырап агып жаткан Козу-Баглан дарыясына тигилдим. Ай нуруна чагылышып, суусу бир калыпта өз нугунда агып жатты. Жаңгактыга жеткенде машиненин суусу дагы кайнап кетип, шофёр дарыянын суусунан алып келип, машинесине куюп, бир топ убараланды. Күркүрөгөн дарыянын дабышына үнсүз кулак түрөм. Бир чети ичим уйгу-туйгу болуп тынчсызданып да жаттым. “Кадырдын ички дүйнөсү кандай болду экен” деген ойлорго да чөмүлө түшөм. Албетте, тааныш эмес үйгө, тааныш эмес жерге бара жатам. Экинчи турмуштун сыноосуна аттанып баратам. Ойго чөмүлгөн

мени Кадыр колуман жетелеп, дарыянын жээгине алып барды. Биз колубузду жууп, суудан ичтик. Кадыр мени имере тартып, маңдайымдан өөп койду. Чочуп кеткен жаным, ары түртүп, машинеге шыпылдай бастым. Улам токтоп жүрүп, Самаркандекке түн бир оокумда кирип бардык. Биз барарыбыз менен үч-төрт аял чыгып, мени машинеден түшүрүп, башыма жоолук салышты. Жетелеп, ырым-жырымы менен үйгө киргизишти. Тамактары да эчак даярдалган көрүнөт. Жайылган дасторконго тамак тартыла баштады. Менин жанымда бир топ кыз-келиндер отурушту. Аркы бөлмөдө отурган аялдар мен жөнүндө сөз кылып жатышты. Менин кайдан экенимди, кайда иштеримди чогуу келген аял божурап берди. Менин жанымдагы бир келин Кадырды мактап, анын мүнөзүн айтып отурду. Жада калса аялы жөнүндө да айтып салды. Мен унчукпай угуп отура бердим. Тамак ичилип бүткөндө Кадырдын энеси кирип, өзүн тааныштырды, башыма өзүнүн атаган жоолугун салып, батасын берди. Башка аялдар баталарын берип, жоолуктарын салып, акырын чыгып кетишти. Бир аздан кийин молдо келип, никебизди да кыйды. Бөлмөдө жалгыз өзүм калдым. Бир аздан кийин Кадыр кирди. Андан башкасын тааныбаган жаным, ал киргенде сүйүнүп кеттим.

– Кандай менин сулуум? Баары жакшы болот. Мен ушул айылда өскөмүн. Сен эч кабатыр болбо, сен үчүн баарына даярмын. Сага жолуккандан бери менде уйку жок эле. Сага жетсем дегенде эки көзүм төрт болуп, кудайга күндө жалындым го, – деди Кадыр мени өзүнө тарта кучактап.

– Сени төбөмө көтөрүп, сыйлап жүрүп өтөмүн, кызыңды да колго алабыз, –деп кошумчалады.

– Сенин уулуңчу? – дедим капыстан.

– Мен баламды алып кеткенден бери көрө элекмин. Бир жолу барсам көрсөтпөй коюшту. Анын сага зыяны тийбейт деп ойлоймун, – деген Кадыр ойго чөгө түштү.

– Эмнеге антип айтасың? Балада эмне күнөө, эгер алып келсең дагы сонун болмок. Кызым экөө чогуу чоңоёт эле, – дедим.

– Билбейм, бербейт го. Бирок жакында угуп калдым, балам Бекзатты интернатка тапшырыптыр деп угуп калдым. Али чын-төгүнүн биле элекмин. Эгер чын эле ошондой болсо, сот аркылуу алып келем.

Таң атууга жакын калгандыктан бир аз болсо да уктап алууга жата кеттик.

Менин экинчи турмушум ушинтип башталды. Жайкы каникулга чейин иштеп турууну чечтик. Ата-энеси да каршы болбоду. Үч күндөн кийин Кадыр жашаган квартирага көчүп келдик. Ошол күнү ата-энем да бизди жайгаштырып, үйгө төркүлөтүп чакырды. Анткени, кайненем кошо келген болчу. Арадан эки жарым ай өткөндө мен эмгек өргүүсүнө чыгып Самаркандекке келдим. Кадыр ишинен которулганча алыстыгына карабай барып келип иштеп жатты. Бул айылда сууну тээ сайдагы арыктан ташып ичишет экен. Бирок Кадыр мага бир да жолу суу ташыткан жок. Анын суу ташып бергенин көргөн достору шылдыңдап жүрүштү. Бирок аларга көңүл да буруп койгон жок. Акырындап бул жерге көнүшө баштадым. Кызымды да колума алгам. Балээнин баары ошондо башталды. Кадыр айтканымдын баарын жасайт. Кызымды өз кызындай эркелетип жакшы көргөнү, кайненем менен кайынсиңдиме жага бербеди. Кадимкидей эле угузуп: “Өз баласын карабай. Кайдагы бир эрчинди кызга мээрин төккөнү эмнеси” – деп сүйлөнүп жүрүштү. Кызымды жаман көздөрү менен карашат. Ошон үчүн да Кадырга уулу Бекзатты алып келүүнү өтүндүм. Кадыр уулунун интернатта

экенин билип, сот аркылуу тез эле уулун өз колуна алды. Мен абдан кубандым. Бекзат оболу көнө албай, көпкө кыйналды. "Мен кетем, апалар жаман, мени апам таштап кеткен, сен да жамансың, мен интернатка кетем" – деп, Кадырдын аргасын далай кетирди. Мен канчалык мээрим төккөнүм менен, мага түк ийилбей койду. Ошентсе да кызыма эмне алсам, ага да кошо алам, экөөн бирдей карайм. Айзат да Бекзатты байкелеп, жакшы көрөт. Кээде экөө бирге ойноп калса, кайненем же кайынсиңдим Бекзатты жетелеп кетет. Билбейм, кыязы мен жөнүндө, кызым Айзат жөнүндө жаман айтышат окшойт. Бизден оолактап кача турган болду. Бир жолу кайненем жаныма келип:

– Келин болуп келгени суу ташыбасаң эркелеп, Кадырдын башын айлантып салдың. Кызыңа биротоло байлап алдың, – деп кыйкырып кирди.

– Эне, мен экөөнү бирдей көрөм. Балада эмне күнөө. Кызыма кандай мээрим төксөм, Бекзатка да ошондой мээрим төгүп, карап жатам. Бирок, эмнегедир менден качып калды, – дедим да кызымды кучактап үйгө кирип кеттим. Үйдө көпкө ыйладым. Байкуш кызым: "Апа, жүрү таенеме качып кетели. Ал бизди уюшпайт" – деп чулдурап жатты. Бир туруп кетким да келип жүрдү. Бир гана Кадырды кыя албай жүрдүм. Арадан бир жылдай өттү. Бекзаттын чыры басылар эмес. Кадыр аргасыз Бекзатты интернатка кайра алып барып, таштап келди. Бирок жума сайын барып келип турдук. Биз ошол арада уулдуу болдук. Атын Улар койдук. Кубанычыбызда чек жок эле. Бара-бара кайненемдин да, кайынсиңдимдин да көр жемесине көнүп калдым. Эмне гана дешпеди. Кызымды көзкөрүнөө эле каргап-шилеп калчу. Кызым жаш болсо да баарын түшүнөт. Алар көзүнө көрүнсө эле унчукпай отуруп калат. Бул жердин шартына, салтына биротоло көнүп бүттүм. Уулум кичине болгондуктан үйдө

отуруугa туура келди. Кайненем күн сайын мага каарын бир чачып албаса, күнү көңүлдөгүдөй өтпөйт эле. Ага кошумча болуп, кайынсиңдимдики да сөөктөн өтөт. Бир аз эле каяша айтсам, кайынсиңдим чачтан алган күндөрү да болду. Чыдадым кетип, бир күнү Кадырга баарын айттым. Кадыр апасы менен да, карындашы менен да сүйлөшүп жатты. Алар түшүнмөк тургай, кайра күчөшөт.

– Бүүрайма! Баары жакшы болот. Сендей сулуу аялым бар болгонуна сыймыктанам. Алар сүйлөй берсин, бирок мен сенин айтканыңды гана угам, айткан убадам боюнча сыйлап жүрүп өтөм, – деди бир күнү. Келин болуп келгени бир да жолу Кадыр экөөбүздүн арабызда “Чырк” эткен чыр чыга элек. Канча жолу апасы жалган жалааны жапса деле, макул деп башын ийкеп, кутулуп кетет. Ал карындашына да, апасына да катуу сүйлөбөйт. Алар ажылдап урушуп турса да, жылмайып күлүп тура берет. Мен Кадырдын ушунчалык оор басырыктуу экенине таң калдым. Мен капа болгон күндөрү машинесине кызым экөөбүздү салып алып, базарга, же киного, жаратылышка алып кетчү. Акырындап, апасы да, карындашы да Кадырга тилдери өтпөсүнө көзү жеттиби, айтор мурдагыга караганда азыраак уруша турган болду. Самаркандектин базары өтө чоң базар, биринчи көргөндө аябай таңдандым. Кээде өзүм да барчу болдум. Автобус толо адамдар болот. Анысы да мейли, толгон мешоктор. Көрсө, бул тарапка тээ Исфана тараптан да соода жасагандар алма, өрүк, күрүч сатып кетишет тура. Алар базарга барганда, көбүнчө дүңүнөн сатышат экен. Көпчүлүгү аялдар, эркектер да бар. Мен да элдин шары менен базарды аралап жүрдүм. Ала тургандарымды кагазга жазып алгам. Ошол боюнча улам баасын сурап, салыштырып, өзүмө жакканын алып жаттым. Күрүч алайын деп ошол катарга келдим. Күрүчтүн баасын сурайын деп

башымды көтөрсөм, бир киши мага тигилип туруптур. Негедир тааныш көздөр. Ким эле?! Бир азга ойлоно түштүм. Эстей албай жаттым. Ошол учурда тиги киши:

– Кечиресиң, сен Бүүраймасыңбы? – деди. Тааныш үн. Жүрөгүм "Болк" эте түштү. Кайра карадым. Тообо, "Бул Муса го" дедим ичимен. Жооп бергендин ордуна "ооба" дегендей баш ийкедим.

– Кандайсың, Бүүрайма? Сен бул жакта не кылып жүрөсүң?

– Сен Мусасыңбы? – дедим жооп бербей. Ал башын ийкеп, мага колун сунду. Учураштык. Муса көпкө колумду коё бербей сурашып жатты. Бирок, ага болгон таарынычтын ызасы, ичимди куйкалап жибергендей болду. Колумду, булкуп тартып алдым да, аны ызалуу карадым.

– Эмне болду, Бүүрайма? Эгер макул болсоң бир аз кафеге кирип сүйлөшөлү, – деди тайсалдап. Мен ичимден аны бир чети жек көрүп, бир чети жолукканыма сүйүнүп турдум. Терс бурулуп кетип калгым келди. Бирок кеч болсо да ичимдеги таарынычымды айтып алгым келди. Экөөбүз эрчишип, бир кафеге келдик. Муса да бир кыйла өзгөрүптүр. Мурдагыга караганда бир аз толуп алган. Чачтарын да ак аралап калгандай.

– Сен бул жерге жумуштап келдиңби? – деди Муса.

— Жок мен Самаркандекте жашайм.

Мен өзүмдүн өткөн жашоом, талкаланган тагдырым жөнүндө айтып жаттым. Мен сүйлөгөн сайын Муса күнөөлүүдөй жер карап, тунжурап отурду. Арада оор үшкүрүнүп да алды. Бир аз убакыт ойго батып, акырын өзү жөнүндө айтып берди. Ал армиядан келгенден кийин айылда мугалим болуп иштегенин, көп жыл үйлөнбөй жүргөнүн айтып өттү. Ата-энеси бир кызга кыйнап атып үйлөндүрүшүптүр.

– Бирок мен сени алиге чейин унута элекмин. Сенин сүрөтүң дале менде сакталуу. Аны чоңойтуп алган элем. Мен да сага ызаланып жүрдүм. Көпкө өзүмө келе албадым, – деди Муса.

– Ой койчу, Муса! Эгер сүйөрүң чын болсо, мага жолукканыңда, бир аз мени уксаң болмок. Ошондо мен айылга качып бараткан элем. Сени ойлоп, канча түндөрдү уйкусуз өткөрдүм, – дедим ызамды баса албай.

– Бүүрайма, мен сени Ошто жашап калган деп ойлочумун. Сенин турмушуңду бузгум келген эмес эле, – деди Муса жалооруп.

– Баары артта калды, тагдыр деген ушундай тура... Ооруган жүрөгүмдү убакыт акырындап дарылаган менен, сага болгон сүйүүм дале жаш бойдон жашап жатат, мобу жүрөктө! – деп колумду жүрөгүмө койдум.

– Эми жашооң жакшы болсо, эмне дейин, сага зыяным тийбесин, амандыгыңды тилейм. Бактылуу болсоң болду. Мен болсо бакыт менен деле жумушум жоктой, балдарым үчүн гана жашап жүргөн убагым.

Мусанын баякыдай жылмайган күлкүсү өчүп калгандай. Баятан бери отуруп, бир жолу жылмайганын байкаган жокмун. Бир чети аны ичимен аяп да кеттим.

– Кудайга шүгүр, кадырыма жете турган күйөөгө жолуктум, жашап жатам. Уулум бар, кызым бар. Эч нерседен кемим жок. Айла канча, эми сен да өз турмушуң менен бактылуу өмүр сүр, – дедим Мусаны тикирее карап. Ошол мезгилдеги Мусанын абалы ушунчалык аянычтуу көрүндү мага.

Аттиң, бир кезде экөөбүз эч качан ажырабайбыз, өмүр бою бири-бирибизди сүйүп жүрүп өтөбүз деген ойлор, сөздөр, убадалар дайым эле аткарыла бербейт тура. Баарын кыстаган турмуш жеңип кетет экен, кашайгыр. Ал

сөздөр жүрөктө гана картайбай жашап кала берет турбайбы! Арадан канча жылдар өтүп, чачыбызды бириндеп, ак аралап калганда, тагдырдын экөөбүздү жолуктурганын кара! Менин ичим өрттөнгөндөй эле, Мусанын да жан дүйнөсү кыйналып, өзөгүн өрт каптап турганын өңүнөн билип турдум. Муса алган тамагын да жарытылуу жеген жок, бир эки ооз тийген боюнча калды. Экөөбүз кафеден чыккан соң, мен ала турганымды алып бүткөнчө Муса сумкаларымды көтөрүшүп, анан мен жөнөчү автобуска салды. Экөөбүз ичибизден бири-бирибизди кыялбай турсак да, аргасыз салкын коштоштук. Ал автобус жыларда гана баякыдай сүйкүмдүү жылмайып, мага кол булгады. Автобуста качандыр бир мезгилде экөөбүздүн студенттик күндөрүбүздү ойлоп бараттым. Эх тагдыр! Мени өзүңдүн калбырыңда каалагандай элеп, тегирмениңде каалагандай эзгилединң! Бирок кайсы күнөөм үчүн? Көзүмдөн тоголонгон ысык жаш колума тамганда чочуп кетип, арчый койдум. Адамдар баары өзү менен өздөрү алек болуп бара жатышыптыр. Мени менен эч кимдин деле иши жоктой.

Кайын журтумдан канчалаган сөздөрдү угуп, канча азапты тартсам да, Кадырдын сүйүүсү үчүн, мага жасаган мамилеси үчүн кечирдим баарын. Кадыр экөөбүздөн үч уул, Айзат менен төртөө. Бекзат болсо, апасы менен бирге жашап калды. Бирок анын окуусуна да ар дайым жардам берип турдук. Айзатымды жогорку окуу жайга окуттук. Кадыр өзүнүн берген убадасына тура алды. Кийинки балдарыбыз да каалаган окуусунда билим алышты. Кадыр экөөбүз учурда пенсия жашында, балдарыбыздын төрүндө сый көрүп жашап келебиз. Жаш кезимде тагдырым талкаланып, турмуштун далай мушун жеп, тагдырымдын оор сыноосун көтөрө билип, бүткүл азап-тозогумду, бир гана Кадырдын мага болгон сүйүүсү менен жеңе алдым. Атаганат, көрсө

сыноолорго сынып калсам, талкаланып жок болмок экем. Ар бир адам өз тагдыры, жашоосу үчүн күрөшө билүү керектигин түшүнбөдүмбү?.. Экинчи турмушумда кайненем менен кайынсиңдилерди эске албаганда, бактылуулуктун сересине жеткирди деп айта алам.

Мына эжеке, баякы тагдыры талкаланган сулуу келин, чачын ак аралап, жүзүн бырыш каптап, эми бактылуу байбиче болуп маңдайыңызда отурат.

Бүүрайма сөзүн аяктап, бир оор жүктөн жеңилдегендей үшкүрүнүп алды да, сөзүн бүтүрдү.

Көп жылдар бою эсимден кетпей, Бүүрайманын кийинки тагдырын ойлоп, жүрөгүм дүпөйүл ойлорго чырмалып жүргөн элем. Ага жолугуп, кийинки тагдырын уккандан кийин, мен да ийнимди басып турган оор жүктү алып салгандай жеңилдей түштүм, урматтуу окурмандарым!

* * *

## СУУГА АГЫЛГАН СҮЙҮҮ
### (Аңгеме)

Бүгүн да күн күндөгүсүнөн бүркөө тартып, Гүлү эженин кайгы тарткан жүрөгүн ого бетер кыйнагансып турду. Айла канча, эженин бала үчүн тарткан кайгысы өмүр өткөнчө унутулбай, кайра күндөн-күнгө күч алып, күн өткөн сайын унутулбай жүрө берди.

Айлар алмашып, канчалаган жылдар өтсө да эженин баласын эстебеген, ойлобогон күнү такыр болбойт. Көнүмүш адат, кечке отурчу кичинекей таштын үстүндө, айланасына көңүл бурбастан ойлогону бир гана баласы болуп, көңүлү дайым ачык эмес, кобурап өзүнө-өзү сүйлөп отура турган.

Ооба, жапжаш жаңы эле он сегизге толгон баласынан ажыроо Гүлү эжени өмүр бою кайгыга салды го чиркин. Баласынын акыркы үйдөн чыгып кеткен күнүн эстей берет. Ал мектепте окуп жүргөн кичине чагында, жаз алды менен кылтыйып байчечекей ачылган кезде андан терип келип энесинин маңдайына, жоолуктун кыюусуна кыстарып койчу. Байчечекейдин чыгышын аябай күтүп жүрүп терип келчү.

Ошол күнү эң акыркы жолу энесинин бетинен өөп, жылмайып кол булгалап кете берген. Эрмек кубанычы койнуна батпай, энеси турганда кошо эрте ойгонуп, бак астында кобурашып чай ичишкен. Алар өткөн-кеткендерди эстеп отурган эле.

– Эне, бүгүн мен досторум менен Өзгөрүшкө барабыз, Козу-Баглан дарыясынын жээгине. Ал жакта жолугушуубуз бар, – деди Эрмек.

Ошондо Гүлү эженин жүрөгү бир нерсе сезгендей зырт деп өңү бузула түштү да;

– Неге? – деген бойдон сөз сүйлөбөй отуруп калды.

Кантсе да эне, баласын буга чейин өзүнөн алыс эч бир чыгарган эмес. Бир жакка кетсе, келгенче убараланып көп ойлоноор эле. Сыртында айтпаса да ичинде кандайдыр кыжаалаттанып, негедир жөнөткүсү келбей, аны-муну шылтоолоп жатты. Бирок убадалашып койгон Эрмек кийимдерин даярдай берди. Оюнда эч нерсени ойлобой жөнөгөн баласына кайра-кайра эле:

– Өзүңдү жакшы карагын, этият бол, мен сени эч жакка жөнөткүм келбей жатат, – деди Гүлү эже.

– Эне, болгону бир эле күнгө барам го, кабатыр болбоңуз, мен чоңоюп калбадымбы, – деп энесин алаксытты.

Бирок эне-бала ошол күнү акыркы жолу бир дасторкондо чай ичип, тамак жегенин сезишкен жок. Эрмек адатынча энесине эркелеп, эч нерседен бейкапар.

Эне болсо күйпөлөктөп тапкан ташынганын бак астына алып келди. Эрмек ошол заматта Гүлмайрамды ойлоп, амал-аракет кылып, өзү менен жакшы көргөн кызы да барарын энесине айта албады. Ал учурда уялуу сезими өтө күчтүү эле. Эне-бала көпкө отурушту. Эрмек болсо тегеректеги кырларды айландырып тиктеп, көзү тойбогонсуп, энесин кучактап, баары жакшы болот деп кайталап, энесин тынчтандырды.

Күнөөкөр пендеси алдыда боло турган кайгылуу өлүм күтүп турганын эч ойлобойт да. Эрмек энесин кучактап, акырын кулагына шыбырап:

– Эне, кечинде эле келип калам, мени адаттагыдай жакшы тамак жасап, күтүп аласыз.

– Балам, этият болуп барып келгин, мага жасаган эркелигиңди кылбагын!

– Болуптур эне, – деп колун булгалап, үйдөн жөнөп кетти.

* * *

Эрмек үй-бүлөдө кичүү болгондуктан өтө эле эрке болуп чоңойгон. Энеси жанынан чыгарбай эмне десе ошону толук аткарып, каалаганын алып берчү. Эрке болгону менен ал акылдуу, сымбаттуу аппак жүзү өзүнө жарашып турчу. Анын ырга болгон шыгы мектепте окуп жүргөндө эле билинип, кичинекей концерттерде ырдап, гитара чертип, кароо-сынактарда алдыңкы орундарга жетишчү.

Ооба, ал үйдө болобу, мектепте болобу дайым ырдап жүрчү. Ошентип, мектепти бүтөөрү менен эле өзү жашаган Сүлүктү шаарындагы маданият бөлүмүндөгүлөр чакырып, ошолор менен бирге ар кай жактарга концерт берип жүрчү. Анын оюнда музыкалык жогорку окуу жайына тапшырып, борбордон билим алуу эле. Сахнада да өзүн эркин сезип, берилип ырдачу. Ошентип жүрүп, башка айылдан бир кыз келип, жолугуп калды. Гүлмайрам экөө тез эле тил табышып кетишти. Ал кыз да таланттуу кыз экен. Ырга болгон аракети жагып, аны да маданият бөлүмүндөгүлөр чакырып алышты. Ал айылдан келгенденби көпкө чейин тартынып жүрдү. Бара-бара Гүлмайрам шаарга көнө баштады. Ал эжесинин үйүндө жүрчү.

Эрмек экөө бат эле бири-бирине ашык болуп калды. Алар сахнада бирге басышып, асмандагы түгөй жылдыздардай жанаша чыгышат. Аны көргөндөр экөөнө суктанып карашчу. Концерттен кийин шаардын гүл багында таза абада көпкө жүрүшөт. Ошентип ал экөө бара-бара тез-тез жолуга турган болушту. Эрмек башкача бир сезимге туш болгонун ичинен ойлоп коет. Экөөнүн жашы да тең болуп чыкты. Күн сайын маданият сарайына келишип, концертке даярданышат. Анан эс алуучу жайга келишип, ар кайсы ырларды ырдоо үчүн план түзүшөт да, анан Гүлмайрамды эжесинин үйүнө күн сайын узатып коет. Айылдан

келгендиктен, ар алтынчы күнү айылга кетип, дүйшөмбү күнү шаарга кайра келет. Эрмек ошол күнү узатып, келер күнү күтүп ала туран болду. Жакындагандан жакын мамиледе болуп калышты. Ошентип, мезгилдер алмашып, жаз убагы келди. Экөө каерде концерт болсо, мектептеби, маданият сарайындабы бирге жанаша ырдашат. Ишемби күнү келсе эле ойлоно калышчу. Арадан дагы ишемби келди. Экөө эс алуучу бакта отурушкан.

– Эртең айылга кетиш керек, – деди Гүлмайрам.

– Гүлмайрам, ушул аптада айылга кетпей эле койчу, сени шаардын жакшы жактарына алып барып көрсөтөм, көрөсүң го, өтө кызыктуу жерлер.

– Макулсуңбу? – деп Гүлмайрамдын колун катуу кысып кармады.

Ал көпкө ойлонуп, макул болду. Кубангандан Эрмек бекем кучагына кысты. Гүлмайрам кызык абалда калды. Экөө ишемби күнү эртең менен чыгаарын белгиледи да, эжесинин үйүнө жеткирип, көпкө коштошо албай Гүлмайрамдын колун араң бошотту.

– Макул, болуптур. Эртең көрүшкөнчө, – деп Эрмек араң кетүүгө аргасыз болду.

– Эртең сени күтөм.

Гүлмайрамдын сулуу элеси көз алдынан кетпей туруп алды. Аялдамага келип, автобуска түшүп, үйүнө келди.

Энеси алдынан чыгып:

– Эрмек, сен көп кармала турган болдуң, балам – деп аны мээрим толгон көзү менен карады.

– Балам, тамагың сууй электе ичип алгын – деди.

Эртеси Эрмек аялдамага чыгып Гүлмайрамдын келишин чыдамсыздык менен күтүп жатты.

Сүлүктү шаары кичине шаар болгон менен өтө эл көп. Алардын үйү шахтага жакын жерде жайгашкандыктан

шахтерлор сменага келгенде жол жык-жыйма болуп кетет. Ошолорду карап, Эрмек өзүнүн жашаган шаарына сыймыктанып турду. ПАЗ кичи автобустар менен шахтерлор ар тараптан келип иштешет. Смена болгон учурда катарлашкан автобустар келип катары менен турушат. Баштарында каскасын кийген, маңдайында чырагы менен көптөгөн шахтерлор чубап, шахтаны көздөй шашылыш кетип жатты. Алар түрдүү улуттагы орус, татар, өзбек, күрт, украин дагы башка улуттагы адамдар. Баары ынтымактуу иштешет.

Эрмек баарын карап турду. Шахтадан чыгып жаткан вагондогу көмүрлөр, көмүр ташуучу узундан-узун поезд, өз жумуштарын аткарып жаткан шахтерлер. Кыскасы, өтө кызыктуу. Ошолорго ою бөлүнүп калды. Аңгыча эле ПАЗ автобусу аялдамага токтоду. Терезесинен Гүлмайрам карап келе жатыптыр. Көзүнө жарк дей түштү. Токтоору менен эле шашылыш чыгып, Гүлмайрамдын жанына саламдашып отура калды. Анын жүзү сулуу көрүнүп кетти.

– Эрмек, каякка барабыз? – деген суроо узатты Гүлмайрам.

– Автобустун акыркы барган жерине барып түшүп, андан ары жөө барабыз. Мен сага КРАЗ, БелАЗдарды жана алардын көмүрдү каяктан ташып жатышканын көрсөтөм.

Автобус зымырап баратты.

– Биздин шаарда ачык да, жабык да шахталар көп. Азыр экөөбүз ачык шахта жакты көрүп келебиз, – деп колун кысып койду.

Аз эле убакыттан кийин бир дөңсөөгө чыга келишти. Жапжашыл болгон ойдуң-кырлар, дөңсөөнүн асты жагында чоң жол. Ал жолдон тынбай БелАЗ, КРАЗдар көмүр ташып жатыптыр.

– Сен билесинби Гүлмайрам? Ушул жерден өйдө карап кеткен зоонун астында ачык шахта бар. Ал жерде чоң-чоң экскаваторлор көп. Алар ушул машиналарга көмүр жүктөп беришет. Эч мындайды көрбөгөн Гүлмайрам таң кала:

– Мен көмүрдү жердин астынан казып аларын уккам. Бирок, ачык шахта да бар турбайбы?

Экөө жапжашыл болгон дөңсөөгө чыгышты.

– Карасаң, эгин талаа, наркы тоону көрдүнбү? Тээ маңдайда Агача булак бар. Көп жылдардан бери ошол таштын арасынан агып чыгат. Андан берки дөңсөө Коросон деп аталат. Зоонун артында ачык шахта. Ошол жерден бул машиналар биз жашап жаткан жерге көмүрдү ташып жеткирет. Андан поездге артып, Тажикстанга жеткирилип, башка мамлекеттерге алып кетет, – деп Гулмайрамга түшүндүрүп берди.

Алар көк шиберде кечке отурушту. Жаз жаңы келгендиктен айлана жашыл кооздукка бөлөнүп, жаз жыты жакындап, эми эле баш багып чыгып келе жаткан майда гүлдөр гүлүн ача баштаптыр. Эрмек менен Гүлмайрамдын бири-бирине болгон сүйүүсү кудум эле ушул жаз алды менен ачылган гүлдөрдөй кулпура баштагандай. Көк майсанда асманды тиктеп, катар жатып, булуттарды ар нерсеге окшотуп, каткырышып, аз-аз соккон назик шамал алардын чачтарын уйпалап, сылап жаткандай. Бири-бирине ыкташып, кучакташып, жылып бараткан булуттарды улам карашат.

– Карасаң тиги булутту? Аппак пахта сыяктуу, анан жылып баратканда экөөбүзгө окшоп, эки топ булут жакындашып келе жатат, – деп Гулмайрамды бекем кучагына кыса:

– Ээй, булуттар! Жылбагыла, бизди карап тургула, биз бүгүн бактылуубуз! – деп кыйкырды Эрмек.

Экөө өздөрүнүн сүйүүсүн ошол апапакай булуттарга окшотуп жатышты.

Көмүр ташыган КРАЗ, БелАЗдар тынбай өтүп жатышкан. Аларга да кол булгалашып коюшат. Аңгыча БелАЗ айдаган орус шофер буларга да "Силер бактылуусуңар" деген кыязда кол булгалап өтө берди.

Экөө келечектери жөнүндө көп сөз кылышты. Ошентип, кайта турган убакыт да болуп калды. Жетелешип жолго чыгышты. Бири-биринин колун бекем кысып, келе беришти. Гүлмайрамдын жүзү тамылжып, өзүн күнөөкөрдөй сезип баратты. Аңгыча эле шаарга жетип келишти. Аялдамадан ПАЗ автобусунун артынан орун алышты. Кудум эле элдин баары экөөнү карагандай Гүлмайрам уялып турду. Мына Эрмек түшө турган жерге келишти.

– Болуптур, Гүлмайрам, жакшы жетип ал. Эртең жолугабыз, – деп колун бекем кысып түшүп калды. Колун булгап кала берди Гүлмайрам.

Эжесинин үйүнө барды. Босогодон аттаганда эле:

– Каякка бардың? Акыркы убактарда кечигип келе турган болдуң го, айылга да барбадың, – деди эжеси.

– Жөн-жай эле, – деп жооп кайтарып койду эчнерсе билдирбей.

Ошентип, экөөнүн бактылуу күндөрү өтүп жатты.

Толук жаз келип калган учур эле. Эртең менен клубдун жетекчиси мектептерге концерт коюп келүүнү айтты.

– Концертке даярдангыла! – деди.

Эрмек менен Гүлмайрам кечке сахнада жандуу үндөрү менен ырдашып, экөө бири-бирине жарашып, өтө жакшы даярданышты. Жанындагылар экөөнө суктана карашат. Даярдык бүткөн соң экөө гүл бакка келишип көпкө олтурушуп, эч эле бири-биринен ажырагысы келбей узакка жүрүштү. Кеч болуп калгандыктан үйлөрүнө араң кетишти.

Эртеңки концерттик программалардын баарын такташты. Алар Өзгөрүшкө баруу керек. Экөө тең ал айылга барган эмес. Уккан менен кызыктуу болсо керек деп ойлоп коюшту.

...Ошентип, энеси менен чайды ичип, энесин кайра-кайра кучактап, кечинде келээрин айтты. Энеси болсо аялдамага чейин Эрмектин артынан карап турду. Эрмек болсо кадамын тез-тез ылдамдатты. Эне баласын акыркы жолу узатканын туйган жок...

Эрмек белгиленген жерге барып, Гүлмайрам экөө калгандар менен кошо кичинекей ПАЗ автобуска чыгышты. Өзгөрүшкө жетиш үчүн көп айылдарды аралап жүрүштү. Эң эле жашы Эрмек менен Гүлмайрам эле. Эки жаш эң жакын мамиледе болгондуктан ортодогу махабаты ачык эле болуп калган. Алар үчүн бири-бирисиз жарык жашоо кызыктуу эместей сезилет.

Өзгөрүшкө да жетишти. Жол бою Коргондон баштап, Козу-Баглан дарыясын бойлоп, дарыянын кантип агып жатканына таң калып барышты. Оргуштап агып жатканын көрүп, жээгинен көрүүгө кызыгышты.

Мектепке да келишти, даярдык көрүштү. Анан Козу-Баглан жээгине барууну чечишти. Биринчилерден болуп Эрмек менен Гүлмайрам жөнөштү.

– Дарыянын сүрүнөнбү, эмнегедир менде кандайдыр коркуу сезим келип жаткандай, – деди Гүлмайрам.

– Эчтеке эмес, сенин жанындамын го, – деди Эрмек.

Дарыянын жээгине келип олтурушту, көпкө сүйлөшүштү. Бири-бирине болгон тунук сүйүүлөрүн айтышып, эч качан ажырабайбыз деп, аны албууттанып агып жаткан дарыяга кыйкырып айтып жатышты.

– Эрмек, жанымдан кетпейсиңби? Кудум эле сен кетип кала тургандай сезилип жатат мага, – деди Гүлмайрам Эрмектин колун кыса.

– Сен үчүн келдим, Гүлмайрам. Сага болгон сүйүүмдү айтыш үчүн, дарыяга да жар салыш үчүн, – деп кыйкырды Эрмек.

Дарыя бойлоп жүрүштү. Жээкти бойлой ар түрдүү гүлдөр, чөптөр, чычырканак көп өсөт экен. Эң кооз куштардын кубулжуган үндөрү керемет.

Атаганат, адам затына жаратылыштын эң кооз атыр жыттуу гүлдөрдүн, чөптөрдүн аңкыган жыттары насип эткен тура. Жаратылыштын сулуулугуна тойбой, жашоонун жыргалына батып, бүгүндөн эртеңки күнү тагдырдан эмне күтүп жатканын сезбейт тура, адамдар... Эч нерседен бейкапар Гүлмайрам менен Эрмек дарыянын агымына карашып, табияттын сулуулугуна сугу артып, көпкө жетелешип жүрүштү. Дарыя күү-шаа тартып, оргуштап агып жаткан. Алар жээкке келип отурушту. Дарыя экөөнүн сүйүүсүнө жалгыз күбө болгондой оргуштайт. Козу-Баглан дарыясынын шаркырап, жинденип аккан агымынан чочулап койбой, Гүлмайрам жээктен ичкерирээк турган суу ичиндеги ташка секирип өттү. Эрмектин Гүлмайрамга карап:

– Неге ал жерге өттүң? Этият бол! – деген сөзүн суунун шары кызга угузган жок. Бир убакта таш үстүндө турган Гүлмайрам Эрмекке карай кол булгап, “менин жаныма өт” дегендей белги берип чакырды. Эрмек ойлонгуча болбой, кыз бир аз ары жылам дедиби, айтор сууга кулап кетти. Аны кармайм деп суу кечип кирген Эрмектин колу кызга жетпеди. Долуланган суу кызды агызып жөнөдү. Аны көргөн Эрмек боюн сууга таштады. Артынан жетүүгө аракет кылып, агып бара жатты. Жаз алды күчүнө кирип турган суу экөөнү бири-бирине жеткирбей алып жөнөдү. Барган сайын бири биринен улам алыстай башташты. Эрмек кызды куткармак тургай өзүн да куткара алмак эмес. Мындай кезде көргөн адам деле экөөнү куткарып калуусу күмөн эле. Улам таштарга урунуп, бирде суу бетине чыгып, бирде суу түбүнө кирип,

көпкө агышты. Канча акканы белгисиз, айтор бир убакта жайык жерге келгенде жээктеги коюу өскөн бадалдарга келип токтошту. Бирок кеч болуп калган. Экөөнүн тулкусу бадал арасына аралашып калкып турду. Ал мезгилде түн да кирип, асмандагы айдын нуру дарыяга чагылышты. Экөөнүн жансыз денелери бири-биринен бир аз алысыраак жерде болчу. Калкып калган эки жансыз денени асмандагы Ай гана карап, муңайып, түнкү тынчтык мемиреп турган. Аттиң, адам баласы өз ажалы оттонбу, сууданбы, же башка нерседенби, аны билбейт тура…

Түн бир убакка чейин баласын келет деп күткөн Гүлү уктабай отурган. Эмнегедир жүрөгү бир жамандыкты сезгендей, көзү уйкуга эми илинерде алда немеден чочугандай “селт” этип, улам эшик жакты карай берди. Түн бир оокумга чейин уктабай, түркүн ойлордон башы да ооруп чыкты. Акыры: “Жакшылык эле болсунчу, балким конуп калышкандыр” деген ой менен өзүн алаксытып, таңга жуук уйкуга көзү илинди. Эртеси кечке кылчактап, улам жол карап жатты. Тынч алып отура алган жок. Тээ күн батарга жакын бир машине үйдүн жанына токтоду. Балам келген го деген Гүлүм чуркап чыкты. Машиненин жанында эки-үч кошуна кишилерди көрүп, алгач эч нерсеге түшүнгөн жок. Качан гана кошуна киши: “Кайрат кыл, Эрмектен айрылып калдык” деген сөздөн улам кулагы чуулдап, кайра сурады. Аңгыча ары жактан чуркап келген эки кошуна аял Гүлүнү эки жактан кармашып, Эрмектин өлгөнүн айтышты. Гүлү эстен тана түштү. Аялдар бетине суу чачып, үйдү көздөй сүйрөштү. Эсине келгенде эшик алдындагы тапчанда жансыз суналып жаткан баласынын бетиндеги жабууну сыйрып алды. Эрмек уктап жаткан адамдай, башын бир жагына кыйшайтып жаткан экен. Гүлү алгач бир азга тигиле карады. Анткени уулунун бети башы таанылгыстай шишик тартып, чийилген, көгөргөн болчу. Үстүндөгү кийиминен жазбай тааныды. Гүлү

жинди болгон немедей: “Уулум, Эрмек, сага не болду? Ким мындай кылды? Тур балам, көзүңдү ач!” деп жулкулдатып кирди. Карап тургандар Гүлүнү араң ары тартышып, Эрмектин бетин жаап коюшту. Зарлаган эненин чыркырап ыйлаганына адамдар тургай, айлана-чөйрөдөгү жансыз жаратылыш да чыдай алгыс эле. Канчалык чыркыраганы менен айла канча, тагдырдын катаал сыноосуна аргасыз баш ийди. Кан жутуп, баласын жерге берди. Тагдырдын салганына көнбөскө айла барбы. Арадан кунарсыз күндөр өтүп жатты. Гүлү баласын күткөнсүп, үйүнүн жанындагы кичинекей жалпак ташка кечке отурганы отурган.

– Козу-Баглан дарыя, сени жек көрөм, менин баламды аяп койгон жоксуң! Жүрөгүмө түбөлүккө кетпес так салдың! – деп кээде кобуранып алат. Кайра: “Оо жараткан, мени кечир, мен жер, сууну күнөөкөр кылып жатам. Бирок баары жалгыз гана сенин буйругуңа жараша болот эмеспи. Мендей бейбак энени кечир! Маңдайга жазган жазмышы ушундай экен да. Козу-Баглан дарыясын көрбөсөм да укканым бар эле. Сүрдүү, ары коркунучтуу агымы күчтүү деп. Касиетиңден айланайын Козу-Баглан, мага капа болбо. Күйүтүмдөн айтканым го.” – деген эне кайра эле жаратканга жалбарып, көпкө сүйлөнүп алчу.

Эки жаштын мөлтүрөгөн тунук сүйүүсүнө жалгыз Козу-Баглан дарыясы гана күбө болуп, уккан адамдардын жүрөгүндө унутулбай сакталып калды. Эрмек менен Гүлмайрамдын элеси, сүйүүсү ошол дайранын тунугундай аруу, таза бойдон карыбай, жапжаш бойдон жашап калды. Экөөнүн сүйүүсү да өздөрү менен кошо сууга агып кетти. Ошондуктан да “Сууга агылган сүйүү” деген легендага айланып калышты. Сүйүүнү да, өлүмдү да, Козу-Баглан дарыясын да күнөөлөөгө болбос. Бул да болсо экөөнүн маңдайына жазылган армандуу тагдырдыр…

# ӨЧПӨГӨН СЕЗИМ

Ушул жылы көп ооруганынан Ашыркүл Воронцовкага көп келе турган болду. Быйыл да дарылануу үчүн кайра келген болчу.

Быйылкы жай өтө ысык болгондуктан талаалардагы жашыл чөптөр бат эле саргайып кетти. Ашыркүл бешинчи кабаттан саргайган талаа-жондорго көз чаптырып, эрте мененки таза абадан кере-кере жутуп турду. Биринчи эле караганда Таш-Дөбө айылы тарапты карады. Алыстан көрүнгөн айыл тараптан башталган жолдо тынбай бирде өйдө, бирде ылдый кыбыраган машинелердин кыймылын байкады. Андан бери ылдый Ата-Бейитке көз чаптырып, бир азга белгисиз ойлорго бата түштү. Оюна канчалаган көзү өткөн залкар адамдар бир заматта көз алдынан чубуруп өттү. Андан ары Кашка-Суу, Байтик айылдары тарапка көз чаптырды. Ашыркүл алаксып кетип, дарыланууга кыйла кечигип барды. Ары-бери чуркап жүрүп, түшкү тамакка чейин араң жетишип, жада калса тамакты да эл артында ичип бүттү. Бул жерде түшкө чейин дарылануудан эч ким бошобойт. Тамактангандан кийин адамдардын баары бошоп калышат. Ашыркүл да бошогон мезгилде күн сайын түшкү тыныгуудан кийин имараттын жанындагы бактардын астындагы отургучка келип отурууну адатка айландырып алган. Жанынын оорусунан уламбы, айтор бирөө менен да сүйлөшкүсү келбейт. Бүгүн да ак кайыңдын түбүндө ойлуу отурган. Келгенден бери бир аз тыңып калганына кубанып отурду. Айланадыгы мажүрүм талга, ак кайыңдарга жөлөнүп, бири-бирин сүрөткө тартып жүргөн адамдарды карап отурат. Ошолордун арасында ак кайыңга кыналыша кучакташып сүрөткө түшүп жаткан кыз-жигитке суктана карады. Ашыркүл

бир кездеги өзүнүн жаштык кезин аргасыз эсине түшүрүп, өзүнчө жылмайып да алды.

* * *

Оо анда 1978-жыл эмес беле. Ашыркүл өзү Ош облусунун Ноокат айылында чоңоюп, мектепти аяктагандан кийин Кызыл-Кыя шаарындагы медициналык орто окуу жайында окуп калган учуру. Окууга өтө ынтызар болгондуктан окууну абдан жакшы бүтүргөн.

Окууну аяктап калган учурда студенттер ар кай жактарга практикага барышар эле. Ашыркүлдүн өзү менен чогуу окуган айылдашы Гүлкайыр экөө өтө ынак болчу. Алар далай студенттик сонун күндөрдө бирге болушту. Ошон үчүн да практикага суранып жатышып, чогуу Сүлүктү шаарына келишти. Бул эки кызды окуткан Айтыш агайы экөөнөн чоң үмүттө болчу. Агайы да жакшы сөздөрүн айтып, ишеним менен практикага узаткан. Мурда келип көрбөгөн Сүлүктү шаарына келишти. Шаардык ооруканасынын башкы дарыгери экөөнү жылуу кабыл алып, иштей турган бөлүмдүн башчысына дайындады. Шаарда атайын сырттан келгендер жата турган мейманкананын башчысына да дайындап, кыздарды жайгарып койду. Колдоруна жатакананын дарегин жазып, кандай баруу керектигин түшүндүрдү. Кыздар жатаканага адашпай эле келишти. Аларды татар улутундагы Даря деген кыз кабыл алды. Бөлмөлөрүн көрсөтүп, жатакананын шартын айтып берди. Мейманкана өтө чоң эмес, эки кабаттуу экен. Экинчи кабатка жайгашкандыктан, терезеден базар көрүнүп турчу. Жолдон өткөн шахтёрлорду ташыган автобустарды, үстү жабык вахтофка машинелерди карап, таңданышып турушту. Экөө жүктөрүн жайгарып коюп, базарга керектүүлөрдү сатып алууга чыгышты. Базарда жүрүшүп, түрдүү улуттарды көрүштү. Жер-жемиштер арзан,

тамак үчүн керектүүлөрүн алышып, жатаканага келишти. Эртеси экөө ээрчишип алып аялдамага чыкты. Ошол учурда базар тараптан чыга калган кара тору жигиттин көзү эки бейтааныш кызга урунду. Акырын басып келип: "Таанышып албайлыбы, кыздар. Силер бул шаардан эмес окшойсуңар", – деп колун сунду.

– Менин атым Кудаш. Ушул шаарда жашайм, – деп кыздарга жылмайып койду. Аңгыча автобус да келип калды. Кыздарды "чыккыла" деген таризде жол көрсөтө, алардын артынан өзү чыкты. Автобуста эл өтө көп экен. Арткы орундуктагы эки жигитти тургузуп, кыздарды отургузду да, сөз улады.

– Силердей кыздар биздин шаарда жок эле, каяктан келдиңер? – деди тармал чачын артка карай сылап коюп.

– Практикага келдик, медикпиз, – деди Гүлмайрам тартынбай.

– Аа жакшы болгон тура, демек азыр ооруканага барат турбайсыңарбы?

Кудаш Сүлүктү шаар жөнүндө кыскача тааныштырып баратты. Бир убакта унчукпай келе жаткан Ашыркүлгө карады.

– Чоң кыз сен неге унчукпайсың? – деп Ашыркүлгө суроо узатты. Ал табиятынан көп сүйлөбөгөн токтоо кыз эле. Аркы-беркини сурашып, ооруканага келгенде, кыздар түшүп калышты. Кудаш да алар менен кошо шашылып түштү да, кыздар менен ооруканага келди. Оорукананын жанынан кыздар менен коштошуп: "Дагы да жолугабыз, мен силерди шаарыбыз менен тааныштырам" – деп өз жолуна аргасыз түштү. Гүлмайрамдан кайда жашаганын да билип алганга үлгүргөн болчу. Негедир Ашыркүлгө бул жигит кызыктай болуп туюлду. Кыртышы сүйбөй, сүйлөгүсү да келбей, курбусунун сүйлөп жатканынан улам унчукпай отурган.

Кечинде кыздар жумуштан чыгышса, сыртта Кудаш аларды күтүп туруптур. Ашыркүлдүн жини келип, унчукпай бат-баттан аялдамага кетип баратты. Гүлкайыр менен Кудаш кобурашып, бир аз артта келе жатышты.

Ошол күндөн баштап Кудаш күн сайын мейманканага келгенди адатка айландырып, айланчыктай берди. Бирок, анын келгени Ашыркүлгө жакпай, кээ бир күндөрү кагып коюп да жүрдү. Бир куну жумуштан чыкса, колуна букет кармаган Кудаш дагы да күтүп туруптур. Ал колундагы киного алган билетин көрсөтүп, кыздарды киного чакырды. Ашыркүл Гүлкайырга карап:

– Кудаш экөөң барып келгиле, – деп басып кетмекчи болду. Бирок Кудаш Ашыркүлгө букетти сунуп, колун катуу кысып, капкара көздөрүн жалдыратып, “Сен да жүрчү” деп жалбарып жиберди. Ашыркүл жалдыраган Кудаштын аянычтуу түрүн улам-улам карап, аргасыз макул болду. Кудаш колун кысып турганда, Ашыркүлдүн колу чок тийгендей ысып чыкты. Эки бети негедир тамылжый түштү. Кудашты тик карай албай, көзүн ала качып баратты. Кудаштын кубанычында чек жок эле. Акырын эки кыздын ортосуна түшүп, бирдей колтуктап басып баратты. Ашыркүлдү бир башкача сезимдер бийлеп алгансыды. Эмне болуп бараткамын өзү да түшүнө алган жок. Ичинен өзүнөн өзү уялып кеткенсиди. Кыздар түнкү кезектен чыккандыктан, аларды мейманканага чейин узатып келди да: “Кечинде саат беште келем. Клубга өзүм алып кетем” деп коштошту. Кыздар мейманканага киришти.

– Ушу жигит такыр бизди айланчыктап кетпей койду го ээ. Эми кечинде киного да бармай болдук, – деп Гүлкайырга жылмайып койду.

– Ии алтышкам, бүгүн Кудаштын көздөрү башкача жайнап кетти го. Анткени сенин макул болгонуңа жетине албай калганы. Ушу сени сүйүп калган окшойт.

– Койчу кайдагыны баштабай. Сүйбөй эле. Мага караганда сени менен көбүрөөк сүйлөшөт го, – деп Ашыркүл кызара түштү.

– Ооба, сен сүйлөбөй былтыйсаң, анан мен сүйлөйм да. Бирок биз ашыкча деле эч нерсе сүйлөбөйбүз. Бирок сен жөнүндө көп сурайт. Демек сени сүйөт, – деп Гүлкайыр кыткылыктап кирди. Ашыркүл жаздык менен курбусун чаап, экөө бир заматта бөлмөнүн ичинде алышып ойноп кетишти. Бир аздан кийин чай ичишип, эс алууга жатып калышты. Көзүн жумган менен Ашыркүлдүн оюнан Кудаш кетпей койду. Күндө жактырбай, аны менен иши болбой жүргөн Ашыркүл, бүгүн эмне болгонуна бир эсе таңданса, бир эсе күлкүсү келип жатты.

Кечинде кыздар терезеден Кудаштын келе жатканын көрүп, экөө кийине баштады. Алар күттүрбөй бат эле чыгышып, клубга келишти. Эл көп экен. Алардын орду ортоңку жагында экен. Кудаш Ашыркүл жакка жакыныраак ыктап, улам көзүнүн кыйыгы менен кызды карай берди. Ашыркүл ал жакындаган сайын денеси ысып чыкты. Билдирбөөгө аракет кылып, эч кайда бурулбай, мисирейип отурду. Кудаш киного кызыгып калган мезгилде, Ашыркүл тымызын байкатпай жигитти карады. Коюу тармал чачы чап жаагына жарашып, кара тору жүзүнө куп жарашып турду. Чынында келбети келишкен сулуу жигитти буга чейин назар салып карап койбогонуна таң калды. Бир убакта негедир Ашыркүл Кудашты карай салды. Кудаш да бурула калып, экөөнүн көздөрү саамга тиктеше түштү. Ашыркүл уялып кетип, көзүн ала качты. Кино да бүттү. Алар чыкканда түн да кирип калган экен. Парк тарапка түшүп келишсе бий болуп

жатыптыр. Бийде ар түрдүү улуттун жаштары бар болчу. Ал жерде бир сааттай бийлешти. Кудаш улам Ашыркүлдү бийге тартып, чимирилип бийлеп жатты. Ашыркүл да негедир бийлегиси келип, музыканын ыргагында Кудаштын эрки менен болуп жатты. Экөөнүн тең жүрөктөрү дүрсүлдөп согуп, кармашкан колдорун майда калтырак басып, тердеп да кетти. Экөө тең ичинен музыканын кайра-кайра улана беришин самап жатышты. Гүлкайыр да бир татар жигит менен бийге чыкты. Курбусуна карап көзүн кысып койду. Кудаш кыздарды колтуктап алып, шаардын ортосундагы ашканага тамактанууга алып кирди. Аркы-беркини сүйлөшүп отурушту. Түн бир убак болуп калгандыктан Ашыркүл "Кайталы, кеч болду. Эртең жумуш" деди. Андан кийин аларды мейманканага узатып баратты. Кудаш ичинен: "Эмкиде досум менен Гүлкайырды тааныштырып, төртөөбүз чогуу жүргөдөй болоюн" деп ойлоп келе жатты. Мейманканага чейин бир топ басып барышса да, жигит үчүн ушунчалык жол кыскарып кеткендей туюлду. Тепкичке көтөрүлө берерде Кудаш Ашыркүлдү колдон алып, бир аз убакытка көздөрүнө тигиле карады. Кызды акырын коомай кармап, кучагына тартты. Кыз да каршы болбой, жигитке ыктала түштү. Ашыркүл да ага бир карап, уялганынан бир аз ыңгайсыздана: "Мен барайын" демиш болду. Кудаш кеткиси келбей, артынан ээрчий басып, бөлмөнүн эшигине келди. Ашыркүл күлкүсүн араң тыйып, аргасыз "Кир" деди. Ушуну эле күтүп турган жигит "Шып" этип кирип барды. Гүлкайыр столдо алма жеп отурган экен. Аларга орун көрсөттү.

– Кечээ ооруканада бирөө берген эле, таттуу алмалар экен. Жегиле, – деп экөөнө жылмайып койду. Үчөө алма жеп бир аз кобурашып отурушту.

– Кыздар, эмкиде досум менен келсем болобу? – деп Кудаш кыздарды карады.

– Досуң да өзүңдөй болсо кантип каршы болмок элек, – деп Гүлкайыр кыткылыктап калды. Гүлкайырдын сөзүн кубаттап, Ашыркүл да күлүп калды. Ашыркүл ары барып, кызыл гүлдүү чыт халатын кийип чыкты. Халаты келбетине куп жарашып, жигиттин көзүнө ушунчалык сулуу болуп көрүнүп турду. Жалдырап көзүн алалбай, көпкө турду. Гүлкайыр акырын чыканагы менен түртпөгөндө тура бермек жалдырап. Ошентип, алар алманы жеп бүтүп, Кудаш кеткиси келбей турса да, аргасыз кыздардын эс алышын ойлоп, кыйылып жатып араң коштошуп чыгып кетти. Ашыркүл Кудашты биринчи кабатка чейин узатып келди.

– Эми мени экинчи кабатка сен узатып барасыңбы? – деп кыз тамашалап калды.

– Анын эмнеси бар экен, узатып коём, – деп колтуктап жөнөрдө кыз аны араң токтотту. Ашыркүлдүн атырынын жыты ансайын жигиттин делебесин кызытып, байкатпай туруп Ашыркүлдүн бетинен "чоп" этире өөп алганга үлгүрдү. Ашыркүл бетин баскан бойдон чуркап кетти. Жигит сыртка чыгып, кайсы бир ырды кыңылдап ырдап да баратты. Кудашка бүгүн өзгөчө кубанычтуу болду. Кудаш кеткенден кийин кыздар жатууга кам урушту. Ашыркүл негедир уйкусу качып, оюнан Кудаш кетпей туруп алды. Канчалык аракет кылганы менен көпкө уктай албай түйшөлдү. Өз ичинен: "Мага эмне болду. Негедир тынчым кетип жатат го. Эмне мынчалык оюмду ошол жигит ээлеп алды. Оо кудай! Же бул сүйүүбү? Деги сүйүү сезими кандай болот? Чын эле сүйүп калгандан соомунбу?" деген ойлор менен алпурушту. Бирок бур оюнан өзү чочуп кетти. Анткени, бул Сүлүктүлүк жигитти чындап сүйүп калган менен ата-энеси макулдугун береби, жокпу, аны бир кудай билет. Ойлор менен алпурушкан Ашыркүл тээ бир оокумда уйкуга көзү илинди. Гүлкайырдын түрткүлөгөнүнөн араң уйкудан көзү ачылды. Бирок негедир

уйкусу кангандай жеңил турду. Экөө кийинип алып, кайра жумушка кетишти. Алар ооруканага кирери менен башкы медайым шаштыра баштады.

- Ай кыздар болгула, ооруулар өтө көп келишти. Жумуш көп, чуркап-чуркап иштегиле.

Кечке чейин кыздардын жумуштан такыр колу бошобой, ары-бери чуркап иштешти. Арадан билинбей эле эки күн убакыт өтүп кетти. Негедир Кудаштан кабар жок. Балким жумуштан бошобой жаткандыр деген ойдо болушту. Себеби, Кудаш шахтада бир смендин жумушчуларына бригадир болуп иштечү. Кудаш негизи өзү 1978-жылы мектепти бүтөрү менен эле Кызыл-Кыя шаарындагы Тоо кен техникумуна тапшырып, окууну аяктап келгенден бери иштеп жүргөн. Ал күн сайын ачык шахтадан КрАЗ, БелАЗдарга жүктөлгөн көмүрлөрдү ар кайсы өлкөлөргө поезд менен жөнөтөр эле. Баары анын көзөмөлүндө болчу. Бул жагы Тажикстандын Пролетар районуна, андан ары Өзбекстанга чейин өткөрүп турушчу. Россияга да атайын поезд менен жөнөтүп турушчу. Жумуш көп болгондуктан Кудаш да бошобой жатты. Жумуш менен алектенип жатса да, оюнан Ашыркүлдү чыгарган жок. Анын келбей калганынан Гүлкайыр да, Ашыркүл да тынчсыздана башташты. Ашыркүлдүн ичи негедир уйгу-туйгу. Аны Гүлкайырга билдирбегенге аракет кылат. Бүгүн экөө тең башкы дарыгердин сураныччы боюнча түнкү күзөткө калышты. Кыздар келген күндөн баштап эле өздөрүнүн дилгирликтери менен таанылa башташкан. Экөө эрте менен жумушту башка медайымга тапшырып, жумуштан чыгышты. Бүгүн жекшемби күн да болчу. Алар сыртка чыкканда күтүлбөгөн жерден астыларынан карп-курп Кудаш чыга калды. Эки кыз тең жигитти көрүп, өзүнүн агаларын көргөндөй кубанып кетишти.

– Айии, эмне жоголуп кеттиң? – деди Гүлкайыр озунуп. Кудаш кыздардан кечирим сурап, эки күн бою жумуштан бошобой калганын түшүндүрдү. Кудаш Ашыркүлдүн колун кысып койду. Ашыркүл да Кудашты карап, акырын мыйыгынан наздуу жылмая карады.

– Кыздар бүгүн тоого барып келбейлиби? Мен даярданып, досумду да айтып койдум эле.

– Алыс эмеспи? – деди Гүлкайыр Кудашка карап.

– Жок жакын эле, мотоцикл менен бат эле жетип барабыз. Алар ана-мына деп жөнөгөнчө күн жайылып калды. Төртөө мотоциклга отуруп, тоону карай жүрүп кетишти. Тоого барчу жол тегиз эмес өңгүл-дөңгүл болгондуктан, ары-бери өңкүп, чайпалып баратты. Жолдун жамандыгына да этибар бербей, кыздар айлананын кооздугуна суктанып, улам ары-бери карап бара жатышты. Арчалар, жол жээгинде коён томуктар. Мотоцикл улам жогорулаган сайын тээ ылдыйдан шаар даана көрүнө баштады. Алар бийик дөңдүн башына келип токтошту. Кыздар түшө калып, алыстан көрүнгө шаарды суктана карап турушту. Алды жагы тик ылдый, арт жагында чалкайган эгин талаалар. Ар кай жактан угулган куштардын үндөрү, торгойлордун сайраганы алардын көңүлүн бурбай койгон жок. Айрыкча топуга салып койгондой болуп көрүнгөн шаардын көрүнүшү, кыздарды таң калтырды. Тээ алыстан көрүнгөн тоолорго, алыс жактан карайып көрүнгөн ачык шахталарга кызыга карашты. Кыздар караганча жигиттер алып келген тамак ашты даярдай башташты. Аларды тамактанууга чакырышты. Төртөө кичинекей дасторкон четине отурушту. Кудаш досу менен кыздарды кайталап тааныштырды. Сөз арасында досунун мүнөзүн да мактап коюп жатты. Досу жылмайып коюп, башын ийкеп тим отурду. Алар аркы-берки сөздөрдү сүйлөшүп, тамактанып да

алышты. Кыздар калган тамактарды жыйнап коюшту. Кудаш кыздарга алыстан көрүнгөн 4,6-шахталарды тааныштырды. Өздөрүнүн келген жери 9-шахтанын үстүңкү тарабы экенин түшүндүрдү. Кудаш шаар жөнүндө бир топ эле маалымат бергенсиди. Алыстан көрүнгөн айылдардын аттарын да айтып берди. Акырында:

– Көрдүңөрбү, биздин шаар кичинекей көрүнгөн менен кенге бай, тарыхы кенен. Керек болсо дүйнөгө таанымал шаар, – деп Кудаш мактанып койду.

– Ооба кичинекей болсо да шаарыңар кооз экен, – деди сөзгө аралашкан Гүлкайыр. Бир топтон кийин Кудаш Ашыркүлдү "Жүр басалы" деп ары жетелеп кетти. Гүлкайыр менен досу Самат экөө мотоциклдин үстүнө отуруп, сүйлөшүп калышты. Кудаш кичинекей дөңсөөнүн ары жагына барганда, Ашыркүлдү имере кучактады. Ашыркүл да каршылык кылбай, жигитке ыктала берди. Экөө тиктеше түштү. Кудаш Ашыркүлдүн сулуулугуна сугу тойбой, тилден калган немедей жалдырап карап турду. Кыз да жигиттин сулуу жүзүнө бир аз тигилип туруп, жигиттин жалын чачкан көздөрүнөн жалтандыбы, уялдыбы, акырын жер карады. Кудаш эгин четиндеги гүлдөрдөн чуркап терип келип, Ашыркүлгө сунуп жатып:

– Карачы, жаздын гүлдөрү кандай керемет, так эле сендей сулуу, сендей атыр жыттуу! Жыттап көрчү.

Ашыркүл жылмайып, бир тутам гүлдү жыттады. Кудаш кыз жылмайган сайын көлкүлдөп эрип кеткенсиди. Кудаш Ашыркүлдү кучактап, тик көтөрүп айлана баштады. Ашыркүлдүн кыткылыктап күлгөнү жигиттин делебесин козгоп, ансайын кучагына бекем кысты. Оттой ысыган эки дене бири-бирине ыкталып, көпкө турушту жанашып. Экөө ушул учурда ушунчалык бактылуу эле. Экөө улам эстен тангансып, эриндери бири-бирине чыпталыша түшкөн. Ошол

мезгилде тээ өйдө жактан келе жаткан карыянын “Ча, чаа” деген катуу кыйкырыгынан улам чочуп кетишип, келе жаткан карыяны байкап калышты. Ал жаштарды көздөй басып келе жатыптыр. Көрсө малын кайтарып жүргөн экен. Ашыркүл дароо Кудаштын кучагынан суурулуп чыгып, ары боло берди. Кудум эле атасы кыйкыргандай, жүрөгү да “болк” этип алды. Ичинен карыя келбегенде “эмне болуп кетер эле, тагдырым талкаланып кала жаздады” деген ойго бата түштү. Бир чети карыянын кыйкырганына ичинен ыраазы да болуп кетти. Ашыркүл өзүнө келе түшүп:

– Кудаш, бас кетели тигилердин жанына, – деп өктөм сүйлөдү. Кудаш кызды кайра кучактамакчы болду эле, кыз аны көкүрөктөн акырын түртүп токтотту. Кудаш да унчукпай Ашыркүлдү колтуктап жөнөдү. Ашыркүл өзүн күнөө кылган адамдай сезип турду. Алар келгенде Гүлкайырлар өздөрүнчө сүйлөшүп отурушуптур. Ашыркүлдүн бети анардай тамылжып, оттой ысып тургандыктан, тигилерди карагандан жалтанып, өзүнчө бушайман боло берди. Төртөө кайра отуруп көпкө аңгемелешишти. Самат да тамашөкөй жигит экен. Тамашалап, кыздарды бир топ күлдүрдү. Кудаш кыздарга бир ырды созолонтуп ырдап да берди. Кыздарды да ой-боюна койбой бирден ырдатты. Алар көпкө отурушту. Калган тамактарын кайрадан шам-шум этип, кетүүгө камынышты. Шаарга келгенде күн кыйла кечтеп кетти. Кыздарды жатаканага жеткиришип, жигиттер артка кетишти. Ашыркүл түнү бою уктай алган жок. Чаржайыт ойлор уйку берчүдөй эмес. Чарчагандыктанбы, эртеси кечигип турушту. Чай да ичпестен жумушка жөнөштү. Кечигип келишти. Күнөөлүү адамдардай экөө унчукпай тыпылдап иштеп жүрүштү. Арадан бат эле убакыт зуулдап өтүп кетиптир. Кыздардын практикасы да аяктар мезгил келип калган. Ал аралыкта Кудаштар менен бир канча жолу бийге да, киного

да барып жүрүштү. Кыздардын эмгекчил аракеттерин баалап, башкы дарыгер экөөнө тең эң жакшы пикир жазып, иштеген иштерине жогорку бааны коюп берди. Кыздар да тааныган медиктердин баарына ыраазычылыктарын билдирип жатышты. Алар менен жылуу коштошуп, мейманканага жөнөштү. Алар кийимдерин салыштырышып, жолго камына башташты. Ошол учурда Кудаш келип калды. Кыздардын жөнөп калгандарын көрүп, бир аз унчукпай туруп калды.

– Кыздар, эмне жөнөп алдыңарбы?

– Ооба, жөнөп жатабыз, практикабыз бүттү, эми Ноокатка кетиш керек. Эрте мененки Оштун автобусуна отурабыз, – деди Гүлкайыр. Кудаштын ичи “тыз” дей түштү. Тилин жутуп койгон немедей жалдырап Ашыркүлдү карап турду. Анын аянычтуу абалын көргөн Ашыркүл ичинен аяп кетти. Жылмая карап, Кудашка ийнин куушуруп койду. Бирок, өзү да негедир ичи эңшерилгенсип, Кудашты кыялбай турганын жүрөгү менен туйду. Ошол учурда гана жигитти чындап эле сүйүп калганына көзү жетти. Бирок айла жок эле. Эрте менен эрте Кудаш келип, кыздарды автобуска салды. Ашыркүлдүн да, Кудаштын да ичтери туз куйгандай ачышып, ичтеринен бушайман болуп турушту. Айдоочу “жөнөйбүз” дегенде, Кудаш Ашыркүлдү кучагына кысып, маңдайынан өптү.

– Жакшы жетип алгыла, мен Ошко жумуш боюнча көп барам. Ошондо сөзсүз силерге жолугам. Сага кат жазып турам. Кош гүлүм, экөөбүз сөзсүз жолугабыз. Мени унутпай күт! – деген Кудаш кызды кучагынан араң бошотту. Автобус ордунан акырын козголду. Экөө кол булгалашып, экинчи көрүшпөй калчудай жаман абалда болуп турушту. Автобустун жүрүшү катуулаганча Кудаш кошо жарышып, акыры жетпей кала берди. Ашыркүл кымбат буюмун колдон

жулдургансып, жан дүйнөсү каңгырай түшкөнсүдү. Улам терезеден артты кылчактап карап коёт. Көздөрүнөн аккан жашты да байкабай калды. Гүлкайыр да Ашыркүлдүн оюн бузбайын деп, анын тынчын албай келе берди. Алдыда чубалжыган жолдор. Ашыркүлдүн сезимин, бүткүл жан дүйнөсүн кусалыктын, сүйүүнүн чаржайыт ойлору кыйнап келе жатты. Кыздар узак жол жүрүп, Ноокатка түш оой жетип келишти. Эки курбу өз үйлөрүнө карай бет алышты. Ашыркүл өз ою менен алышып, үйгө кирип барды. Үйүндөгүлөр баары үйдө экен. Апасы жан алы калбай кызын тосуп алды. Үй-бүлө бапырап отурушуп, чай ичишти. Ашыркүл канчалык билдирбейин дегени менен улам ойго чөмүлүп отурду. Апасы да кызынын ойлуу отурганын көрүп, ичинен тынчсызданып турду. Эки-үч күн эс алып алгандан кийин, өздөрүнүн районундагы ооруканага ишке орношту. Ишке алаксыган менен Кудашка болгон сагынычы күчөгөндөн күчөдү. Астынан тосуп чыкчудай, жумуштан кайтканда үйгө көп шашыла бербейт. Кудаштын:

– Сөзсүз барам айылыңа, мени күт, – деген сөзү кулагына күн сайын жаңырат. Бир айда эле ушунчалык сүйүп калганына таңданды.

Кудаш да Ашыркүлдөрдү узаткандан кийин, колу такыр ишке барбай, ошол күнү эптеп эле убакыт өткөрдү. Ойлогону Ашыркүл. Бир күн да ойлобой тура албайт. Баягы эле көмүр өткөрмөй жумушу. Ошол кезде тим эле жумуш да күч алып туруп алды. Ноокатка барып келгенге убакыт болбой жатты. Өзүнчө бошобой жатканына туталанып, ачууланып, жумушчуларды болор-болбос нерселер үчүн капа кылып алган күндөрү да болду. Бир күнү Кудаш: “Канткен күндө да барышым керек, убада бергем. Жолугуп келишим керек” деген чечимге келди. Өзүнүн жетекчисинен араң суранып, эртеси Ноокатты көздөй сызды. Убакыт Кудаш үчүн бир

ордунан жылбай калгансып, жолдор да узарып кеткенсиди. Тыбырчылап отуруп, өз оюнда Ноокатка эки күн жол жүргөндөй сезилди. Кудаш Ноокатка келип, Ашыркүл берген дарек боюнча ооруканаы издеп тапты. Ооруканнын эшигине келип, биринчи учураган адамдан Ашыркүлдү сурап кирди.

– Саламатсызбы. Эжеке? Ушул ооруканада Ашыркүл деген кыз иштейби?

– Ооба иштейт, бирок ал жумушка эртең келет, сен кимиси болосуң? – деди тиги медайым аял.

– Үйдөн чакыртып бере аласызбы, мен таанышы болом, – деди Кудаш шашкалактап.

– Жок, чакырып бере албайм. Аны үйдөн ким чакырып келмек эле. Эртең жумушка өзү келет, – деди да ары басып кетти. Айласы куруган Кудаш эмне кыларын билбей, сыртка чыкты. Ойлонуп, ары-бери басып турду. "Кайда барсам" деген ой менен мыкчылып турду. Ашыркүлгө жолуксам дегенде эки көзү төрт болуп келбеди беле! Аргасыз сырттагы отургучка отура кетти. Убакыттын билинбей өткөнүн карачы! Бат эле арадан жарым жыл өтүп кеткен тура. Көпкө отуруп, курсагынын ачканын да сезе баштады. Акырын ордунан туруп, көчө тарапка басты да, адамдардан ашкана сурады. Акырын бир ашкананын ичине кирип, курсагын тойгозду. Ашканадан чыгып, айланчыктап, кайра эле ооруканын жанына келип калды. Отургучка келип отурду. Кире бериштеги ооруканын күзөтчү бейтааныш жигитке кызыгып. Акырын басып келди.

– Эй жигит. Сен бул жердик эмес окшойсуң? Эмне жумуштап келдиң эле. Же жакының ооруканага түштү беле?

– Жок байке, мен Ашыркүл деген кызды издеп келгем. Бирок ал эртең келет экен жумушка, – деди Кудаш.

– Ээ балам, эртең келсе ушул жерде таң атырмак белең, мейманканага барып эс ал да, эртең келбейсиңби? Күн да суук.

– Жок ушундай эле күтө берейинчи. Мейманканага барып, уктап калып, кайра таппай калбайын да, – деди Кудаш жылмайып.

– Ай жаштар, жаштар, мейли анда, кир менин жаныма. Экөөбүз таң атканча күзөттө бололу. Кобурашып, мен да таң атырайын. Чыйрыгып турган Кудаш ичинен сүйүнүп кетти. Тиги күзөтчү киши менен көпкө сүйлөштү. Сүлүктү жөнүндө, шахтанын иши боюнча өтө көп маалыматтарды айтып берди. Таңга жуук көзү уйкуга илинип кетти. Күзөтчү алыстан Ашыркүлдүн келе жатканын жазбай тааныды. Акырын Кудашты түртүп ойготту. Кудаш сыртка чуркап чыгып, Ашыркүлгө карай чуркады. Ашыркүл да Кудаштын күтүүсүз пайда боло калганына таңданып, бир аз мүнөткө өзүн жоготуп турду. Кудаш жетип эле кызды кучактап, өпкүлөп, бир убакта көтөрүп алып, тегеретип кирди. Бир аздан кийин эсине келе калган Ашыркүл:

– Кудаш, сен кайдан, асмандан түштүңбү? – деп, Кудашты далыга чапкылап жатты. Экөө бир топко кужулдашып, учурашты.

– Кечээ келгем, сени таппай, күзөтчүнүн жанында таң атырдым. Сени күттүм, – деди Кудаш Ашыркүлдүн колун коё бербей.

Ашыркүл Кудашты көргөнүнө жетине албай турду. Жумушунан суранып чыгарын түшүндүрүп, ооруканага кирип кетти. Кудаш ага чейин күзөтчүнүн жанына кирип, бети-колун чайып, үстү-башын иретке келтирип, кийимин кийди. Күзөтчүгө терең ыраазычылыгын айтып, коштошуп чыкты. Ашыркүл жарым сааттай жоголуп, акыры чыкты. Экөө ооруканадан бир аз узагандан кийин, Ашыркүл: "Ошко

барып келебиз” деди. Кудаш да Ошто жумушу барын айтты. Алар автовокзалга келип, автобуска отурушту. Ошко бат эле келип калышты. Экөө түз эле Сулайман тоого бет алышты. Бири-бирин колдон алып жетелешип, чокуга чыгышты. Тоонун башында сүрөткө түшүп, бир сааттай тоодо болушту. Андан кийин төмөн түшүп, кечке шаар ичин аралап, киного киришти, тамактанышты, паркта отурушту. Экөөнүн жарым жылдан бери сөздөрү жыйналып калгандай, сүйлөшүп бүтпөй жатышты. Кечке маал Ноокатка кайра келишти. Ашыркүлдү ооруканага чейин узатып келди.

– Эми Кудаш мен түнү бою күзөттө болом, сен менин жанымда болосуң, – деди Ашыркүл жылмайып. Кудаш эртең кетерин айтып, ага макул болду. Ашыркүл ак халатын кийинип чыкканда, Кудаштын көзүнө мурункудан бетер сулуу көрүнүп турду. Кыздын дидарына тойбой, кучагында кысып отургусу келди. Бирок, айла жок, анте албады. Ашыркүл бошой калганда келечек пландарын түзө башташты. Бейтаптарды жаткырып, жумушу бүткөндө экөө чай ичишти. Андан соң сыртка чыгып, отургучка кыналышып отурушту. Сыртта асман жылдызга толуп, ай жаңыдан нурун чачып чыккан кези экен.

– Ашыркүл, биз экөөбүз бактылуу болобуз ээ, – деди Кудаш Ашыркүлдү имере кучактап.

– Албетте, – деди Ашыркүл да жигитке карай ыкталып. Саргайган жалбырагы толук күбүлүп түшпөй калган ак кайың, эки жаштын сүйүүсүнө суктангандай муздак желге шуудурап турду. Бет маңдайдагы жылаңачтанган мажүрүм тал, эки жаштын сүйүүсүнө таазим кылгандай, баштарын төмөн ийип ыргалат. Муздак желге ичиркенип турушса да, баарына кайыл болуп отурушту. Асмандагы жаркыраган ай да буларга жалгыз өзү күбө болгондой жаркырайт. Экөө таң атканча укташкан жок. Сөздөрү бүтөр эмес.

– Кудаш, эми качан келесиң?

– Дагы тез арада келүүгө аракет кылам.

– Мен сени баягыда эми келбейт го деп, сарсанаага батып жүрбөдүмбү!

– Жаным, карагатым, менин. Сени сагынганымды айтпа. Жарым жылдык отчёт башталып, такыр колум бошобой жатты. Азыр деле жумуш көп эле. Болбой эле көшөрүп, суранып келбедимби, – деди Кудаш да актанып. Таң да атты. Коштошор мезгил да келди. Кечээ Ошто жүрүшкөндө, Кудаш Сүлүктүнүн автобусуна билет алып, айдоочуга Ноокаттан чыгарын дайындап келген. Автобус келгенче экөө чогуу жолго чыгышты. Аңгыча автобус да келди. Ашыркүл менен Кудаш араң коштошушту. Кыз баякы Кудаш кол булгап чуркагандай, бир аз кол булгалап, автобус менен кошо чуркады да, акырын кала берди. Мөлтүрөгөн жашы жүзүн жууп жатты. Экөөндө тең баякыдай абал кайталанды. Алардын бири-бирине болгон сагынычы таркабаган бойдон калды. Кудашты узатып коюп, Ашыркүл жумушуна келди. Ошол күнү ооруканага бир жаш жигит менен бир нече бейтаптар жатып калышты. Аларды Ашыркүл дарылап, ийне сайып карады. Ооруп келген жигитке Ашыркүл көңүл деле бурган эмес. Жөн гана милдетин аткарып, карап жүргөн. Кай жердик экенине да кызыккан эмес. Жигиттин аты Манап болчу. Бир жумадай ооруканада дарыланып жатты. Ал Ашыркүлдү бир көргөндө эле жактырып калган. Ашыркүл жумушка келгенден баштап эле, артынан ээрчип, ар кайсыны сүйлөп, жанын койчу эмес. Ашыркүл ал жигитке анча маани да берген жок. Бейтаптарга карата жылуу мамиле жасап, суроолоруна кыска жооп берип койчу. Манап да барган сайын Ашыркүлгө болгон сүйүү сезими артылып, аны ойлой берчү болду. Манап Жалал-Абад шаарынан келген жигит болуп чыкты. Ноокатта эжесиникине конокко

келип, капыстан ооруп, ушул жерге жатып калганын айткан. Манап да келбети келишкен сулуу жигит эле. Ашыркүлдү көргөндөн бери, жанын коёрго жер таппай, ичи уйгу-туйгу болуп жүрдү. Ашыркүл айланчыктап жанынан кетпеген Манапка жөн гана жакшы мамиле жасап, дарыларын берип карап коёт. Анын эси дарты Кудашта болгонун бул жигит кайдан билсин. Бирок ички сезимин кантип айтаарын билбей, өзүнчө бушайман. Ашыркүлдүн:

– Манап, кандай айыгып калдыңбы, буюрса аз күндө өзүңдүн шаарыңа кетесиң, – деди Ашыркүл палатадан чыгып баратып. Байкуш Манап, эмнеден сөз баштарын билбей башы маң. Өзүнчө терең ойго батып: "Эмне деп сөз баштасам экен. Кокус жигитим бар десечи? Мындай сулууга чуркаган жигиттер көп болот го". Өз оюнан өзү чочуп кетет. Түндөсү уйкусу качып, көпкө чейин ойдолойт. Уйкусу келбей акырын ойго батып, терезеден сыртка телмирет. Дарылануу убактысы да бүттү. Дарыгер анын бүгүн чыгарын айтканда, безгек сайгандай "селт" эте түштү. Айласыздан кийимдерин кийинип, буюмдарын жыйнады да, Ашыркүлдүн жанына келди.

– Рахмат Ашыркүл, – деп, бир нерсе айтмакчы болуп, бирок буйдалактап туруп, акырын чыга берди.

Ашыркүл да таңдана карап туруп, акырын:

– Мейли, жакшы жетип ал, эми ооруба, – деп узатып койду. Жигиттин мукактанып, буйдалып туруп калганын сезсе да, Ашыркүл унчуккан жок. Манап түз эле эжесиникине келди. Ооз учунан учурашып, бир чекитти тиктеп, көпкө сүйлөбөй ойлуу отурду. Чайды да жарытылуу ичкен жок. Баятан бери Манапты байкап отурган эжеси чыдабай кетти.

– Сага эмне болгон? Минтип такыр унчукпай отура алчу эмес элең го. Ооруканадан келгени бери бир ооз да сүйлөбөйсүң. Эмне болду сага?

– Баары жакшы, эч нерсе деле болгон жок. Жөн эле өзүм…

– Баары жакшы эместей го. Өтө эле ойчул болуп калыпсың. Же ооруканадан бирөөнү сүйүп калгандан соосуңбу? – деген эжеси Манапты демитип кирди, суроолорду бере берип. Манап айла жок, Ашыркүлдү жактырып калганын айтып берди.

– Иий садагасы, бая эле ошентпейт белең. Ал жагынан ойлонбо. Акырын сөз салабыз, болбосо ала качып кетебиз. Биротоло үйлөнүп барсаң, ата-энем да төбөсү көккө жеткенче сүйүнөт эле, – деген эжеси, Манапты бир кыйла ойдон арылтып салды. Эртеси Ашыркүл жумушта жок мезгилде эжеси менен ооруканага барды. Ал жерде эжесинин бир таанышы иштечү. Аны таап, Ашыркүл жөнүндө сурады. Ал жакында эле жигити келип кеткени жөнүндө укканын айтып берди. Бирок келген жигиттин Сүлүктүлүк экенин да айтып өттү. Муну уккан эжеси ичинен кым дей түштү. Таанышы менен коштошуп алып, сыртта күтүп турган инисине келди. Уккандарын баарын айтып берди. Андан кийин экөө план түзө башташты.

– Жигити алыста экен. Эми мындай кылуу керек. Сен досторуң менен сүйлөш. Бир күндү белгилеп, Ашыркүл жумушка келгенде, эптеп бир шылтоону таап чакырасыңар да, Жалал-Абадды көздөй сызасыңар. Эжеси Айгүл баарын инисине үйрөтүп жатты. Ал арада Манап бир-эки досу менен сүйлөшүп, машинени да таап, камдана баштады. Аны Ашыркүлдүн оюю кызыктырган да жок. Эптеп ала качып кетүүнү гана ойлонду. Эки күндөн кийин Ашыркүл жумушка келчү күнү Манап план боюнча машинени түш оогон мезгилде оорукананын жанына айдатып келди. Саат бештен өтүп, көпчүлүк дарыгерлер үйгө кайткан мезгил эле. Ооруканада түнкү күзөткө кала турган медайымдар гана

калды. Дарыгерлер кеткенче Манап өзүнүн дарылануу баракчасын алып, Ашыркүл менен коштошумуш болуп чыгып кеткен. Досу менен машинеден түшпөй отурушту. Саат жетиге карай жакындаганда досу акырын түшүп, ооруканага басты. Эч сыр билдирбей:

– Ашыркүл деген кызды чакырып бергилечи – деди. Бейтаптардын бири кызды чакырып келди. Ашыркүл тиги жигитти тааныган жок. "Сизди чакырып жатат" демиш болуп, оорукананын дарбазасын көздөй басты. Ашыркүл эч нерседен шек санаган жок. Чакырган жигит "тиги машинеде" дегенден,"оорулу келген го" деген ой менен машиненин жанына басып келди. Айгүл машиненин сыртында турган. Аял киши тургандыктан эч нерседен шек санабай кыз басып келди. Машиненин жанына келери менен ичинен Манаптын олбурлуу досу түшө калып, Ашыркүлдү чапчаңдык менен салонго салды. Ичинде отурган Манаптын дагы бир досу колдон алып ичкери тартты. Баягы чакырган жигит машинени от алдырды. Ашыркүл ушунчалык тез болуп кеткенинен кыйкырып, каршылык көрсөткөнгө жетишпей калды. Качан гана машинеге көтөрүп салганда гана кыйкыра баштады. Аңгыча машине ордунан козголуп, зуулдап жөнөй берди.

– Бул эмне кылганыңар? Мени каяка алып барасыңар? Коё бергиле! Менин жигитим бар, түшүнүп жатасыңарбы? – деп тыбырчылап ыйлап баратты.

– Деги айткылачы, силер кимсиңер, мен силерди таан备байм? – деген Ашыркүл катуу бакырып ыйлады. Ошол учурда астынкы орундукта отурган Манап артка кылчайып карады. Манапты көргөн Ашыркүл таңдана түштү.

– Манап, Бул эмне кылганың? Токтот машинени! Акмак экенсиң, – деп кыйкырды. Машинени айдап бара жаткан айдоочу Манап тарапка башын ийкеп: "Эми капа болбо

карындаш, сени Манапка алып бара жатабыз. Аны жакшы таанышсың, өзүң дарылагансың" – деп күлүп койду.

– Жок! Мен бул баланы тааныганым менен жакшы билбейм, токтоткула айбан болбой, – деди безилдеп. Бирок алар аны укмак кайда, машинени зуулдаткан бойдон кайра катуулап айдап бара жатышты. Ашыркүлдүн кыйкырганга да, тыбырчылаганга да алы калбай калды. Кудашын эстегенде көзүнөн сала-салаа ысык жаштары жүзүн жууп жатты. Үч сааттан ашык жол жүрүшүп, Жалал-Абадга кирип келишти. Үйдүн жанына келгенде Манап түшө калып, дарбазаны кенен ачты. Машине үйдүн ичине киргенде, Манаптын бейкапар отурган ата-энеси сыртка чыга калышты. Алар сыртка чыкканда, машине айдап келген досу "келин келди" деп кыйкырды. Муну уккан ата-эне эмне кыларын билбей дендароо туруп калышты. Аларга удаа эле Манаптын эжеси Айгүл да күйөөсү менен кирип келишти. Эстери ооп турган ата-энесин көрүп, Айгүл келин алып келишкендерин кабарлады. Өзү даярдап келген жоолукту апасына карматты. Жигиттер Ашыркүлдүн кыйкырып-өкүргөнүнө карабай машинеден сүйрөп түшүрүштү. Ашыркүл канчалык чымырканып, үйдүн эшигин тээп туруп алганына карабай, Манаптын олбурлуу досу буту менен бир тээп, Ашыркүлдү үйгө көтөрүп кирди. Ашыркүл жоолук салбай:

– Мени коё бергиле! Мен балаңарды таанybaйм, менин сүйлөшкөн жигитим бар, – деп кыйкырып жатты. Заматта сырттан кошуна аялдар кирип келишип:

– Баарыбыз эле сага окшоп келгенбиз, кой эми жоолукту салын. Сен босогону аттап койдуң, ушул үйдүн бүлөсү болуп калдың, ыйлаба – дешип, баары жабыла Ашыркүлгө жоолук салуу менен убараланып жатышты. Ошол учурда бир карыган кемпир: "Ай жалдырабай келиндерди чакыргыла, тойдун камын көргүлө, – деди.

– Алдыңа кетейин ыйлаба эми, Манап аябай жакшы бала, жакшы бүлөгө туш келдиң, – деп жанагы карыган кемпир Ашыркүлдүн колун кармады. Бирок Ашыркүл алы кетип, кемпирдин колун ары түрттү. Боздоп ыйлап, көпкө аялдарды жолотпой тепкиленди. Аялдар далайга чейин Ашыркүлгө кийим тургай, жоолукту сала албай убара тартышты. Ашыркүлдүн ыйлай берип, көздөрү кызарып, шишип да чыкты. Чачтары уйпаланып, үстүндөгү ак халатынын бүчүлөрү үзүлүп да калыптыр. Халаттын ичинен кийген жашыл фудболкасы менен отурду. Жулкулдаган аялдар халатын чала-була чечип салышыптыр. Башындагы чепчиги кайда калган билбейт. Кыйла убакыттан бери тепкиленип, жулкулдаша берип, акырын алдан тая баштады. Бир заматта үйдүн ичи бир топ аялдарга толуп чыкты. Алардын арасынан бирөөсү тыңсынып, Ашыркүлдүн сунулган тизесин баса отурду да:

– Эми болор иш болду, ыйлаганың менен кеч. Эми үйүңө кайтып барганың менен бир үйдүн босогосун аттап келген дешет. Бул жерден чыксаң тиги отурган энелер каргыш айтат. Эсиңди жый сиңдим. Биз деле сага окшоп келип, бактылуу эле өмүр сүрүп жатабыз. Манап жакшы жигит. Сенин ата-энеңе, Ноокатка кабар кетти. Баары бир эми эч кайда бара албайсың, – деп өктөм-өктөм сүйлөп салды. Муну уккан Ашыркүл шалдырай түштү, күчүн көз жашынан чыгарып жатты. Кудашты ойлогондо ичи туз куйгандай ачышып, эмне кылар айласын таппай турду. Бул жерден оңой менен кутулуп чыкпасына көзү жетти. Бир жагынан жанагы келиндин сөзүн эстесе, бир жактан Кудашы эстен кетпей эзилди. Ашыркүл көзүнөн жаш чыкпай калганча көпкө солуктап ыйлап, акыры аргасыз кийим кийип, жоолук салынып отуруп калды. Ичинен тагдырына миң наалат айтып жатты.

Ашыркулдүн күндөрү суз өтүп жатты. Манап Ашыркулдүн көңүлүн табуу үчүн кареги менен тең айланса да, эсинен Кудашы кеткен жок. Эки чакасын көтөрүп, сыртка сууга чыкканда, же үйдө жалгыз калганда далай жолу көзүнүн жашын көлдөтүп, эч кимге көрсөтпөй ыйлап жүрдү. Манап деле жаман жигит эмес экен. Кең пейил, оор басырыктуу, эмгекчил жигит болчу. Келгенден бери Ашыркулдүн оюу менен болот. Кантсе да аялынын көңүлүн алганга аракет кылып жүрдү. Ашыркүл жок дегенде апасына Кудаш тууралуу айтпаганына өкүнүп кетет. Бирок баары кеч эле. Барган жуучуларга ата-энеси баталарын берип, жеңелерин кошо жөнөтүшкөн. Жеңелери Манаптын келишкен келбетин, заңгыраган үйлөрүн көрүп, кайра Ашыркулду тыйып коюшпады беле… Арадан билинбей бир ай да өтүп кетиптир.

– Ашыркүл Кудашты унуталбай өңдөн да азып кетти. Аргасыз унчукпай тиричилик менен алышып жүрдү. Ал арада Кудаш эч нерседен бейкапар иштеп жүргөн. Колум бошогондо бир барып келсем дегенде эки көзү төрт болуп жүрдү. Убакыт өтүп Терек-Сай Рудник шахтасы Чаткалга карагандыктан, жумуш менен ошол тарапка бара турган болуп калды. Себеби, ал мезгилде тажрыйба алмашуу үчүн ар бир алты айда окууга келише турган. Ал тургай Ноокатта “Улуу Тоо” шахтасы да боло турган. Ноокатта Найман посёлогу бар болчу, анда союз мезгилинде орустар көп жашачу. Кудаш Кызыл-Кыяда 1978-жылдары окуп жүргөндө бул тарапка практикага да келип кеткен болчу. Ошол барганда Ашыркүлгө жолуга келүүнү да пландап алган. Белгиленген күнү Кудаш жолго чыкты. Оболу бардык жумуштарын бүткөрүп алууну чечти. Эки күн жүрүп, бардык жумуштарын бүтүрүп алды да, Ноокатка жөнөдү. Өзүнчө

жүрөгү толкундап, көңүлдүү келе жатты. Кудаш түз эле Ашыркүл иштеген ооруканага келди. Ашыркүлдүн турмушка чыгып кеткенин укканда, башынан бирөө муздак суу куюп жибергендей болуп, көздөрү чымырап, кулагы чуулдай түштү. Кайра түшүнбөй кайталап сурады. Эшиктин оозундагы аял: "Ашыркүлдү бир ай мурун Жалал-Абадга ала качып кеткенин, азыр жашап жатканын айтып" акырын эшикти жаап койду. Кудаш дел болгон адамдай теңселип сыртка чыкты. Бир нече мүнөткө нес болуп катып турду. Ашыркүлдөрдүн айылындагылардан сураштырып жүрүп Гулкайырды тапты. Гүлкайыр болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди. Кудаш башын мыкчып, ичи туз куйгандай ачышып, кадимкидей ыйлап жиберди. Ошол Сүлүктүдө жүргөндө алып калбаганына өкүндү. Өзүн өзү тилдеди.

– Кудаш эми кеч, баары бир Ашыркүл сендик болбой калды. Эми сенин да тагдырыңа башка бир кыз жазылып тургандыр, – деди. Кудаш канчалык жалынса да Ашыркүлдүн Жалал-Абаддагы дарегин айтпай койду. Өзү издеп барган чакта да, шаар чоң, аны кайдан издемек. Айласы куруган Кудаш Кызыл-Кыяга кайтып келди. Келип эле керебетке бүк түшүп жатып калды.

* * *

Убакыт да билинбей өтө берет тура. Тагдырына баш ийген Ашыркүл акырындап, Манапка көнүп да кетти. Балалуу да болушту. Бирок Кудаштын издеп келгенин Гүлкайыр айткан жок. Анткени, жүрөгүн ооруткусу келбеген. Балалуу болорго жакын, өзү иштеген ооруканадагы аял "Бир жигит издеп келген эле" деп сүрөттөп берген. Ошондо Ашыркүлдүн күйбөгөн жери күл болуп, бир канча күн өзүнө келе албай, ойлоно берип ооруп да калган болчу. Кудаш

кандай абалда болду экен деп, көпкө ойлонгон. Бир күнү баласын көтөрүп Ашыркүл ата-энесиникине келип калды. Инисинен Гүлкайырды чакыртты. Гүлкайыр көп күттүрбөй келип калды. Бир аз отургандан кийин курбусун кучактап, бышактап ыйлап жиберди. Ашыркүл чочуп кетти.

– Эмне болду, эмне ыйлап жатасың? – деди Ашыркүл баласын жерге жаткырып жатып.

– Эмне деп айтаарымды билбей жатам. Эсиңдеби, биз менен Сүлүктүдө бир Жамал деген кыз иштебеди беле. Кокустан ошол кызга Оштон жолугуп калдым. Ал бир жумуштар менен келген экен. Ошол кыздан суук кабар уккан элем.

– Гүлкайыр, кандай суук кабар? Деги Кудаш аман бекен? – деген Ашыркүл курбусуна тигиле карады.

– Жок, Кудаш шахтадан каза болуп калыптыр.

Ашыркүл бир нече мүнөт ыйларын билбей, же эмне айтарын билбей үнсүз отуруп калды. Кантсе да жүрөгү менен сүйбөдү беле?!. Гулкайырды кучактап алып, эчкирип ыйлап жиберди. Экөө көпкө ыйлашты.

– Байкушум ай, мен анын бир кабарын угамбы, тагдыр буюруп, бир күн көрүп каламбы деп күтүп жүрбөйүмбү…

– Айла жок тура. Тагдыр экөөңөрдү ошон үчүн да бирге коштурбай койгон чыгар. Эми колуңдан келсе куран гана окуп кой. Баягында сени издеп келгенде мага жолуккан. Сенин турмушка чыкканыңды угуп, кадимкидей ыйлаган болчу.

– Аны сен мага айткан жок элең го?

– Айтканда эмне, сенин жүрөгүңдү ооруткум келген эмес. Дарегиңди да сураган, бирок берген эмесмин. Бергенде эмне. Баары бир жолугуп калсаң сага да жеңил болмок эмес. Манап менен араңар да суубасын дедим.

Ашыркүл көздөрү бакырайган, кара тармал чачтары өзүнө жарашкан, келбеттүү Кудаштын сүрөтүн альбомдон алып чыкты. Гүлкайыр үчөө түшкөн сүрөтү да бар экен. Эки курбу сүрөттү көпкө карап турушту. Ашыркүл оор үшкүрүп алды. Кудашка болгон сүйүүсү үч жыл өтсө да жүрөгүнөн өчө элек экен. Ашыркүл Кудаштын өлгөнүн уккандан кийин, үйүндө атайын боорсок бышырып, өзүнчө эч кимге билдирбей жыт чыгарып, куран да окуп жүрдү.

Ашыркүл бүгүн Воронцовкада бактын түбүндө отуруп, башынан өткөргөн ушул күндөрүн, жүрөктө өчпөй калган сүйүүсүн бир сыйра көздөн өткөрүп, эскерип алды. Кудашка болгон катылуу сезими катылуу бойдон жүрөгүндө жашап келет. Өчпөгөн сезими, өзү өлгөндө гана өчөрүн ойлоду. Баякы Кудаш Ноокатка келгенде, экөөнүн сүйүүсүнө күбө болгон ак кайыңды да, башы жерге ийилген мажүрүм талды да эстеп өттү. Отурган жерден арыраак ыргалып турган мажүрүм талды бир азга телмире карап, акырын оор үшкүрүп, улутунуп алды. Ак аралап калган чачын акырын артка сылап, акырын бөлмөсүнө карай жөнөдү.

## ӨМҮР КҮРӨШҮ

Кулунду айылы. Лейлек районунун ичиндеги айылдарынын арасында Кулунду айылы мөмө жемишке да, жашылчаларга да бай айыл десем жаңылышпайм. Айыл эли бышыкчылык мезгилде өздөрүнүн мөмө жемиштерин, жашылчаларын райондун борборуна алып келип сатып, тиричиликтерин өткөрүшөт. Деги эле дыйканчылык менен жан баккан эмгекчил адамдар көп. Ар биринин үйүндө курма, өрүк, жүзүм, айтор баары бар. Зеби ошол айылда жашайт. Зебинин да чоң багы бар. Анын ичинде эмне гана деген жемиштер жок эмес. Эшигинин астында шактары мөмөсүн көтөрө албай жерге ийилген курмасы келген адамдардын көз жоосун алат. Быйыл ушул курмасынан эле канча киреше алары өзүнө маалым. Эл катары Зеби балдары менен жыл сайын алгач өрүгүн сатып, анан шабдалы, жүзүмдөрүн сатып, канчалаган кирешесин алып жүргөн. Мөмө бактарынын кирешесинен үйүнүн жыртык-тешигин жамап, тиричиликке керектүү кем-карчын толуктап келет. Эмгек менен өстүргөн багына суктана карап, өз ичинен кудайга терең ыраазы болуп, миң жолу шүгүр айтат.

* * *

Кошунасынын үйүндө бир топ аялдар бактын астында бака-шака түшүп отурушкан. Ал жерге Зебини да чакыргандыктан акырын басып барды. Кошунасы жылуу тосуп алып, Зеби аялдардын катарына кошулду. Отурган аялдар менен ал-жай сурашып чыкты. Жайылган дасторкондун үстүндө эл катары аман-эсен жүргөнүнө ичинен шүгүр кылып отурду. Бирок анын оюна Баткендеги каргашалуу согуш окуялары кылт эте түштү. Канчалык

эстебейин десе да, кайра-кайра ошол күндөр көз алдына келе берет.

Адам баласына баарынан кымбат өмүр болот турбайбы. Зеби башынан өткөргөн коркунучтуу сааттарда өмүрдүн канчалык кымбат экенин даана сезген эле. Тыптынч жашоосун заматта чакчелекейин чыгарган ошол күнкү окуяны эстеп, тажиктерди ичинен каргап турду. Мындан кийинки жашоосу да кооптуу экенин ойлогондо заманасы куурулуп кетет.

Ошентсе да, туулуп-өскөн жерин эч кайда таштап кеткиси келбейт. Өзү сыяктуу жашап жаткан кошуналарына да ичинен миң мертебе ыраазы. Мындай коогалаң бир канча жолу кайталана берип, көнүшүп да калышкандай. Бир кездерде тажиктер менен кыз алышып, кудалашып, достукта жашап жүрбөдүк беле? Ошондой бейпил заманды кайсы ичи кара бузуку бузганын билбей башы катат. Аялдар өз ара тамашалашып, шаракташып көпкө отурушту. Зеби өз ою менен убара болуп, каргашалуу күн көз алдына чууруду.

Ошол күнкү каргаша эртең менен башталган болчу. Элдер бейкапар ар кимиси өз тиричилиги менен алек болуп жаткан убак. Зеби да таң эрте туруп, майда-барат иштерин бүтүрүп, жаңыдан чай даярдоого киришкен. Бир убакта “даң” деген ачуу добуштан чочуп кетти. Чуркап чыгып, сыртты карады. Бир заматта айыл ичи ызы-чууга толуп кетти. Туш келди качкан адамдар, атылган октун үндөрү. Зеби үй-бүлөсүн шашып тургузуп, элге кошо качырды да, өзү документтерин алып алууга үйдө кармалып калды. Атылган автоматтын үндөрү так үйүнүн жанынан угулгандыктан, документтерин алганга да үлгүрбөй, качууга сыртка жөнөдү. Дарбазадан куп чыгарда тажиктин эки-үч солдаты автоматтар менен маңдайынан чыкты. Зеби аларды

көргөндө катуу коркуп кетип, эстен таныл жыгылды. Эсине келсе, тажиктин бир солдаты бетине суу чачып, бирдемелерди айтып жатыптыр. Көзүн ачары менен аны колунан булка тургузуп, үйгө түртүп киргизди. Арадан беш мүнөт өтпөй, дагы үч кошуна аялдарды түртүп киргизишти.

– Дымыңарды чыгарбай отургула, болбосо атып салам, – деди бирөөсү өзбекче чала сүйлөп. Эшикти сыртынан бекитип салышты. Төртөө коркконунан бир бурчка тыгылып, тынч отуруп калышты. Зеби акырын эшиктин жылчыгынан сыртты караса, тажиктин төрт солдаты муздаткычтагы тамактарды алып жеп жатышыптыр. Автоматтар менен жемиштерди ургулап түшүрүп, каалаганча жыргап жатышты. Алардын сүйлөшкөндөрүн Зеби бир аз болсо да түшүндү. Сыягы алар, команданы күтүп жатышкандай.

Үйдүн ичинде үнсүз көздөрүнөн жашын төгүп, козголгондон коркуп кечке отурушту. Сыртка чыга албагандыктан алардын заара кылгылары да келди. Үйдүн текчесинде турган чоң чыныларды Зеби алып берди. Аргасыз ошол чыныларга заара ушатышты. Сийдикке мелт-калт толгон чыныларды бурчка коюшту. Бир заматта үйдүн ичи заара жыттанып чыкты. Айла канча. Сасыган жыт көз ачыштырып, мурун жарып турса да, чыдоого туура келди. Ар кимисинин ою өлүмдө гана болду. Сүйлөгөндөн коркуп, ишара менен акырын шыбырашып, бир ыйлап, бир сооронуп отурушту. Тиги тажиктер маал-маалы менен келип буларды карап коюшуп жатты. Зеби 1941-жылкы согушту эстеди. Ошол учурда немистердин колуна түшкөн туткундарга өздөрүн окшотту. Аңгыча кеч да кирип калды. Зеби жылчыктан сыртты карады. Эки солдат каякадыр кеткен окшойт. Бирөөсү автоматын таянып, уктап отуруптур. Экинчиси арыраак бактын ичинде отурат. Сырттан анда

санда автоматтын атылганы, снаряддын жарылганы угулуп турду.

– Эми биз тирүү калбайбыз го, кайда алып барып атып салар экен, же ушул жерде атып салышабы? – деди бирөөсү ыйламсырап.

Зебинин оюна үй-бүлөсү келди. Алар кайда болду экен? Эмне болушту? Ушуларды ойлогондо жүрөгү өрттөнүп, ичи эзилип кеткендей болду. Зеби акырын бутунун учу менен арткы терезенин жанына дабыш чыгарбай басып келди. Терезе ичинен жабыларын эстей кетти. Акырын терезенин илгичин чыгарып, сыртка карай түртүп ачты. Эки жакты элеңдей карады. Негедир эч ким көрүнбөйт. Кайра келип жылчыктан сыртты байкады. Баякы солдаттар өз ордуларында отурушуптур. Зеби тиги аялдарга тынч деген ишара берди да, терезени шырп чыгарбай ачты. Үч аял ушунчалык этияттуулук менен терезеден ашып түшүштү. Үйдүн артында жүгөрү эгилген талаа бар эле. Жүгөрүнү аралап, өйдө чыгышса, Кулундунун борбордук көчөсүнө чыгышмак. Акырында Зеби чыкты да, терезени акырын бекемдеп жаап койду. Тигилердин артынан жүгөрүнүн арасына кирди. Аларга "жөөктөргө жаткыла" деген ишара берди. Ошол учурда сырткы свет жанып калды.

Төртөө ордуларында бы́лк этпей дымып жатып калышты. Эми байкап калбаса экен дегенде, жүрөктөрү кабынан чыгып кетчүдөй түрсүлдөп согуп жатты. Солдаттын бирөөсү үйдүн бурчуна келип, жарым сааттай тамеки тартып турду да, кайра ары басып кетти. Кудай жалгап аларды байкабай калды. Солдат кетери менен боортоктоп жыла башташты. Тилекке каршы ал жүгөрүлөр жаңыдан суугарылгандыктан, жөөктүн ичи баткак эле. Ага карабастан жанталаша өйдө карай боортоктоп баратышты. Баткакта

боортоктоп жүрүү улам кыйындай баштады. Антсе да өмүр үчүн күрөшүү канчалык зарыл экендигин төртөө тең сезип баратышты. Ар кимиси өз өмүрү үчүн баткак арасында күрөшүп жаткандай. Бирөө токтосо баары токтошот. Кадимкидей караңгылык айлананы каптап калган. Жүгөрүнүн арасында айдын жарыгын даана сезишти. Автоматтардын атылган үнү дале басыла элек. "Башка түшсө байтал жорго" дегендей жаштары орто жаштан өтүп, кургур биринин колу, биринин бели, же буту ооруп жатса да кайыл болуп, кыбырап жылып баратышат. Баткакка бөлөнүп, дем алуу кыйындап, бири-бирин ишара менен токтотуп, бир аз эс алып алалы дешти. Унчукпай айланага кулак түрүшөт. "Шырп" эткен дабыш чыкса эле, жүрөктөрү "Болк" этип жата калышат. Жүгөрүнүн баш жагына да жакындап калышты. Бирок чыгуудан коркуп отурушту. Зеби аларга: "Чыкпай коё туралы. Кокус дагы колго түшүп калып жүрбөйлү. Дыкат кулак турүп отургула. Балким өзүбүздүн адамдардын же жоокерлердин үнүн угуп калсак чыгалы", – деди Зеби шыбырап. Төртөөнүн оюн ар түрдүү коркунучтуу ойлор да, жакшы ойлор да улам чулгап турду. Жүгөрүнүн арасында төрт сааттай отурушту. Бир убакта адамдардын кобураган добушун угуп калышты. Элейип, баары ошол тарапка кулак түрүшөт. Оболу кандай тилде сүйлөп жаткандары даана угулган жок. Бара-бара даана ажырата алышты. Оо кудай, өзүң сактай көр! Кыргыздар! Чын эле кыргызча сүйлөгөн адамдардын үндөрү. Зеби кыргыз жоокерлердин жүргөнүнө ишенгенден кийин: "Бизди куткаргыла, аскерлер", – деп кыйкырып жиберди.

Ошол учурда эки жаш жоокердин таң кала **эки** жакты элеңдей карап: "Кайдан кыйкырып жатышат" – **деген** үндөрүн даана укту. Зеби ордунан тура калып жүгөрүдөн

чыгууга алдыга жүткүндү. Шуудураган жүгөрүлөрдүн дабышынан улам, аскерлер чуркап келишти. Төртөө араң дегенде жолго чыгышты. Жолго чыкканда светтин жарыгында алардын баткак кебетелерин көргөн жоокерлер кейип алышты. Аларды эрчитип, заставага алып келишти. Ылай болгон колу-беттерин араң жууп, буттарындагы бут кийимдерин эптеп тазаламыш этишти. Бир сааттан кийин үрүл-бүрүл таң атканда төртөөнү бир машинеге отургузуп, эки жоокер Сүлүктүгө карай алып жөнөштү. Баткак болуп, катып калган кийимдери менен шаарга кирип келишти. Сүлүктүнүн эли алардын кебетелерин көргөндө ыйлап да жиберишти. Бир заматта аларга таза кийим алып келип кийгизишип, качкындар турган мектеп залына алып келишти. Алар ошол жерден өздөрүнүн бала-чакаларын, туугандарын көрүп, бар ызасы менен ыйлап алышты. "Чын эле тирүү калдыкпы"- дегенсип, ошол жердегилерди биринен сала бирин кучактап жатышты. Өмүр үчүн адамдар эле эмес, жан-жаныбарлар деле күрөшөт тура. Жандын таттуулугу, өмүрдүн кымбаттыгы, ажал менен бет келгенде билинет тура.

Зеби дагы канчага чейин ойго батып отурар эле ким билет, бир убакта аялдардын шарактаган күлкүлөрү анын оюн бузуп жиберди. "Селт" этип уйкудан ойгонгондой ордунан бир обдулуп козголуп алды. Жанындагы аялдар ар кандай сөздөрдү айтып, күлүп отурушкан. Бир убакта кошунасы Зебиге сөз берип калды.

Зеби бир мүнөттөй мукактана түшүп, оюн топтоп, анан сүйлөй баштады.

– Айланайындар, эч качан жерибизде согуш болбосо экен. Кара ниет тажиктерге да жараткан ыйман берип, илгеркидей бейпил жашообуз улансын. Бизге окшогон

энелер “Балам” деп зар какшабасын! Ылайым эле баарыбыз өз үй-бүлөбүз менен, бүткүл айылыбыз менен тынч бололу! Өмүрдүн ушунчалык кымбат экенин өз башым менен сездим го. Бул кыска өмүрдө баарыбызга жакшылыктар болсун. Жерибиздин төгүлгөн мөмө жемиштери да, башкасы да өзүбүзгө буюрсун! – Зеби ушуларды айтып жатып, көзүнө жаш тегеренип кеткенин өзү да сезбей калды. Анын сөзүн башка аялдар да кубаттап, жапырт “омиин” дешип бата кылышты. Ушунчалык бүгүн жайыл дасторкондун четинде күлүп жайнап отурушкандарына шүгүр кылышты. Аялдар акырындык менен тура жөнөштү. Зеби короосунан эки курманы алып, үйгө кирди. Намазын окуп, жалпы кыргыз элине кудайдан тынчтык тилеп, жайнамазда узак бата кылды. Мындан ары да өмүрдүн ар бир мүнөтүн тынчылык менен өткөрүүнү самап турду. Өз оюнда: “Өмүр үчүн болгон күрөш алы да алдыда”, – деп койду. Бирок өмүр күрөшү мындан ары бейпилдикте гана болсо деген тилекти ойлоп турду.

* * *

## АТАМДЫН ПОРТРЕТИ

Атаке! Мен азыр сенин портретиңе кадалып отурам, бирок өзүңдү билбейм, элестете да албайм. Сен кайрылгыс жерге кеткениң качан. Эгер азыр менин жанымда тирүү болгонуңда, менин бактымда чек болбос эле!

"Ата". Жүрөгүм толкуп, кайра-кайра айткым келет, сени эркелеткениңди самайм. Бирок, сен жоксуң, ата!

Мендей кыздар атасынын алдында бейкапар эркелеп ойноп жүрүшөт. Менчи, мен…

Бирөөлөр көңүлүмө катуу айтса, портретиңе арыз муңумду айтып алам. Ичимдеги ызамды, кайгымды өзүң менен бөлүшөм.

Мен анда он бир жаштагы секелек кыз элем. Үйүбүз тиги кырдагы белде болчу. Эрте жазда кырдын бетин ээлеп, майда гүлдөр ачыла турган. Ар күнү мектепке жөнөгөндө, гүлдөрдөн терип алчумун. Менин жанымда кошуна кызды да эрчитип жүрчүмүн. Экөөбүз эрчишип алып, далай гүл тердик го. Бир күнү дем алыш болгондуктан экөөбүз адаттагыдай эле гүл тергени чыктык. Таңкы аба таза. Жаз жытына кумарланып, экөөбүз көк майсанда жылаңайлак ары-бери чуркап ойноп, гүл тердик. , Анан терген гүлдөрүбүздү салыштыра кеттик. Негедир кошуна кыздын гүлү меникине караганда азыраак болду. Ал менден бир аз гүл берүүмдү суранды. Мен көшөрүп, бербей койдум. Ошондогу айткан сөзү чучугумду көзөп өткөндөй болду го, оф! "Сенин атаң жок, жетимсиң" - деген сөзү жүрөгүмө канжар сайгандай болду. Али күнгө ошол сөздү эстесем, көздөрүмө жаш тегеренет.

Балалыгым да, ошондо сураган гүлдү бере салсам эмне?! Ушул каргыш тийген сөздү укпас белем. Ошол

күндөн кийин канча күндөр ичимен кайгы жебедимби. Үстүмө кийген кызыл көйнөгүм шамалга делбиреп, буттарым коюу өскөн чөптөргө оролуп, көзүмдүн жашы он талаа болуп, үйгө чуркабадым беле. Апам байкуштун тизесин кучактап, өксүп-өксүп ыйладым. Апам да мени менен кошо көзүнүн жашын жашыра албай, бирок мени сооротуунун аракетинде болгон. Ошондо атам жөнүндө сурагам. Апам сен жөнүндө көп нерселерди айтып берди. Ошондо сен жөнүндө толук уккамын, ата!

Мен быйыл 16 жашка чыктым. Сенин көзүң өткөнүнө да 16 жыл болуптур. Тагдыр экөөбүздү бир жолу көрүшүүгө бир күн буюрбаптыр, ата!

Сенин портретиңе кадалып, сенин өмүрүңдү алган жолду жек көрдүм. Ушул жол менен согушка кеткен турбайсыңбы? Аттиң, азыр мурдагыдай эмес, зымыраган түз жолдор. Азыр тирүү болгонуңда ушул жолдон зуулдата машинеңди айдап жүрмөксүң. Мен күн сайын колума гүл терип, сени жумуштан кийин тосуп чыгар элем го, атаке! Анан өмүрдүн бактылуу күндөрүн бирге тосор элек. Аттиң, эми кайдан, баары бош ойлор. Мейли атаке, жаткан жериң бейиштен болсун!

## ЖОЛУГУШУУ

### (Этюд)

Асманда ай сүттөй жарык. Жымыңдаган жылдыздар жыбырап, түн да тынч. Айдын нуру төгүлгөн бөлмөдө жалгызмын. Терезеден сырткы сулуулукка суктана карап отурам.

Ар кыл ойлор менен алпурушуп, уктап отуруп, таңдын атаарына жакын калганын да сезбей калыптырмын. Бир кезде жылдыздар да бири-бирден өчө баштады. Мен алыска-алыска тигиле карайм. Тигине бир караан бери мени карай келе жатты. Тааныдым. Атам экен . ”А-таа” деп чуркап жөнөдүм. Алдынан утурлай чыктым. Атам мени кучагына кысып, саамайымдан сылап, акырын бетимден өпкүлөдү.

– Ата! Мен сизди аябай сагындым. Эмне мынча кечиктиң? Тез эле келем дебедиң беле? Сен мени алдаган турбайсыңбы?

– Жок кызым, мен сени алдаган жокмун. Шарт ушундай болуп калды да. Тиги каргыш тийгирлерди кубалап жүрбөдүмбү, сени эркин ойносун деп.

– Эми алар кайра келишпейби? – деп сурайм.

– Жок, эми алар келишпейт. Мен алардын башын алып таштадым. Согуш дегенди түп тамырынан жок кылдык, эми согуш болбойт. Мен атамдын жүзүнө тигиле карап турдум. Сакалы өсүп, арыктап кеткендей туюлду. Кыязы, апам экөөбүздү сагынып кыйналса керек.

– Сен эми эч кайда кетпейсиң ээ, ата? Мен сенин кучагыңда эркелеп жүрөйүнчү? – дедим мен. Атам менин бул сөзүмө жооп бербестен көпкө ойлуу турду да, анан менин маңдайымдан өөп, артына бурулбай келген тарабына

ары басып кетти. Мен артынан чуркайын дедим, бирок бутум тушалгансып, ордуман жыла алган жокмун.

– Атаа, мен сени таарынттымбы? Эмне кетип каласың, атаа, кетпээ! – деп кыйкырып жаттым, ыйлап да жаттым. Өз кыйкырыгымдан өзүм чочуп ойгондум. Көрсө булардын баары түшүм тура. Көзүмдөн аккан ысык жаш бетимен ылдый куюлуп жатты.

Көз жашымды арчып, сыртка чыктым. Асман ала булуттанып, эми эле жамгыр жаап өтүптүр. Жаңы гана бүр ачкан дарактардын бутагында жаш жалбырактардан жамгыр тамчылары тыпылдап, жерге тамат. Кантсе да жазгы аба сонун эмеспи. Демейде бук болгон көңүлүмдү жаздын салкын абасы сергитип, маанайым ачыла түштү. Мен өзүмдү ушул тапта жамгыр жууган жаш жалбырактарга окшотуп, ойлуу карап турдум.

## ЭНЕСАЙ ЭЛЕСТЕРИ

Эртең мененки Энесай дарыясынын жээги. Дарыя боюнда ар кандай бактар, ит мурундар, бадалдар коюу өскөн. Энесай дарыясы жай акканы менен, бирок терең экен. Дарыяда дайыма кичинекей пароход, теплоходдордун сүзүп жүргөнүн көрүүгө болот. Жээгине барып отурсаң, ар кандай ойлорго чөмүлүп, эс алып да каласың. Суудагы кайык сымал бирде жээкке, бирде ташка урунуп, толкун менен кошо кайда шарпылдаса ошол жакка карай сүңгүйсүң. Турмушта тагдыр сыноосу адам баласын ар кандай жолго салат тура. Ошол сыноону жеңүү өтө кыйын. Алардын баарын көз алдыңан өткөрсөң, өзүнчө эле бүтпөгөн поэма, бүтпөгөн кино-сериал. Анткен менен, адам баласы тагдыр чийген жол менен кете берет, баш ийбешке да арга жок. Кээде каткыртып, кээде кайгыртып, тагдыр агымы өзүнө баш ийдирип алат тура...

1984-жыл. Орусиянын Кызылжар (Красноярск) крайы, Саян тоо (Саянагорск) шаары. Бул шаар Энесай дарыясын жээктеп жайгашкан. Ал мезгилде союз тарай элек учур. Бул шаарда көп улут жашаган менен, кыргызча сүйлөгөн эч ким жок. Энесай дарыясын бойлой сары автобустар тынбай эртеден-кечке туш тарапка жүрүп турат. Ошол автобус менен күн сайын мен да жумушка барып келем. Автобуста бара жатып, айланага көз жүгүрткөнүм менен, ойлогон оюмдун түбү жок. Чаржайыт. Кыш мезгилинде күн өтө суук болот. Кар учуруп, аяз беттен тызылдатып, шамал учурган кардан бетиңди кымтылап, араң жүрөсүң. Күн суук болгондуктан шаардыктар күн мурунтан кышка камынышып, керектүүлөрүн камдап алышат. Карагай отундарды жарып, шумдуктай кылып тизип алышат.

Жаз башка жактарга караганда бир аз кечирээк келет. Жаз келген учурда кадимкидей айлана жашыл кымкап жамынып, бийик карагайлар, кайыңдар боюн керишип, көзгө керемет көрүнүп калышат. Саянагорск шаарынан Майна аркылуу узун жол Энесай дарыясын жээктеп отуруп, Черемушка деген татынакай айылга алып барат. Андан соң кичине токой аралап, арылай жүрүп отурганда Саяно-Шушенск ГЭСке көзүң түшөт. ГЭСтен чыккан суу оргуштап бийиктен агып түшкөндүктөн сүрдүү да, кооз да көрүнөт. Биз ошол тарапта жашап жүрүп көптөгөн шаарларды көрүүгө жетиштик. Ал жакта көбүнчө хакас элин учуратууга болот, алардын басымдуу бөлүгү “Кызыл” деген жерде жашашат экен.

Ата-бабалардын айтымынан улам шаар “Кызыл” деп аталып калыптыр. Бирок эмне үчүн андай аталганын эч кимиси деле так айтып бере алышкан эмес. Шаардын борбору Абакан деп аталат. Шушенск шаарында Ленин жашагандыктан, атайын музей курулуп, айланасын тосуп коюшкан. Анда чөп алачыгы, жыгач отургучтары, ойногон шахматы, колдонгон эмеректери, идиштери, кийген пальтосу сакталып турат. Барган адамдарга кенен-кесири баяндап айтып беришет. Ал айыл башкаларга караганда бактуу, өзгөчө кооз айылдын бири. Энесайдан Шушенскийге чоң көпүрө аркылуу келет. Энесай дарыясы аркылуу кичинекей пароходдор менен Тайгага жумушчулар барыша алат. Бизди да пароходду башкарган Коля деген капитан Тайгага ташып жүрчү. Бир жолу капитан Коля токойдон чоң аюу атып келгенин да көргөнбүз. Шаарларда тогуз жана беш кабаттуу үйлөр жаңыдан курулган. Шаардан алысыраак жерде Калай (алюминий) заводу өтө чоң гектар жерди ээлеп турат. Ошол тарапта жапыз бир кабаттуу үйлөр да көп. Анда көбүнчө кары-картаң адамдар жашай турган. Ошол жерде

жашаган карыган бир орус кемпир менен кокустан таанышып калган элек. Ал кемпир көбүнчө үйүнүн сыртында жыгачтан жасалган отургучта отура берчү. Анын жанында жүдөө, карыган ак чач, сакал муруту өскөн чал да катар отуруп калчу. Булардан башка дагы бир орто жаштагы аял жашачу. Ал тиги экөөнө караганда кыйла тың болчу. Анын аты Валя экенин билдик. Валя тиги экөөнү карай турган. Тиги чал абышкасы экенин түшүндүрдү. Чарчаганда сыртка чыгып, отургучунда отуруп калчу. Көрсө тиги карыган кемпир өзүнүн энеси, ал эми чал абышкасы экен. Аны менен таанышып, бара-бара ынак болуп кеттик. Валя бир жолу экөөбүз чай ичип отурганда башынан өткөргөн окуялардан кеп салып калды.

1940-41 жылдар эле. Мен жаш кезимен эле ушул айылда жашап чоңойдум. Ал мезгилде Сергей деген кычыраган жаш жигит менен достошуп жүргөн курагым. Экөөбүз эки көчөдө жашасак да, бири-бирибиз менен ынак болчубуз. Жазында Энесайды бойлоп күн сайын токойдон козу карын терип келчүбүз. Гүл терип ойноп, экөөбүз кечке сүйлөшүп бүтчү эмеспиз. Ошентип бири-бирибизди жактырышып калдык. Мен да Сергейди абдан жакшы көрчүмүн. Мектепке да чогуу барып келчүбүз. Сергей менсиз эч кайда чыкчу эмес. Сергей кечинде гитарада ойноп, көп ырдап берер эле. Балалайкада да сонун ойночу.

Бир күнү кечки салкында экөөбүз жолугуп, көк чөптүн үстүндө кыналыша отурганбыз. Колубуз кармашып, бири-бирибизди кадала карап, булуттар арасынан чыгып келе жаткан жылдыздарга карап, ойлоно түштүм.

– Валя, мен сени кандай жакшы көрөрүмдү билесиңби? – деди мага тигилип.

– Мен да, – дедим жерди карап. Сергей акырын мени өзүнө тарта кучагына кысып, көздөрүмөн өөп койду. Мен бирөө көрүп кала тургандай, эки жагымды элеңдеп:

– Койчу, бирөө көрсө эмне дейт, – деп акырын түрттүм. Ушундай бактылуу күндөрдө жүргөнүбүздө 1941-жылы согуш деген балээ башталды. Күзүндө Сергейге да согушка чакыруу келип калды. Коштошор күнү түнү бою сүйүүбүздү билдирип, эртеси аны ыйлап узатып кала бердим. Сергей кетип бара жатып: “Валя, сүйүктүүм, мени күт” – деп кыйкырды.

– Мен сени күтөм, аман кайтып кел, – дедим чуркап баратып. Сергей сыяктуу жаштар, андан чоңураак жигиттер, аталар, агаларыбыз улам биринин артынан бири согушка кетип жатты. Айыл ичи каңгырап, бошоп калгандай эле болду. Сергей кеткен тарапты кичинекей терезeмден карап отура берчүмүн. Бир ай дегенде Сергейден кат келди. Ал өзүнүн Украинада жүргөндүгүн жазыптыр. Согушка карата даярданып, окуп жатканын айтыптыр. Турмуш барган сайын кыйындай берди. Бардык азык-түлүктөрдү согушту көздөй жөнөтүп жаттык. Айылдагы аялдар жүн жиптерден байпактарды, кийимдерди токуп, айтор эмне тапса согушка жөнөтмөй. Кыскасы, тамакка курсак тоюнбай, ач калган күндөрүбүз да болбой койгон жок. Айылда эркек аттуу калбай, токойго отунга аялдар, мен сыяктуу кыздар бара баштадык. Жегенибиз бир аздан ботко. Колхоздун жумуштарын жалаң аялдар аткармай заман. Иштегенибизге граммдап гана нан берет. Оо согуш мезгилде эмне гана кыйынчылыктарды баштан өткөрбөдүк. Жазында эгин айдаган, бышканда жыйнаган да биз, аялдар. Бир аз тестиер эркек балдардын да жаны тынбады. Ошондо нандын кадырын укмуш эле сездик го, чиркин! Тирүү пенде айласыз кыйынчылыкка чыдай берет тура. Апам да түн бир

оокумда жумуштан келер эле. Сергейден оболу кат келип турчу. Бара-бара таптакыр кат кабарсыз болуп кетти. Жазган каттарыма жооп да болбоду. Ошентип турмуштун азабын беш жылдай абдан эле тарттык. Колдорубуз туурулуп, үстүбүздө жарытаарлык кийимибиз да жок. Айылыбыздан канчалаган адамдардан кара кагаз келип, канча апаларыбыз кайгы жутту. Ал күндөрдү эстесем, али күнгө чейин жүрөгүм эзилип, каңырыгым түтөп, эчкирип ыйлап алам. Согуш да аяктап, 1945-жылдын май айы кирип келди. Жеңиш майрамы бүткүл элди жашоого кайра тирилтти. Биздин шаарларда да, айылдарда да элдер майрамдап жатышты. Акырындык менен анда-санда тирүү калгандар айылга келе баштаган кез. Мен Сергейди күтүп жаттым. Бирок али да дарек жок. Бир нече жылдан кийин Сергейден үмүтүм үзүлүп, Ваня деген жигит менен таанышып, ага турмушка чыктым. Экөөбүз карагайдан зыңкыйтып чакан үй куруп алдык. Ваня шаар тараптан келген жигит болчу. Карагай алып келүүгө Ваня экөөбүз араба менен чогуу барар элек. Ал жакка барганда Сергей экөөбүздүн жүргөн жерлерди көргөндө, өзүмчө терең ойго чөмүлүп кетчүмүн. Качан Ваня чакырганда, ”селт” этип чочуп, оюм бузулчу. Күндөр өтүп, Ваня экөөбүз уулдуу болдук. Бирок Ваня кокустан ооруп калып, балам эми чоңоюп баштаган убакта каза болуп калды.

Атасы өлгөндөн кийин уулумду ашыкча эркелетип, мектепти да жакшы окубай, араң эле бүтүрдү. Ваня өлгөндөн кийин апамды колума алып келип алдым. Ошондон бери чогуу жашап жүрдүк. Согуштан кийин деле көп жылдар кыйынчылыкты тартып жүрдүк. Апам кээде: “Баланды жакшы тарбиялабай койдуң”, – деп көп айтып калар эле. Мен: “Апа бир күнү акыл-эси кирип калар”– деп тим болчумун. Не кылам, тагдырыма ушуларды жазып

койгон экен. Аргасыз баарына чыдоого туура келбедиби… Ошол мезгилдерде дагы эле кээде Сергейден үмүтүм үзүлбөй жүрдү. Бир күн кирип келүүчүдөй туюла берчү. Тиричилик үчүн жаным тынбай иштей берчүмүн. Менин кошунам Иван деген киши болор эле. Ал киши ак көңүл болгондуктан, бизге көп эле жардам берди. Ал мага: “Валя, кичине өзүңдү аясаңчы, тирчилик деп куурай турган болдуң. Кичине эс алганды да бил. Антпесе ооруп каласың”, – деп мени аяп калчу. Бошой калганда үйгө келип, бир аз кобурашып отуруп калчу. Арадан жылдар зымырап өтүп, 1975-жыл да келип калган мезгил. Жадыраган жаз келип, айлана кооздукка бөлөнүп калган кез. Айылдагы аялдар эс алуу үчүн токой тарапка жөнөп калышты. Апам ой-боюма койбой эс алууга мени да кошо жөнөттү. Энесайды бойлоп, өйдө көздөй Майна кыштагынан “Золотой ключ” деген аялдамадан түшүп, андан ары узун чыйыр жол менен токойду көздөй жөө жөнөдүк. Бийик карагайлардан асман гана көрүнөт. Токой ичи салкын, айланада түркүн гүлдөр көз жоосун алат. Түркүн тилде сайраган куштардын үнү кулакка жагымдуу угулат. Карагайлардын буруксуган жыты көңүлдү кадимкидей сергитип жиберди. Биз ары өйдөлөп отуруп, бир көлгө жеттик. Аркы бетинен кичирээк суу көлгө агып жатыптыр. Энесай дарыясынан пайда болгон көл го деген ойдо болдум. Токойдун так ортосунда болгондуктан, көл көзүмө ары кооз, ары тунук көрүндү. Колума чаканы алып, суу алып келүүгө көлдүн жээгине келдим. Аркы аялдар алып келгендерин дасторконго даярдап жатышкан. Жээкте кесилген дарактын дүмүрүндө бирөө ойлуу, көлдү мелтирей карап отуруптур. Жээктеги шарактап, өздөрүнчө тамаша сүйлөп, күлүп жатышкандарга да кайдигер сыяктуу. Алар жакты көңүл буруп карап да койгон жок. Көлдүн бир чекитине кадалып, терең ойдон чыга албай жаткан сыяктуу.

Жанына жакын барып, өңүнө тигилдим. Сакал муруту өскөн, жүдөө, арыктыгынан ийини куркуюп чыгып турат. Мен чакама суу алганда гана байкады окшойт:

– Эй, сен кайдан келдиң, – деп, чочугандай суроо берди. Мен да жалт карадым. Өңү тааныштай. Тигиле карап туруп, Сергейге окшоттум. Чын эле Сергей болчу. Мен бир азга апкаарый түшүп:

– Сергей, сен Сергейсиңби? – дедим араң демим жутулуп.

– Ооба, мен Сергеймин, мени кайдан тааныйсың, – деп мени бүшүркөй карады. Көздөрүн жүлжүйтүп, мага тигилди. Мен кантип жанына жетип барганымды билбей калдым. Ал ордунан тура калды. Бир буту аксап, бир аз ары боло берди.

– Сергей, сен бул жакта не кылып жүрөсүң? Демек тирүү экенсиң го! Мен Валямын, мени таанывадыңбы? – деп бир топ божурап жибердим. Сергей бир топко кадала карап туруп, бир убакта:

– Валя, менин Валям,- деп шыбырады. Экөөбүз кантип кучакташып калганыбызды сезбей да калдык.

– Сергей, согуш бүткөнүнө далай жыл болду, кайда жүрдүң ушунча жыл? Мен сени канча жыл күттүм го?

Сергей бир азга көздөрүнөн аккан жашты жеңи менен арчып, акырын баягы отурган ордуна отура кетти. Көрсө ок тийип, оор жарадар болуп, узак убакытта госпиталда айлап жатыптыр. Бир аз өзүнө келгенде эжесине кат жазган экен. Эжеси Таня Агински шаарында жашаган тура. Инисинин кабарын билип, араң дегенде Сергейди таап, өзү жашаган шаарга алып кетиптир. Ошол мезгилде Сергейдин эс-тутуму да начарлап, бирде жакшы сүйлөсө, бирде ойду-тоону сүйлөп калган кези. Ошондуктан да эжеси аны эч кайда жибербей, ошол жерде жашап калат. Сергей ал жакта жүргөндө да, көп жолу ден-соолугу начарлап, дарыланып

жүргөн экен. Барган сайын акылы өз ордуна келе баштаганда гана, айылы эсине түшүп, келип турган чагы экенин айтып өттү. Өзү менен кошо Таня да келгенин түшүндүрдү. Мен да арада үйлөндүм, бирок балалуу боло албадым. Мен баарын угуп отуруп, Сергейге боорум ачып кетти. Ал арада мен чакадагы сууну тигилерге жеткире салып, кайра кайтып келдим. Сергей тээ ылдый жактан көрүнгөн аялды "Таня" деп чакырды. Эжеси улгайган эле аял экен. Биз бала кезден тааныш экенибизди, бири-бирибизди сүйүп жүргөнүбүз тууралуу кыскача айтып бердим. Таня да Сергейдин сураныччы менен бул жерге алып келгенин айтты. Кечинде кайра самолёт менен учуп кетишерин билдирди. Мен Сергейдин оорудан кыйналган, азап тарткан өңүнө карап, боорум ачып, ичим эңшерилип турду. Мына тагдырдын кызык оюну! Канчалаган жылдардан кийин тагдыр бизди кайрадан жолуктурду. Ичимен жаш курагындагы кездерин көз алдыма элестетип, азыркы аянычтуу түрүн аяп, ыйлагым да келип кетти. Бир убакта менин каякта жашап жатканымды сурап калды.

– Мен баякы сен билген айылда эле жашайм. Мен да турмушка чыгып, бир уулум бар. Бирок жолдошум капкачан өлүп калган. Апам, уулум үчөөбүз биз салган үйдө жашайбыз, – дедим. Башыман өткөн кыйынчылыктар жөнүндө да бир аз кабар берип өттүм. Сергей бир топ өзгөрүптүр. Баякыдай жайдары, шашмалыгынан таптакыр дайын жок. Ойлуу, оор басырыктуу болуп өзгөрүптүр. Кантсин байкуш, согуштун өрт каптаган, кан жыттанган майданында жүрүп келбедиби. Согуш баарын өзгөртпөдүбү... Үстүндө кийген кийими деле жупуну. Эжеси экөөнү ой-боюна койбой, кошо келген айылдаштардын жанына эрчитип бардым. Аларга өзүбүздүн айылдык Сергей экенин айттым. Кээ бири эстеп, аны менен кучакташып

учурашты. Аларды кетире койбой чогуу тамактанып отурдук. Кечинде үйүбүзгө кайтар мезгилде, мен Сергейди жоготкум келбей турду. Баарыбыз чогуу аялдамага чейин келдик. Сергей бир бутун араң сүйрөп, сылтый басты. Мен аны колтуктап алдым. Биз Таня, Сергей үчөөбүз артта сүйлөшүп бастык. Мен Танянын дарегин сурап калдым. Автобус келип, алар акырын чыгып, терезеден мени тигиле карап, көздөрүнөн аккан жашын да сүртпөй, кол булгап баратты. Мен дагы кол булгап, көзүмө жаш толо кала бердим. Автобус узап кеткенден кийин, аялдамадагы отургучка отура кетип, кадимкидей эчкирип ыйлап жаттым. Жанымдагылардын сооротумуш болгон сөздөрү кулагыма да кирген жок. Көп жылдан берки бугум чыкканча ыйладым. Биз түшчү автобус да келди. Мен эч кимге көңүл бурбай, өз оюм менен алпурушуп, көз жашым жүзүмдү жууп баратты. Автобустун ичиндегилер мени таңдана да, аяп да карап жатышты. Мен алар менен ишим жок. Оюмдан Сергей чыкпай бара жатам. Өзүбүздүн көчөбүзгө келип, аялдамадан түшүп калдым. Үйгө келсем, апам тамак жебей мени күтүп отуруптур. Менин ыйлаган түрүмдү көрүп, чочуп кетти. Мен унчукпай бети-колумду жууп, чачтарымды ирээттеп, апам жасаган тамакты ысытып, чыныларга куйдум да, акырын отургучка отурдум. Апам болсо, менин көзүмдү карап, өзүнчө кыжалат болуп турганын өңүнөн байкадым. Мен апамдын колунан кармап, бүгүнкү болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып бердим. Ошол күндөн баштап, Сергейди бир ай бою такыр оюмдан чыгара албай жүрдүм. Акыры чыдамым кетип, апама:

– Апа, Сергей аябай эле кыйналып жүрөт окшойт. Мен Сергейди алып келем, – дедим күтүүсүздөн. Апам мени тигиле карап:

– Аны алып келсең, экөөбүздү карайм деп кыйналасың го, кызым. Мен каршы деле эмесмин. Өзүң бил, ойлонуп көр, – деди апам.

– Мен аны самолёт менен эле алып келем, – дедим. Ошентип эртеси жумуштан суранып алып, Агинскиге учуп кеттим. Бир сааттык жол болгондуктан, бат эле жеттим. Таня берген даректи кыйналбай таап келдим. Сергей кичинекей үйдүн жанында отургучта отурган экен. Мени көрө коюп, эмне дээрин билбей алдастап калды. Кубанганынан көзүнөн жашы да ыргып кетти. Таня бир жумуштары менен бир жакка чыгып кетиптир. Ал мага чай коём деп, акырын турду. Мен аны отургузуп, өзүм чай койдум. Экөөбүз кобурашып отурганда Таня келди. Мен өзүмдүн келген максатымды айттым. Таня Сергейди бир аз карап туруп:

– Мен эмне демек элем, Сергей өзү чечсин, барам десе барсын. А мен силерге конокко барып турам, – деди муңайымдуу жылмайып.

Сергей бир аз ыңгайсыз абалда ойлонуп турду. Кыязы, апам менен уулум "Эмне дээр экен" деген ойдо болуп турганын дароо сездим. Мен качан гана уулумдун да, апамдын да каршылыгы жок экенин айтканда, жүзү жадырай түшүп, макул болду. Уулум шаарда боло турган. Ал биз менен деле жашачу эмес. Ал күнү Таня жибербей, бизди коноктоду. Эртеси самолёт менен учуп келип калдык. Ошентип экөөбүздүн бирге болгонубузга 20 жыл болуптур. Эң бактылуу күндөрдү баштан кечирдик. Сергейди алып келип, дарыгерлерге караттым, жакшылап тамак аштан берип, бир топ тыңып алганга жардам бердим. Мурункудан кыйла күчтөнүп, сылтып басса да эркектин жасачу иштерин акырын бүтүрө коюп, мага да чоң жардамчы болду. Бирок согушуң кургур, жылдар өтсө да денедеги жараатынын азабын унуттурбайт тура. Жашы өткөн сайын бутунун

оорусу күчөп калды. Мурдагыдай оор жумуштарды деле кыла албайт. Жеңил желпи жумуштарды кыбырап жасайт. Апам да картайды. Отуруп алып: "Тамакты үнөмдөп жасагыла, тигини минт, муну тигинт, "Запас надо иметь" деп эле кулагымдын кужурун алат. Дагы эле согуш мезгилиндей ачка калчудай боло берет окшойт. Ушинтип экөөнү жалгыз өзүм карап жатам. Сергейди чындап эле жакшы көргөнүмдү далилдедим окшойт. Ушуларды айтып, Валя сөзүн аяктады.

Ооба, Энесай боюндагы айылдын көчөсүндөгү, карагайдан салынган үйдөгү Валянын тагдырын эле эмес, бүткүл орус элинин оор тагдырынан кабардар болгондой эле болдум. Ошол карагай үйлөрдүн терезелери кичинекей, сыртынан оймолонгон жапкыч менен жабыла турган капкасы боло турган. Чалкайып агып жаткан Энесайдын боюнда бир мезгилде биздин кыргыздар да мекендеп кеткенин кантип билбейин. Кыргыздарды коргоп жашаган Күлчө баатыр жөнүндө да кабарым бар. Ошондон улам:

Эне-Сай сендей жайкын өзөн барбы?
Эне-Сай сендей жайкын мекен барбы?
Эне-Сай сендей кыйын азап барбы?
Эне-Сай сендей ыйык азат барбы?

Мына ошол ырда айтылган, Энесай дарыясы ушул болчу. Бул ыр да биздин кыргыз ата-бабаларыбыздан калган эмеспи. Аны эч ким тана да албайт. Бабалар мекендеген, бабалар дем алган Энесай дарыясын көрөм деген ой үч уктасам да түшүмө кирген эмес эле. Турмуштун кыйынчылыгы, тагдырдын буйругу, мени жумуш менен акча табууга ушул тарапка темселетип алып келгенине таң калган деле жокмун. Анткени, мен сыяктуу Россиянын булуң бурчунда жүргөндөр канча!

* * *

## АЙ НУРУНА ТИГИЛГЕН КӨЗДӨР

Кыштын күнү. Асмандагы Ай жарыгын чачып тургандыктан айыл ичи жапжарык. Түнкү бейпилдик өкүм сүрүүдө. Элдин баары кызуу уйкунун кучагында. Асмандагы жаркыраган Ай да, жымыңдаган жылдыздар да уйкуда жаткан адамдарга тынчтык тилегендей...

Эне айланага көз чаптырып, калың жааган маңдайдагы карларды карап, терең ойго чөмүлүп көпкө отурду. Башына түрмөктөлгөн түбү жок ойлор улам-улам келе берди. Тиги булак суусу жыйналып, көлмө болуп, алда качан музга айланган.

Ошол көлгө жакын жашаган үйдөгү эне таш боорундагы мончосуна от жагып коюп, кичинекей небереси экөө айдын жарыгына чагылышып, тонгон көлмөнүн бетин карап отурушту. Көл да тынч. Көлдүн чет жакасы күн сайын калыңдайт. Небересин алып, ойлуу отурган кемпирдин оюн көчөдөн келген машиненин үнү бузду. Машинеден түшкөн кемпирдин баласы ылжыган мас болчу. Энесин көргөн бала бирдемелерди булдуруктап кыйкырып кирди. Анын үнү бүт айылдын тынчтыгын бузду.

– Алда балам ай, дагы не балекет башталды, – деп машинеге карай чуркады. Жанындагы чачы сепсейген небереси да кошо ээрчиди. Мындай көрүнүш бүгүн эле эмес, күн сайын кайталанат. Мындай учурда энеси баласын мончого жуунганга киргизчү. Бүгүн анын жуунганга да алы келбей калган сыягы. Үйгө киргизгенге тиги шофёрдон жардам сурады. Эптеп, экөөлөп үйгө киргизишип, төшөгүнө араң жаткырышты. Байкуш эне баласынын айкырып, кыйкырса да, алдап-соолап, садага кетип, уктатууга аракет кылып жатты. Баарын байкап турган кичинекей кыз:

– Таэне, тагам күн сайын неге ушинтип келет? Эрте менен сага белек алып келем дебеди беле?

– Алда кагылайын ай, белекти өзүм алып берем. Сен тынч отуруп тур, тагаң уктап калсынчы. Кыз тынчып калды. Өзүнчө балалык баёо сезиминде эмнелерди гана ойлободу. Кечке ойноп, үстү-башы кир, чачы таралбаган бойдон бат эле уктап калды.

Тиги баласы көпкө чейин тынч жатпай, энесин көпкө убарага салды.

Тээ бир оокумда араң уйкуга кетти. Эне баласынын жүзүнө карап, мындан жыйырма жыл мурунку жакшы күндөрүн эсине алды. Акырын туруп мончонун жанына келди да, баятан бери убараланып, кыйналганына капа да болуп кетти. Мончону да атайын ушул баласы үчүн жакпады беле. Көмүр жүктөп, кир болуп келсе, жылуу-жумшак жуунуп алсын дегени го. Аны аракка тоюп келген баласы кайдан билмек эле. Капкара кир кийимдери менен жатып калбадыбы. Үйдүн ичи арак жыттанып чыкты. Энесинин эмгегин ойлоп да койбойт. Куру убадаларды бергенден да тажабады. Үй бүлөсүнүн кетип калганы, бул үчүн эч нерсе эместей. Келинчеги да ушун үчүн чыдабай кетип калбады беле...

Аттиң, жыйырма жыл мурда жашоо башкача эмес беле... Жолдошу экөөнүн жаз айында көлдүн боюна өрдөк, каздарды бакчу эмес беле... Алардын үйүнүн жанында, сыртта сөөрүсү боло турган. Ошол сөөрүдө беш бала менен чурулдашып, аларды эркелетип, багып чоңойткон эле. Мына ушуларды ойлоп, жаш толгон көзүн көлдөн албай отурду.

Эмнегедир жолдошуна болгон сагынычы артып, кур кыялга жетеленип, тээ өткөн бактылуу жаштыгына да барып келди. Оо анда экөө балдарынан үмүтү, жакшы тилектери чоң эле. Көлдө түндөсү бакалар чардап, өрдөк-каздардын көл ичинде жүргөнү Айдын жарыгында даана көрүнчү. Түнкү

сулуулукка суктанышып, бакчасынан бышкан мөмөлөрдү терип келип, дасторконго коюп, маашырлана жеп отурушчу, атаганат! Мына ушуларды ойлоп отуруп баякы кызын да унутуп коюптур. Эстей коюп, чуркаган бойдон үйгө кирди. Бышылдап уктап жаткан небересинин чачынан сылады.

– Садагаң кетейин, сенин апаң да көзү тирүү болгондо минтип менин көзүмдү карабай, бактылуу өмүр сүрмөк элең го. Апаң сени бутуна тургузам деп жүрүп, орус элинен сөөгү келбедиби, аттиң!.. Жараткан мени ушинтип бир уул, эки кыздан ажыратып койбодубу. Алардын кайгысын көтөрө албай жүрөгү кармап, аталары да артынан кетпедиби...Эми минтип чычкандай кыздын көзүн карап, ушунун аманчылыгын тилеп отуруп калбадымбы! Кемпир көзүнөн салаалап аккан көз жашын жеңинин учу менен сүрттү. Эне кайгырган сайын тиги көлдөгү музга Ай нурун чачыратып, каңырыгы түтөп турган эненин көңүлүн алгансып, асмандан атайылап энеге карап жылмайып тургансыды.

– Жаркыраган шооладан кагылайын, канчалаган жылдар мага жарык нуруңду чачып, менин татаал тагдырыма, түйшүгүмө күбө болуп келесиң. Сенин жарык нуруңду көргөндө баардык кыйынчылыгым унутулгансыйт. Капалыгымды да, кайгымды да жалгыз сени менен гана бөлүшөм.

Эне бир азга Айды карап туруп, акырын басып, үйгө кирди. Үйдүн ичи да көңүлсүз, кирпичтен жасалган электр печка. Ошол печкага эптеп нанын, тамагын да жасайт, чайын да кайнатат. Арактын жыты буркурап, коңуругун кош тартып баласы кир кийимдери менен бейкапар уктап жатат. Көзүнүн астында ыйлагандан калган издери менен уктап жаткан небересин акырын карап койду. Канткен менен эч нерсе өзгөрчүдөй эмес. Дагы эле кайталанчу окшош күндөр өтө берет тура.

Өмүрдүн кымбаттыгын, жашоонун ырахатын сезбей, баласы күн сайын арак ичмек менен убара. Атаганат, кана ушулардын баарын түшүнгөн бала! Соо кезинде айтса түшүнсө да, түшүнгүсү келбейт. Жакшынакай өзүнө жарашкан кызды алып келип, анын да баркына жетпеди, ичип жүрүп кетирип тынды. Эми минтип ушундай жашоону тандап алды. Кантсин байкуш эне, элден намыстанат, уялат. Ошентсе да бир күнү оңолор деген жакшы үмүтү үзүлбөй келет. Небересин тиктеп отуруп, акыркы жолу кызы менен сүйлөшкөнүн көп эстейт. "Эне, кызым кыйналган жокпу? Жакында жолго чыгам. Баары жакшы болот. Эне жакшы акча иштедим, буюрса белек ала барам", – деп көпкө сүйлөшкөн эле...

"Кызым батыраак кайт, "Бөтөн жерде бий болгончо, өз элиңде кедей бол" – дегендей өз элде жүргөнгө не жетсин балам!" - дегенин эстеди. Ошол сүйлөшкөндөн бир жума өткөндө Самара-Бишкек багытындагы поездге отурганын кабарлаган. Небереси экөө кубанычтары койнуна батпай, өздөрүнчө даярдана башташкан. Мына эми жашообуз оңолот го деген үмүт оту жанган. Бирок ошол кубаныч узакка созулбады. Эки-үч күн өткөндөн кийин суук кабар келбедиби...

Ал учурда иштеген акчаны котоpуу бир аз кыйынга турчу. Кызынын жанындагы көп акчаны байкап калышкан мыкаачылар поездде өлтүрүшүптүр. Энелик жүрөгү эзилип, ичинен кан жутуп сыздап турса да, аргасыз кайгыга чыдады. Аны бул бала түшүнбөйт экен. Бир өзү көөдөнүндөгү кайгысын батыра албай жүрөт. Дагы кандай жаратkандын сыноосу күтүп турат деген кыязда Айды карайт. Тагдырдын көптөгөн катаал жолун басып өтпөдүбү... Ошентип бүгүнкү түн да бүтүп, жашоонун дагы жарык таңы атып келе жатты. Жер кадимкидей жарып, Күн кылайып чыгып келе жатканда,

баласы уйкудан ойгонду. Тура калып, башынын ооруганына чыдабай кыйкыра баштады.

– Эне пулуң барбы? – деди.

– Кайдагы пул балам, пенсиям бүтүп, келерки айды күтүп отурбайымбы, – деди кемпир акырын кобурап.

– Жок дегенде жыйырма сомуң да жокпу, өлүп баратам. Кайдан алсаң да мага жыйырма сом таап бер!

– Кечээ көмүр жүктөбөдүң беле, акчасын кайда жумшадың?

– Ой билбейм, калган жок. Эне эмне десе да, баары бир айтканынан кайтпай, акча талап кылып жатты.

Аңгыча эле кошуналар айылдагы маарекеге жөнөшкөнүн айтышты. Байкуш эне да жоолугун салынып, алар менен кошо жөнөдү. Көп өтпөй баласы артынан барып, биреөлөрдөн чакыртып жатты. Айласыз сыртка чыкты. Кир болгон капкара түрү менен келиптир. “Жыйырма сом берчи, болбосо биреөдөн болсо да сурап чык”, – деп көшөрүп турду. Эне байкуш кантсин, бербесе мунун кетер түрү жок. Аргасыз чөнтөгүндөгү акыркы жыйырма сомун берип жатып күбүрөнүп алды.

– Алда балам ай, деги качан ичкениң токтойт! Үйдө жегенге эч нерсе жогун билсең да баары бир экен сага. Эне кайра кошунаныкына кирип кетти. Үйдөгү аялдар бака-шака болуп, аркы-беркини сүйлөшүп отурушту. Байкуш эненин маанайы суз болуп, арманын эч кимге айталбай, ичтен сызып отурду. Ичинен небересин ойлоду, дасторкондон үч момпосуйду алып чөнтөгүнө салып койду. Тамак ичилип бүткөндөн кийин баары үйлөрүнө тарады. Үйдө небереси жалгыз күтүп отурганын эстеп, бат-баттан басып көңүлсүз үйүнө келди. Жааган карлар ала-шалбырт эрип, жол суу болгондуктан галошунан ным өтүп кетти. Муздак үйдө сепсейген небереси жалгыз отурган. Анын ыйламсыраган

түрүн көргөн эненин заманы куурулуп, өзүнчө сүйлөнүп да жатты.

– Караң калгыр бул турмуштун азабы качан бүтөт, жаным жанчылып бүтмөй болду го, – деп небересинин жанына келди.

Чөнтөгүнөн баягы алып келген канпетин небересине сунду.

Мындан улуу баласы шаарда турушат. Аларга арманын айтканда не. Баары бир майнап чыкпасын беш колдой билет. Анткени, келининин кыялы чатак, кырс мүнөз. Алар шаарга көчүп кеткени, айылга бут баспай калышкандыктан, алардан үмүт да кылбай калбадыбы...

Баарынан үмүтүн үзүп, ушул сексейген небересинен жакшы тилектерди күтүп калды. Кээде өзүн өзү күнөөлөп да кетет. Балдарды ушунчалык эрке өстүрүп койдумбу деген суроого өзү жооп таппайт. Өзүн уга турган бир уулу менен эки кызын жаратканга тапшырып, минтип кайгы жутуп, тагдырдын катаал күнүн көрүп отурбайбы. Ичиндеги түтөгөн арманын бөтөн адамга айтканда не пайда. Ошондуктан кээде божурап ушул небересине айтат. Атаганат, ушу кичинекей кыз аны түшүнсө кана, түшүнгөндө эмне келет колунан. Бар арманын түндөсү асмандагы Ай менен ушул көлгө гана айтат. Таң эрте күн чыкканча таш үстүнө отуруп көл менен сырдашат. Түндөсү Ай менен сүйлөшөт. Небереси экөө көпкө жарыгын чачкан Айга көздөрүн тигип, терең ойго батышат. Ай алыста болсо да бул эки армандуу жандын көздөрүн муңайып карагансыйт, өзүнө тигилген көздөрдү аягансыйт. Арман дүйнө!!! Ай нуруна тигилген көздөрдө качан кубанычтын оту жанаар экен. Эрбеңдеген эки караан үйгө кирип уктаганча, Ай да алар үчүн жарыгын чачкандай...

* * *

## ЖАЛГЫЗ КЕПТЕР

Кадырбек эми эле мектебинен келип, сумкасын үйгө калтырып, сырттагы кеч күздүн аптабына актанып отурчу чоң энесинин жанына барды.

– Жакшы баа алып келдиңби? – деди чоң энеси.

– Ооба, чоң эне. Чоң энеси үйдүн чатырында конуп отурган эки кептерди көрсөттү.

– Карачы тиги эки кептерди. Булар биздин үйүбүздүн чатырына күн сайын келишет. Экөө тең апапак болуп сулуу, ынтымактуу экен, – дегенде, таң кала караган Кадырбек:

– Чоң эне, булар каякта жашашат? Анан булардын уясы каякта? Неге булар биздин чатырга келишет? Алар жапайы канаттууларга киришеби? Небересин жылмая караган чоң эне:

– Бул кептерлерди үйдө да багышат. Алар адамдарга жакын жашашат. Негизи үйгө канаттуулардын келгени жакшы нерсе, үйгө береке алып келишет, – деп ага түшүндүрдү.

– Чоң эне булар бир-бири менен кантип сүйлөшөт?

– Албетте, өздөрүнүн тилинде сүйлөшүшөт. Алар абдан ынтымактуу болушат. Адамдар аларга жем чачып багышат. Ошон үчүн мен да жем чачып койсом, жеп алышып, анан бийикке көтөрүлүп, канаттарын жайып, каалаганча учуп келишет.

– Чоң эне булар сизге эрмек турбайбы ээ? Эми мен да сиз менен бирге жем берип, жакшы карайбыз. Анан сиз аларга алаксып отурасыз. Тууралы? – деп кудуңдап койду.

Чоң эне менен небереси өздөрүнчө кобурашып отурган учурда Кадырбекти кошуна бала көчөгө ойноого чакырды. Кадырбек чуркаган боюнча Тилектин жанына барды да, эки

кептер жөнүндө божурап айтып берди. Кызыга түшкөн Тилек:

– Кептериңдин бирөөсүн мага сатпайсыңбы? – деди шашкалактап.

– Жок Тилек, эмнеге сатмак элем. Чоң энем аларды карап, алаксып отурат да.

– Бирөөсүн эле сатчы мага?..

– Алар деген түгөйү менен жашаш керек да, – Экөө көпкө тартышты. Жанын койбогон Тилек Кадырбекке 100 сом берди. Араң көнгөн Кадырбекке Тилек майда-чүйдө алдырып, экөө отуруп жешти:

– Эми кечинде кептердин бирөөсүн алып кетем, – деди Тилек. Эмне дээрин билбеген Кадырбек буйдаланып:

– Чоң энем бербейт го, – деди.

– Сенден 100 сомго сатып алдым го, бересиң.

Кадырбек да:

– Аны ортодо жебедикпи? Тилек кептер биздин үйдө эле тура берсин.

– Жок, бересиң, – деди тилек көшөрүп. Тилек Кадырбектен эки жашка улуу болчу. Кадырбек 4-класста, Тилек 6-класста окуша турган. Ошон үчүн да Кадырбек алданып калбадыбы...

– Эгер кечинде кептерди бербесең, көчөдөн өтүшүңдү ойло! – деген Тилек Кадырбектин башына бир коюп, ары басып кетти.

Көздөрүнөн аккан жашты эч кимге көрсөтпөй, Кадырбек үйүнө барып жатып алды.

"Чын эле Тилек кептерди сатып алдыбы? Мени алдап койду ээ?" деп көпкө ичинен ойлонуп жатты. "Эми чоң энеме эмне дейм?"

Ошол бойдон убараланып, кечинде чыгып, эки кептерди карап отурган чоң энесин аяп кетти.

Кадырбек үй-бүлөсү менен кечки тамакка отурушкан. Бир маалда сырттан "Кадырбек" деп кыйкырган үн чыкты. Кадырбек чуркап чыгып караса Тилек туруптур.

– Мен кептерге келдим, алып кетем, – деди.

– Алар бийикте турушат, чатырдын тактайында. Ала албайсың.

– Жоок, короодон шаты алып чык. Түнкүсүн алар эч кайда кете алышпайт, тuурабы?

Кадырбек эмне дээрин билбей апкаарып калды.

– Бол эми, 100 сом алгансың туурабы?

Кадырбек унчукпай:

– Эртең келчи, анан аласың, – деп аны араң узатты.

Үйгө кирип тамак да жебей ойлуу отурду. Кептерди бергиси келбегенин айта албады.

– Кадырбек, эмне тамак жебей отурасың? Же, табитиң жокпу? Жей кой балам, – деди энеси ойлуу отурган баласына. Кадырбек ичинен 100 сомду алганына өкүндү. Үйдөгүлөргө айта албай, улам чоң энесин карап коёт. "Эми Тилекке эмне дейм. Берип койсом кептер жалгыз калат да"- деп ичинен ойлонуп отурду.

Түнкүсүн чырактын жарыгын карап отурган апапакай кептерлерди карап жатып уйкуга кетти. Анткени терезеден кептерлер Кадырбекке көрүнүп турчу. Түшүнө да кирди. Экөө бийик-бийик көкөлөп учуп жүрүшүптүр. Күндүзү алар каалаган жагына учуп, кечинде кайра уясына келишти. Чоң энеси да Кадырбектен "Келдиби" деп сурап калды. Жем чачып койгун деди. Кадырбек оңтойсуздана "макул" деди. Кайрадан эле баягы ойлор. "Тилек кайра келсе эмне дейм чоң энеме" – деген ойлор менен кыйналды. Ар кандай шылтоолор менен кептерлерди бербей бир жума жүрдү. Тилек да күндө сурап келгенин койбоду.

– Кадырбек, бери кара, – деп эми эле тамакка отурганда кайра чакырды. Кадырбектин артынан чоң энеси да кошо чыкты.

– Кел балам, эмне болду?

– Кадырбек мага кептердин бирин саткан, ошону сурап келдим, – деди Тилек.

Таң калган энеси:

– Эмне дейсиң? Койгулачы, Тилек, талаадан келген кептерлерди эмнеге сатмак эле? – деди чоң эне.

– Чын, мен Кадырбекке 100 сом бергем. Чынбы? Эми кептерди алып кетем. Кадырбек ошол 100 сомду экөө майда-чүйдө алып, чогуу жегенин айтып, көзүн жашылдантты. Анан: “Экинчи кайталабайм чоң эне”, - деп энесин кучактап ыйлап жиберди.

– Койсоңорчу, ушундай кантип болсун? Бул кептерлер экөө бири-бири менен өтө ынтымактуу. Аларды бөлүп салсаңар кандай болсун? Ай балдарым, ай! Баласыңар да. Эч нерсе эмес балдарым.

– Ме балам 100 сомуңду ал, кептерди сурабай эле кой. Силер деген акылдуу, ынтымактуу балдарсыңар. Мындай кылбагыла кагылайындарым, – деди чоң эне. Тилек 100 сомду чөнтөгүнө салды да, үйүнө кетти.

Эки кептер ордунда отурушат. Аны карап коюп Кадырбек менен чоң энеси чайга отурушту. Кептерлер да Кадырбек жаткан бөлмөнү карап отурушат.

– Чоң эне, эми алданбайм. Канча күндөн бери сизге айталбай жүргөм, – деди ичинен сүйүнгөн бала. Көңүлү тынчтанып, бүгүн сабактарын да ойлонбой жасады.

– Кептерлеримди эч кимге бербейм. Анткени чоң энем да аларды жакшы көрөт да, – деп өзүнчө кобуранып, сабагын жасап бүтүп, кептерлерге тигилген бойдон уктап

калды. Ошондон көп өтпөй эле кептерлердин бири келбей калды. Таң калган Кадырбек Тилекке барды.

– Кептерлердин бири жок, келбей калды?..

– Бибейм, – деди Тилек. Кадырбек ага ишенбей кайра сурады.

– Билбейм, балким башка балдар алгандыр. И баса, мен билем, тиги өйдөңкү көчөдөгү балдар бир кептерди кармап, аны капаска салып коюптур деп уккам. Бирок каерде экенин билбейм. Кадырбек: “Тилек айткан үчүн кармап алышкан го”- деген ойго кетти. Тилек тызылдаган бойдон өйдөңкү көчөгө карай чуркады. Бара жатып: ”Кайсы бала кармап алды экен. Канаттууну да капаска салабы” – деген ойлор менен алпурушту. Кадырбек көчөгө жетип, бир нече баладан сураштырды. Баары эле “Билбейбиз” деп жооп беришти. Кадырбек көңүлсүз үйгө кайтып келди. Кептер дагы эле жалгыз отуруптур. Кадырбекке кептер абдан капалуу көрүндү. Көчөгө ойноп чыкты. Балдар баары оюн менен алаксып жаткан. Кадыр кептери жөнүндө ойлонот. Тилектин жанына барып:

– Тилек, кептер бүгүн да келген жок.

Анда Тилек:

– Тиги айылдагы Бексултан мага өзү айтты. Кептердин бири ошолордо экен. Аны капаска салып коюптур. Сендеги кептер ошол капастагы кептерге барып, кечке отурат экен да, кечинде үйүңөргө келет экен.

– Бексултан деген ким?

– Тиги өйдөңкү мектепте окуган бала, – деди Тилек ийнин куушуруп. Мен анын үйүн деле билбейм. Мындай эле тааныймын.

– Акылсыз! Эмнеге капаска камайт? – деген бойдон чоң энесине келди.

– Кептердин бирин тиги айылдагы Бексултан деген бала капаска камап коюптур, – деди ыйламсырап.

– Ай балдарым, ай. Эмнеге капаска салып коюптур? Каап, бала деген бала экен да. Салса экөөн бирге салбайт беле!

– Чоң эне, мен ал баланы таба албай койдум, деди небереси сумсайып.

Тиги жалгыз калган кептер күн сайын капастагы кептерге барып, кайра учуп келип жүрдү. Кадырбек Бексултанга абдан жини келип турду.

– Мейли балам, эми мунусун жакшылап карай бер, бир күнү чыгып калаар. Чоң энеси Кадырбектин көңүлүн алган болуп койду.

Кадырбек өзүнүн балалык баёо сезиминде: "Бексултан кептерди жакшы көрүп кармап алгандыр, бир күнү боору ачып чыгарып жиберет, көрөсүң го", – деп, тиги жалгыз отурган кептерге сүйлөп жатты. Кептер да сөзгө түшүнгөсүп, акырын үн чыгарып койду.

– Ооба балам, бир күнү сөзсүз келет, – деди чоң энеси кубаттап.

Ошондон бери күн сайын кеч болгондо чогуу учуп келер деп күтүп жүрдү.

– Эх! Бийиктеп экөө кошо сабалап учушчу эмес беле. Бексултан капастан бир күн чыгарып калса, кайрадан бирге учушат го, – деген үмүт менен ойго батып кетет. Эгер Бексултандын үйүн билсе барып алып келмек. Капастан бошонуп, келип калса, экөөнүн бирге учканын көрүп чоң энеси менен карап алып, абдан суктанышмак.

Бир күнү Бексултан окуган мектепке барып, кептерин бошотуп келүүнү ойлоп жатты.

## КАРЫНДАШЫМА АК ЖОЛ

Эми кайра келбес күндөр андагы,
Эзип жүрөк, жетпес ошол күн калды.
Элестетип өскөн жерди эскерип,
Издене бер, жазып жаңы ырларды.

Эргүү келип жаңы ырлар жазылсын,
Таланттарың ташкын болуп агылсын.
Жамангулдун жаман сары бир кызы,
Жазгандарың чачыладай чачылсын.

Ак тилектен агаң сага арнаган,
Ырлар жазып колго калем кармаган.
Көп чыгарма жазганыңды күтөмүн,
Аман жүргүн көп ичинде садагам.

Ак жол каалайм ак тилектен ыр сунуп,
Оргуп аккан булагыңда олтуруп.
Узун өмүр, чың ден-соолук каалаймын,
Тогуз-Булак булагыңдай туптунук.

***Сулайманкул Исраилов***

*Тогуз-Булак айылы.*

## МАЗМУНУ


Баш сөз ........ 3
Ак жол сага – Разия ........ 6
Сакталган уя ........ 8
Талкаланган тагдыр ........ 25
Суутга агылган сүйүү ........ 66
Өчпөгөн сезим ........ 77
Өмүр күрөшү ........ 103
Атамдын портрети ........ 110
Жолугушуу (этюд) ........ 112
Энесай элестери ........ 114
Ай нуруна тигилген көздөр ........ 125
Жалгыз кептер ........ 131
Карындашыма ак жол ........ 137

Разия Алимова

# САКТАЛГАН УЯ

Редакторлор: *Алмазбек Козубаев,*
*Канназарова Каньшай*
Корректору *Канназарова Каньшай*
Калыптоочу *Үмөткул Иманкулов*

Басууга 17.04.2024-ж. кол коюлду.
Форматы А4. Көлөмү 8,75 б. т.
Нускасы 500.

«Кырсекон» БИ басылды.
Бишкек, Кең-Суу к., 78. Тел. 0555 92-72-90



## АЛИМОВА РАЗИЯ

1960-жылы Лейлек районуна караштуу Тогуз-Булак айылында жарык дүйнөгө келген. Билими орто. Үй бүлөлүү, уул-кыздардын, неберелердин сүйүктүү апасы. Чыгармачылыкка бала кезден бери аралашып келет. Анын алгачкы ырлары райондук "Алга" гезитине жарыяланып жүргөн.1983-жылы Сүлүктү шаардык көмөкчү мектебинде китепканачы болуп эмгектенген. Андан кийин башка тармактарда иштеп жүрүп, азыр ардактуу эс алууда. Разия чыгармачылыкка 2020-жылдан баштап баш оту менен киришкен. "Поэзия Ордосу" бирикмесинин 6,7,8,9-китептерине, "Илегилек назымдары" бирикмесинин "Лейлек кайрыктары", "Карегимде мекен чеги" аттуу китептерине ырлары жарыяланган. Жакында эле өзүнүн "Өмүр күзү" аттуу жеке автордук китеби жарык көрдү. Разия А.Осмонов фондунан "Алтын диплому", грамота, дипломдору менен, "Янги овоз" бирикмесинин "Мыкты калемгер" жана башка көптөгөн грамоталар менен сыйланган. Учурда Бишкек шаарында жашап, кара сөз майданында аракеттенип жатат.